И.Арабаев атындагы КМУ
Педагогика институту

Башталгыч мектепте кыргыз, орус тилдерин
окутуунун технологиясы кафедрасы

**А. Акунова, Б. Чокошева, Г. Эшимбекова**

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ. МОРФОЛОГИЯ

*(Жогорку окуу жайдын педагогика факультетин сырттан окуган студенттер үчүн кошумча окуу куралы)*

Бишкек 2009

**УДК 811.51**
**ББК 81.2Ки**
**А 44**

*Рецензиялагандар:* филология илимдеринин доктору,
профессор К.Т.Токтоналиев;
педагогика илимдеринин кандидаты,
профессор К.Сартбаев;
педагогика илимдеринин кандидаты,
профессор А.Мураталиева;
КББАнын ага окутуучусу
Т.Асанакунов.

**Акунова А.Р. ж.б.**
**А 44** **Азыркы кыргыз тили. Морфология:** Жогорку окуу жайдын студ. үчүн. А.Акунова, Б.Чокошева, Г.Эшимбекова – Б.: 2009.- 150 б.

**ISBN 978-9967-04-327-5**

Кыргыз тилинин грамматикасынын бир бөлүмү болгон тилдин морфологиясын окутууга арналган бул кошумча окуу куралы сырттан окуган студенттин өз алдынча изденип билим алуусу үчүн лекциянын курсун, көнүгүүлөрдүн жыйнагын, грамматикалык талдоонун үлгүлөрүн, текшерүү иштердин темаларын жана тесттердин варианттарын камтыйт.

**А 4602000000-09** **УДК 811.51**
**ISBN 978-9967-04-327-5** **ББК 81.2 Ки**

© А.Акунова, Б.Чокошева,
Г.Эшимбекова, 2009

# БАШ СӨЗ

Бул окуу куралы жогорку окуу жайларынын башталгыч билим берүү педагогикасы адистиги боюнча билим алып жаткан студенттерге арналат.

Китепте азыркы кыргыз тилинин морфология бөлүмү боюнча илимий-теориялык материалдар тил илиминдеги болуп жаткан жаңылыктарды камтуу менен жана аталган адистик боюнча окуу программасын жетекчиликке алуу менен иштелип чыкты.

«Азыркы кыргыз тили» предмети башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу эң негизги предметтердин бири болуп саналат, ал эми аны окутуунун негизги максаты-эне тилинин теориясын терең үйрөтүү.

Бул окуу куралында кыргыз тилинин теориясын, анын ичинде морфология бөлүмүн талаптагыдай өздөштүрүүгө өбөлгө түзүүчү лекциянын тексттери, бөлүмдүн темаларына ылайык практикалык көндүмдөргө машыгуу үчүн көнүгүүлөр, суроо-тапшырмалар, студенттердин билимин текшерүүгө арналган тесттердин варианттары, текшерүү иштердин темалары берилди. Ошондой эле теориялык жактан алган билимдерин бышыктоо үчүн сүйлөмгө морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби жана үлгүлөрү, ар түрдүү дидактикалык материалдар сунушталды.

Бул окуу китеби келечектеги башталгыч класстардын мугалимдерине эне тилинин теориялык материалдарын терең өздөштүрүп, аларды практикада колдонууда көмөкчү болот деген ойдобуз.

# 1-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Кыргыз тилинин грамматикасы

Маселелер:

1. **Грамматика жөнүндө жалпы маалымат.**
2. **Грамматиканын түрлөрү, бөлүмдөрү.**
3. **Грамматикалык маани, грамматикалык каражат, грамматикалык форма, грамматикалык категория.**

1. Лингвистикада фонетика, лексикология сыяктуу негизги бөлүмдөрдүн бири болуп грамматика эсептелет. «Грамматика» терминин грекчеден которгондо «окуу жана жазуу өнөрү» дегенди туюндурат. Грамматика тил илиминде төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

- ✓ Сөздөрдүн өзгөрүш формаларын, түзүлүшүн, сөз айкашын жана сүйлөмдөрдүн типтерин үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы;
- ✓ Кандайдыр бир тилдеги сөздөрдүн, сөз айкаштарынын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшү;
- ✓ Сөздөрдүн өзгөрүшүнүн өз ара айкашынын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнүн белгилүү бир тил үчүн берилген эрежелеринин жыйындысы.

Демек, ар бир тилдин грамматикасы тил менен бирге пайда болуп, анын өнүгүшү менен кошо өзгөрүүгө учурап, өз сапатын жакшыртып, нормаларын тактаган нечен доорлордун жемиши болуп саналат.

2. Максаты, милдети, изилдөөлөрдү камтуу объектиси жана жазылыш стили боюнча грамматиканын бир нече түрлөрү бар:

**Нормативдик грамматика** тигил же бул тилдин түзүлүшүн, андагы илимий жактан толук далилденген талашсыз эрежелерди өз ичине камтыган грамматика болуп эсептелет. Буга мектептерге, орто окуу жайларга, жогорку окуу жайларга, жогорку окуу жайларга арналган грамматикалар кирет. Мындай грамматикалар өкмөт тарабынан бекитилген атайын программалардын негизинде жазылат.

Нормативдик грамматикалардын алда канча өркүндөтүлүп, тилдин түзүлүшүн терең анализдеп, бардык маселелерин камтыган, атайын тематикалык, ысымдык, терминдик ж.б. көрсөткүчтөр менен жабдылган басылмасы **академиялык грамматика** деп аталат.

**Илимий грамматикада** тилдин түзүлүшүндөгү тигил же бул кубулуштар ар тараптуу илимий көз караштардын негизинде тереңдетилип, ар кандай талаш-тартыш маселелери менен кошо берилет. Илимий иликтөөлөрдүн мүнөзүнө жараша ал **тарыхый грамматика** жана **сыпаттама грамматика** деп экиге бөлүнөт. Тарыхый грамматика  (диахрондук грамматика деп да аталат.) тилдин грамматикалык түзүлүшүн тарыхый өсүп-өнүгүш процессинде териштирет. Сыпаттама грамматика (дескриптивдик грамматика деп да аталат) тилдин түзүлүшүндөгү ар түрдүү кубулуштардын бардыгын азыркы учурдун гана көз карашынан туруп баштан-аяк иликтеп чыгат.

**Салыштырма грамматика** тектеш тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылыктар менен айырмачылыктарды аныктоо максатын көздөп, өз ара салыштырууларды жүргүзөт. Мунун байыркы жазма эстеликтердин материалдардын пайдалануу менен иликтөөлөрдү жүргүзгөн салыштырма-тарыхый грамматика деген өзгөчө түрү да бар.

Салыштырма грамматиканын бир түрү болуп тектеш эмес тилдердин материалдарын салыштырып изилдеген грамматика эсептелет. Мындай грамматика тектеш эмес тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылык жана айырмачылыктарды иликтеп, жалпы тил илиминдеги айрым теориялык маселелердин чечилишин көздөйт.

**Грамматиканын бөлүмдөрү.** Грамматика бири-биринен изилдөө максаты жана изилдөө алкагы боюнча айырмаланган эки бөлүмдөн турат.

**Морфология** – тилдин грамматикалык курулушунун алгачкысы. Ал сөздүн грамматикалык касиеттерин ачып, изилдеп үйрөтөт. Сөздүн курамын, сөз жасоонун жолдорун, сөз түркүмдөрүн окутат.

**Синтаксис -** тилдин грамматикалык курулушунун андан аркысы. Анда сөз айкаштары, алардын типтери, айкашкан

сөздөрдүн өз ара карым-катыш байланыштары, сүйлөм, сүйлөмдүн түзүлүшү, түрлөрү, мүчөлөрү окутулат.

3. Сөздөр лексикалык маани (сөздүн керт башына гана тиешелүү) менен катар грамматикалык мааниге да ээ болушат. Мисалы:

| Сөздөр | Лексикалык маани | Грамматикалык маани |
|---|---|---|
| **Жазуучу** | Чыгарма жаратуучу адам | Заттын аты, атооч жөндөмөсүндө, жекелик санда, конкреттүү |
| **Жылкы** | Минүүгө, жүк сүйрөөгө ылайыктуу мал | Заттын аты, атооч жөндөмөсүндө, жекелик санда, конкреттүү |
| **Жылдыз** | Асмандагы көп сандагы тело | Заттын аты, атооч жөндөмөсүндө, жекелик санда, конкреттүү |
| **Жаздык** | Адамдын башына жаздалуучу жумшак нерселерден жасалган буюм | Заттын аты, атооч жөндөмөсүндө, жекелик санда, конкреттүү |
| **Жибек** | Кыздын аты | Заттын аты, атооч жөндөмөсүндө, жекелик санда, конкреттүү |

Демек грамматикалык маани дегенибиз-айрым сөздөрдүн керт башына гана тиешелүү болбостон, алардын бүтүндөй бир тобуна тиешелүү болгон жалпыланган маани. Грамматикалык маанилер экиге бөлүнөт:

- ✓ Жалпы категориялык грамматикалык маанилер;
- ✓ Жеке грамматикалык маанилер.

Жалпы категориялык грамматикалык маанилерге төмөнкүлөр кирет: заттык маани, белгилик маани, сын-сыпаттык маани, сан-өлчөмдүк маани, кыймыл-аракеттик маани ж.б.

Жеке грамматикалык маанилерге жөндөмө, сан, жак, таандык, чак, ыңгай, мамиле, даража ж.б. маанилер кирет.

Сөз түрдүү формада өзгөрүлүп кетсе да андагы жалпы категориялык маанилер грамматикалык маани өзгөрбөй кала берет. Ал эми жеке грамматикалык маанилер болсо өзгөрүлө берет. Мисалы: ук, уктук, уккула  деген сөз формаларынын баарында тең кыймыл-аракеттик маани (жалпы категориялык маани) сакталып турат да, жеке грамматикалык маанилер өзгөрүп кеткен: ук (буйрук ыңгай, 2-жак, жекелик сан, келер чак маанилери), уктук  (башталгыч ыңгай, 1-жак, көптүк сан, өткөн чак маанилери), уккула ( буйрук ыңгай, 2-жак, көптүк сан, келер чак маанилери).

Грамматикалык маанилер тиешелүү **грамматикалык каражаттар** аркылуу туюндурулат. Алар:

- ✓ **Уланды мүчөлөр**:барам **(-ым),** кызыңа **(-ың,-а),** уулунун **(-ы,-нын)** ж.б.
- ✓ **Кызматчы сөздөр:** сиз **жөнүндө,** келечек **тууралуу,** ошол **го**, ал **үчүн**, үйдү **көздөй** ж.б.
- ✓ **Сөздүн лексика -грамматикалык маанилер боюнча топторду түзүшү:** кагаз, суу, асман, буудай, кайчы-заттык маанилер; тур, бас, кыймылда, сүйлө, жүрү-кыймыл-аракеттик маанилер; жети, тогуз, кырк, жетимиш, токсон-сан-өлчөмдүк маанилер; жашыл, кызгылтым, күрөң, боз, ак- сын-сыпаттык маанилер ж.б.
- ✓ **Интонация:** Мен, Мен? Эмне? Бол! Кош! Өш! ж.б.
- ✓ **Басым**: Сатып бересиң. (буюруу маанисинде айтылды); Сатып бересиң! (Өкүм буюруу маанисинде айтылды) ж.б.

Грамматикалык каражаттар сөздүн грамматикалык формаларын уюштурат. Демек, ар кандай грамматикалык маани сөзсүз түрдө белгилүү грамматикалык формалар менен ишке ашат.

Сөздүн бир же бир нече жеке грамматикалык маанилер боюнча бири-биринен айырмаланган түрлөрү анын грамматикалык формалары деп аталат. Мисалы: **китеп, китептин, китепке, китепти, китепте, китептен, китеби, китебиң, китебим, китебиме, китебибиз, китептер** деген сөздөрдүн бардыгы **китеп** деген сөздүн эле ар түрдүү формалары. Бардыгында эле тең сөздүн лексикалык мааниси сакталып турат, бирок ар биринде ар башка грамматикалык маанилер бар.

Ошентип грамматикалык формалар сөзгө жаңы грамматикалык маани алып келет, бирок жаңы лексикалык маани жарата албайт.

Кээ бир сөздөр өзгөрүлбөй турган бир гана грамматикалык формада болот. Мисалы: **менен, жана, боюнча, жөнүндө, го, эх, эй, ж.б.**

Тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулуп, бири-биринен айырмаланган жекече грамматикалык маанилердин жыйындысы **грамматикалык категория** деп аталат. Кыргыз тилинин грамматикасында сан, жак, чак, жөндөмө, таандык, ыңгай, мамиле ж.б. категориялар бар.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Грамматика деген эмне?
2. Грамматиканын түрлөрү жана бөлүмдөрү кайсылар? Алардын изилдөө обьектилери.
3. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилеринин айырмасы кандай?
4. Грамматикалык маанилерди туюндуруучу каражаттар.
5. Грамматикалык форма жана грамматикалык категория.
6. Лекциянын материалдарына байланыштуу схема, таблица, кластер, венддин диаграммаларын түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Грамматикалык түзүлүш.
2. Материалдык жактан туюндурулган жана материалдык жактан туюндурулбаган формалар.
3. Грамматика боюнча жазылган эмгектер тууралуу.
4. Грамматикалык категориялар боюнча карточкаларды түзгүлө.
5. Б.Орузбаеванын «Лингвистикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгүнөн» пайдаланып, лекцияда кездешкен терминдердин маанисин ачып, жазып алгыла.

# 2-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Кыргыз тилинин морфологиясы, анын изилдөө объектилери

Маселелер:

1. **Кыргыз тилинин морфологиясы, анын изилдөө объектилери жөнүндө жалпы түшүнүк.**
2. **Сөз түркүмдөрү жөнүндө жалпы түшүнүк.**
3. **Сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн принциптери.**

1.Тил илиминде грамматика морфология жана синтаксис аттуу эки бөлүмдөн турат. «Морфология» термини гректин «morphe» (форма) жана «logos» (окуу, илим) сөздөрүнөн келип чыгат да, «грамматикалык форма жөнүндөгү илим» деген түшүнүктү билдирет. Бирок морфология жеке эле сөздөрдүн формасын изилдөө менен гана чектелбестен, сөздүн формасы аркылуу туюндурулган грамматикалык маанилерди изилдеп үйрөтөт.

Мисалы: тоо, тоонун, тоого, тоодо, тоодон жана ушул өңдүү бардык бирдиктер морфологияда бир сөздүн ар башка формасы деп каралат да, алардын маанилериндеги өзгөчөлүктөр тастыкталат: тоо - атооч жөндөмөдөгү заттын атын билгизет; тоого - барыш жөндөмөдөгү багытты көргөзөт; тоодо - жатыш жөндөмөдөгү орунду туюндурат.

Сөздөр морфологияда лексика-семантикалык жана грамматикалык бөтөнчөлүктөрүнө карай жалпылаштырылып, чоң-чоң топторго, сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлөт, алардын мүнөздүү категориялары менен белгилери аныкталат.

Морфологиялык талдоонун төмөнкү чеги морфема менен аныкталса, жогорку чеги сөз менен аныкталат. Ал эми морфема деп сөз тутумундагы маани берүүчү эң кичине бирдик аталат. Морфологиянын жогорку чеги сөз жана сөздүн грамматикалык формасы менен бүтөт. Демек, морфология сөздүн чегинен тыш бирдиктерди изилдебейт, тилдин грамматикалык түзүлүшү да морфологиядан башталат. Морфологиянын негизги изилдөө объектилерине сөз тутуму жана сөз түркүмдөрү, алардын категориялары кирет.

Кыргыз тилинин морфологиясы алгач мектеп окуучулары үчүн К.Тыныстанов тарабынан жазылып, 1934-жылы жарыкка чыккан. Анда кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү менен сүйлөм курулушуна да орун берилген, сөздүн тутуму бир топ терең талданып көрсөтүлгөн. Сөз түркүмдөрүн атоочтор жана этиштер деп эки чоң топко бөлүштүрүп, алардын ар бирин андан ары тутумдук түзүлүшү боюнча топторго ажыратып окуткан. Ушунун өзүнөн эле алгач кыргыз тилинин морфологиясы башка тилдердин таасирисиз иштелип чыккандыгын байкасак болот. Себеби К.Тыныстановго чейин үлгү аларлык, багыт берерлик окуу китептер, башка эмгектер жазыла элек болучу.

Кыргыз тилинин морфологиясы боюнча окуу китеп (1964-жана 1980-жылкы академиялык грамматикаларды эске албаганда) С.Давлетов, С.Кудайбергеновдор тарабынан даярдалып, 1980-жылы басылып чыккан. 1997-жылы «Сорос-Кыргызстан» фондунан И.Абдувалиев, Т.Садыковдун окуу китеби жарык көргөн. И.Абдувалиевдин «Кыргыз тили» аттуу 2003-жылы чыккан эмгегинде бир катар тактоо, толуктоолор киргизилип, сөз түркүмдөрү кайра терең иштелип чыккан.

2. Сөздөр лексикалык маани менен катар грамматикалык мааниге да ээ болушат. Кандайдыр ойду туюндуруу үчүн сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп, сүйлөмгө айланат. Сөздөрдүн сүйлөм түзүүдөгү мындай касиеттери грамматикалык маанилердин жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат. Грамматикалык маанилер сөздүн лексикалык маанисин өзгөртпөйт, аны ар түрдүү кырдаалдарга ылайыкташтырат. Мисалы: окуучу, мектеп, оку деген сөздөрдүн ар бири өзүнчө лексикалык мааниге ээ болуп турат. Окуучу - мектеп жашындагы окуп, билим алуучу бала же кыз; мектеп - ошол балдар, кыздар окуп билим ала турган жай; оку - билим алуу ж.б. Эми ушул сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп, сүйлөм болуп, ойду туюндурду дейли:

**Окуучу/лар мектеп/те оку/ш/а/т.**

Көрүнүп тургандай, бул сүйлөмдө **окуучу, мектеп, оку** деген үч сөздүн лексикалык мааниси сакталып, бири-бири менен карым-катышка түшүп, грамматикалык маанилерге ээ болду.

Тактап айтканда, аталган сүйлөмдөгү **окуучу** - зат атооч, **мектеп** - зат атооч, **оку** – этиш.

Грамматикадагы борбордук түшүнүктүн бири - сөз түркүмдөрү. Сөздөрдүн баары эле мааниси, формасы менен жасалышы жана синтаксистик функциясы боюнча бир өңчөй боло бербейт. Маселен, бир катар сөздөр заттарды билгизип, жөндөмө, таандык, сан, жак боюнча өзгөрүлсө (зат атоочтор), экинчилери кыймыл аракетти билгизип чак, жак, ыңгай ж.б.(этиштер) боюнча өзгөрөт. Заттардын ар кандай белгилерин билгизип, даражалар боюнча өзгөргөн сөздөр (сын атооч) да, сан жөнүндөгү түшүнүктү туюндурган сөздөр (сан атооч) да бар. Зат, сан, сын жөнүндөгү түшүнүктү атап көрсөтпөгөнү менен маанилерди өтө эле жалпылаштырып туюндурган сөздөр (ат атооч) да кезигет. Ушул өңдүү өзгөчөлүктөрүнө карай сөздөр морфологияда негизги топторго – сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт.

Тилдеги сөздөрдү лексика-грамматикалык белгилерине карай топтоштуруу сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн атайын принциптерине ылайык ишке ашырылат. Кыргыз тилинде сөздөр сөз түркүмдөрүнө маанилик, морфологиялык жана синтаксистик принциптердин негизинде топтоштурулат. Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрү төмөнкүдөй эки топко бөлүнөт:

**Маани берүүчү сөз түркүмдөрү**: зат атооч;
сын атооч;
сан атооч;
ат атооч;
этиш;
тактооч.

**Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү**: тууранды сөз;
сырдык сөз;
байламта;
жандооч;
бөлүкчө.

Ал эми морфология боюнча жарык көргөн И.Абдувалиевдин «Кыргыз тили» аттуу соңку окуу китебинде сөз түркүмдөрү үч топко бөлүнүп каралат, б.а. тууранды жана сырдык сөздөрдүн лексикалык мааниге ээ болгону менен,

синтаксистик аткарган кызматына карай талдап, өзгөчө сөз түркүмүн киргизет:

| | |
|---|---|
| **Маани берүүчү сөз түркүмдөрү**: | зат атооч; |
| | сын атооч; |
| | сан атооч; |
| | ат атооч; |
| | этиш; |
| | тактооч. |
| **Өзгөчө сөз түркүмдөрү**: | сырдык сөздөр; |
| | тууранды сөздөр. |
| **Кызматчы сөздөр:** | байламталар; |
| | бөлүкчөлөр; |
| | жандоочтор; |
| | модалдык сөздөр. |

Булардын ичинен маани берүүчү же негизги сөз түркүмдөрү өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарат, кээде сүйлөм да боло алат.

Сөздөр жеке, өз алдынча колдонулуш, толук түшүнүктү бериш даражасына, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин өз алдынча аткара алыш өзгөчүлүктөрүнө карай негизги сөздөр жана кызматчы сөздөр деп экиге бөлүнөт.

**Негизги сөздөр** зат, сын, сан, кыймыл – аракет жана башкалар жөнүндө толук (даана) түшүнүк берет; жеке, өз алдынча сүйлөм же сүйлөм мүчөсү боло алат. Буларды башка сөздөр менен байланыштырбай, жеке өз алдынча колдонууга, суроо берүүгө да болот. Негизги (же маани берүүчү) сөздөргө зат, сын, сан, ат атоочтор, тактоочтор, тууранды сөздөр кирет. Ошондуктан бул сөз түркүмдөрү негизги сөз түркүмдөрү деп аталат.

**Кызматчы сөздөр** толук түшүнүктү билгизе албайт, жеке, өз алдынча сүйлөм мүчөсү да болуп түшпөйт. Буларга суроо да берилбейт. Мисалы: менен, жана, го, да ж.б. Кызматчы сөздөргө байламта, жандооч жана бөлүкчөлөр кирет. Булар сөздөрдү, сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып же аларга кошумча маани киргизип турат. Ошондуктан бул сөз түркүмдөрү кызматчы сөз түркүмдөрү деп аталат.

**Өзгөчө сөз түркүмү.** Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөр жогорудагы эки топтогу сөз түркүмүнөн айырмаланып,

кишинин ички сезимин билдирет, же ар кандай дабыштарды, көрүнүштөрдү тuурап көрсөтөт. Бул топко кирген сөздөр лексикалык мааниге ээ болсо да, грамматикалык жактан өз алдынча турганда синтаксистик кызмат аткара алышпайт. Ошондуктан бул сөз түркүмдөрү өзгөчө сөз түркүмдөрү деп аталат.

3.Грамматикадагы борбордук түшүнүктөрдүн бири-сөз түркүмдөрү экендигин билдик. Эми сөздөрдү тилдеги табиятынын ар түрдүүлүгүнө ылайык чоң-чоң топторго, б.а. сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү кандай принциптерге негизделет деген суроо туулат. Андай бөлүштүрүү үчүн сөз түркүмдөрүн классификациялоонун принциптери жетекчиликке алынат. Ал принциптер төмөнкүлөр:

- ✓ Семантикалык принцип;
- ✓ Морфологиялык принцип;
- ✓ Синтаксистик принцип.

**Семантикалык же маанилик принцип.** Сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн өтө байыркы жана эң негизги принциби болгон бул принцип кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүдө да башкы ролду ойнойт. Сөздөрдү жалпы категориялык грамматикалык маанилери боюнча топтоштуруу  бул принциптин негизги мазмунун түзөт. Мисалы, жалпы категориялык заттык маани ар кандай нерселердин, жаныбарлардын, кишилердин, жер-суу обьектилеринин, асман телолорунун, буюмдардын, абстрактуу түшүнүктөрдүн аттарын жалпылаштырып, аларды өзүнчө бир түркүмгө бириктирет. Ошондуктан, адам, суу, күн, кой, бакыт, саат ж.б. сөздөрдүн чоң тобу лексикалык маанилери боюнча өз ара бири-биринен айырмаланса да зат атооч деген сөз түркүмүнө кирет.Ал эми жалпы категориялык кыймыл-аракет, сын-сыпат, сан-өлчөм ж.б.у.с.маанилердин астракцияланышы, жалпылаштырылышы башка сөз түркүмдүрүнүн пайда болушуна алып келген.

**Морфологиялык принцип.** Бул принцип сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүдө сөз өзгөртүүчү системасын жетекчиликке алат. Анткени сөздөрдө маанилик белгилери менен кошо сырткы турпатындагы ар кандай өзгөрүү өзгөчөлүктөрү болот, б.а. жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай, даража, сан ж.б. грамматикалык категориялар боюнча

өзгөрүү же өзгөрбөө өзгөчөлүктөрүнө жараша топторго бөлүнөт. Кайсы бир сөздөрдүн тигил же бул сөз түркүмүнө жатарын семантикалык принцип аныктай албаса, морфологиялык принцип жардамга келет.

**Синтаксистик принцип.** Бул принцип сөздөрдүн синтаксистик кызмат аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык сөз түркүмдөрүнө тактык, аныктык киргизет. Мисалы, зат атооч сөздөрдүн сөз айкашындагы, сүйлөмдөгү аткарган кызматтары этиш, сын же сан атоочтордун сөз айкашындагы, сүйлөмдөгү аткарган кызматтары менен дал келбейт. Ошондуктан бул принципте сөз түркүмдөргө бөлүштүрүү сөздөрдүн синтаксистик кызматына, башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгүнө, ал сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдоруна (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык) жана алган ордуна негизделет.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Морфологиянын изилдөө обьектилери жана маселелери кайсылар?
2. Кыргыз морфологиясы кимдер тарабынан жазылган?
3. Сөз түркүмдөрү деген эмне? Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн классификацияларын ата.
4. Сөз түркүмдөргө бөлүштүрүү кандай принциптерге негизделет жана алардын өзгөчөлүктөрүн ачып бер.
5. Морфология жана сөз түркүмдөрү боюнча схема, таблица, кластер түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Кыргыз морфологиясынын изилдениш тарыхынан.
2. Морфологиянын тилдин башка бөлүмдөрү менен болгон байланышы.
3. Морфологияны өздөштүрүүнүн практикалык мааниси эмнеде?
4. Сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүдөгү логикалык принцип (Аристотелдин классификациясы).
5. Түрк, славян ж.б.тилдериндеги сөз түркүмдөрүнүн классификацияларынан.
6. К.Дыйкановдун «Кыргыз тили таблица түрүндө» деген эмгеги менен таанышкыла.

## 3-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Сөздүн тутуму

Маселелер:

1. **Сөз тутуму жөнүндө жалпы маалымат.**
2. **Морфема жана анын түрлөрү.**
3. **Уңгу жана негиз.**
4. **Курандылар жана уландылар.**

1. Сөз - тилдин эң негизги материалдык бирдиги. Сөздө анын ички табиятын мүнөздөгөн маани-мазмуну жана сырткы турпатын мүнөздөгөн тыбыштык түзүлүшү болуп, бири-биринен ажырагыс эки тарабы бар. Сөздөрдүн сырткы турпатын анын тыбыштык түзүлүшү, муун түзүлүшү жана морфемалык түзүлүшү аныктайт. Сөздүн тыбыштык түзүлүшүн - фонетикада, сөздүн муундук түзүлүшүн - лексикологияда үйрөндүк. Ал эми сөздүн морфемалык түзүлүшү - морфологияда окутулат.

Кыргыз тилиндеги сөздөр ар бири өз алдынча мааниге жана кызматка ээ болгон мүчөлөрдөн турат. Сөздүн тутумундагы мына ушул мүчөлөр анын морфологиялык жактан түзүлүшүн шарттайт.

2. Жалпы лингвистикада сөз мүчөлөрүн морфемалар деп аташат. **Морфема** сөздүн андан ары тутумдарга (мүчөлөргө) бөлүнбөй турган эң кичинекей морфологиялык бирдиги болуп эсептелет. Мисалы: «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деген макалдагы ар бир сөз төмөнкүдөй морфемалардан (мүчөлөрдөн) турат: **кыз-дуу** (2 морфема), **үй-дө** (2 морфема), **кыл** (1 морфема), **жат-па-й-т** (4 морфема).

Кээ бир сөздөр морфемаларга ажырабайт, б.а. тутумунда бир эле морфема болот: **ой, сан, тоо, жылкы, кайт, ут, ме, ээ, суу, алты, тарых** ж.б.

Кээ бир сөздөр болсо, тарыхый өсүп-өнүгүшү, б.а., келип чыгышы изилденип, белгилүү болгондо гана морфемаланат. Мисалы: **сүйлө** деген сөз эки морфемадан турат. Биринчиси-**сөз,** экинчиси-**ла** (салыштыр:өзбекче **сузла**).

Ал эми көпчүлүк сөздөр кыргыз тилинде оңой эле морфемаларга ажырайт. Мисалы: **ук-та, жаа-н-да, китеп-кана-чы-лар, бас-тыр-ма** ж.б.

Кыргыз тилинде маани-мазмундук белгилери боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турган морфеманын үч түрү бар. Алар: **уңгу, куранды, уланды**.

**Уңгу**-сөздүн эң негизги морфемасы, лексикалык маани берип, андан ары ажырабай турган бөлүгү. Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маанини да туюндурат. Уңгу туюндурган грамматикалык маанилер көбүнчө жалпы категориялык маани болуп, сөздүн лексикалык маанисине жакын келет. Ошондуктан уңгуну семантикалык морфема деп да аташат.

Кыргыз тилиндеги уңгу өз алдынча сөз болуп да кызмат кыла алат. Мисалы: адеп, адеп-түү,адеп-сиз; эмгек, эмгек-чил, эмгек-тер-ге ж.б.

Кыргыз тилиндеги уңгулар маанисине карай эркин уңгу жана байланышма уңгу деп эки топко бөлүнөт.

**Эркин уңгу**- кошумча морфеманын жардамысыз эле, өз алдынча сөз катары колдонула берет. Мындай уңгулар куранды же уландылар уланган түрдө да, уланбаган түрдө да кезиге берет: алтын, акыл-дуу-лар, кагаз-га, мурас-кор, кант, күлкү-лүү ж.б.

**Байланышма уңгу**- кепте кошумча морфеманын жалганып турушу аркылуу гана колдонулуучу уңгу: мык-чы, мыкы-й, тегере-к, тоголо-к ж.б. Байланышма уңгулар кыргыз тилинде абдан аз.

Сөздүн уланды мүчөсүн алып салгандан калган бөлүгү **сөздүн негизи** деп аталат. Сөздүн негизи туруктуу болбойт, анын негиз экендиги конкреттүү сүйлөмдө же текстте гана белгилүү болот. Кыргыз тилиндеги сөздүн негизи уланды мүчөлөрдү гана эмес, куранды мүчөлөрдү да кабыл алууга жөндөмдүү келет. Мисалы: Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска. Мында **акылдуунун** деген сөздүн негизи **акылдуу** (-нын-уланды мүчө). Рыскул карынын өзгөчө сапаты катары анын **акылмандыгын** айтар элем. (Сөздүн негизи-**акылмандык,** уңгусу-эки мисалда тең **акыл** болот).

Кыргыз тилиндеги сөздүн негизи түзүлүшү боюнча **тубаса негиз** жана **туунду негиз** деп экиге бөлүнөт.

Лексикалык мааниси жана түзүлүшү боюнча андан ары тутумдарга ажыратылбаган негиз **тубаса негиз** деп аталат. Мисалы: кыз, комуз, айт, тур, беш, кызыл, жылдыз, узун, кыска ж.б.

Тутумунда куранды мүчөсү бар, башкача айтканда, куранды мүчө аркылуу жасалган негиз туунду негиз деп аталат. Мисалы: комузчу (-чы куранды), айтыш (-ыш куранды), билимдүү (-луу куранды) ж.б.

Тубаса негиз сөздүн уңгусуна дал келет. Ал эми туунду негиз сөздүн уңгусуна дал келбейт. Мисалы: Билимдүүнүн билими кишиге жугат. Мындагы 1-2-сөздүн негизи туунду негиздер - **билимдүү жана билим**, ал эми уңгулары **бил** деген сөз. 3-4-сөздөрдүн негизи тубаса негиздер – **киши жана жук,** алар уңгу менен дал келет.

Морфологиялык жол менен жасалышы сөздөрдүн негизинен башталат, себеби ар кандай куранды мүчөлөр негизге жалганат. Андан соң уланды мүчөлөр уланат.

4. **Курандылар** сөздүн тыбыштык турпатын гана эмес, лексикалык маанисин да өзгөртөт. Жаңы лексикалык маани, жаңы сөз жаратат, б.а. курандылар сөз жасай турган касиетке ээ. Кыргыз тилинде курандылар абдан көп. Алар зат атоочтун курандылары, сын атоочтун курандылары, этиштин курандылары жана тактоочтун курандылары болуп бөлүнөт.

- ✓ Зат атоочтун курандылары**:-кана,-лаш,-лык,чы,-чылык,-кер,-кеч, -кор, -поз, -стан,-тай,-ча,-чык,-стан** ж.б.
- ✓ Сын атоочтун курандылары: **-луу, -сыз, -дай,-лык, -лащ,-чыл,-чан,-кер, -кор, -поз, -көй, -дар, -дак** ж.б.
- ✓ Этиштин курандылары: **-а, -ай, -ла, -ар, -ла, -лан, -лаш, -сыра, -ык, -ал, -ар, -сы,-сын, -гансы, -гыла, -лык** ж.б.
- ✓ Тактоочтун курандылары: **-ча, -лап,-чылап, -лай, -чалык, -сын, -лата, -ата, -та** ж.б.

Сөз жасоо кызматынын мүнөзүнө жараша куранды мүчөлөр өнүмдүү курандылар, аз өнүмдүү курандылар жана өнүмсүз курандылар болуп ажырайт.

**Өнүмдүү курандылар** ар кандай сөздөрдөн сөз жасоого жөндөмдүү болуп, абдан көп сөздөрдү жасай

берет. Зат атоочтун –чы курандысы: сүрөтчү, кызматчы, жумушчу, койчу, жолчу, катчы, уйкучу ж.б. Этиштин –ла курандысы: ойло, ыйла, бийле, бойло, жайла, суула ж.б.

**Аз өнүмдүү курандылар** саналуу гана сөздөрдү жасайт. Мисалы:-мер: ишмер, сөзмөр; -дар: кабардар, карыздар, кусадар, жарадар ж.б. –анак: сүзөнөк, кабанак, тебенек ж.б.

**Өнүмсүз курандылар** тилдин азыркы жашап турган этабында сөз жасабайт, жасаса да бирин-экин гана сөздү жасайт. Буларды сөздүн тутумунан ажыратуу бир топ кыйын, көбүнчө тарыхый жактан аныкталып мүчөлөнөт. Мисалы: -кел, -дач, -тык, -шык жеген курандылар: эткел, кырдач, жантык, кыйшык деген сөздөрдү гана жасайт.

**Уландылар** сөздүн лексикалык маанисин өзгөртпөйт. Алар сөзгө жалганып, анын грамматикалык маанисин өзгөртүп, сөздүн ар түрдүү формаларын жасайт.

М: ата+ым=атам, ата+ыбыз=атабыз,ата+нын=атанын ж.б.

Кыргыз тилиндеги уландыларга жөндөмө мүчөлөрү, таандыктын мүчөлөрү, көптүк сан мүчөсү, жак мүчөлөрү, чак мүчөлөрү, мамиле мүчөлөрү, ыңгай мүчөлөрү, терс маани мүчөсү, суроо маани мүчөсү кирет. Булардын ар бири жалганган сөзгө тиешелүү грамматикалык маанилерди гана өзгөртүп, лексикалык мааниге таасир тийгизбейт.

Кыргыз тилинде сөздүн тутумундагы мүчөлөр белгилүү орун тартип менен келет. Анткени түрк тилдерине мүнөздүү болгон агглютинация кубулушу боюнча уңгудан же негизден кийин маанилик тартип менен сөз мүчөлөрү биринин артынан бири жалганып келе берет. Демек, дайыма биринчи орунда уңгу, андан соң куранды, уландылар жалганып кетет.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сөздүн тутумун үйрөнүүнүн теориялык жана практикалык маанисин түшүндүргүлө.
2. Сөздүн тутуму кандай бөлүмдөргө ажырайт?
3. Морфема деген эмне? Анын кандай түрлөрү бар?
4. Уңгу менен негиздин, курандылар менен уландылардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын венддин диаграммасы аркылуу көрсөткүлө.
5. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, карточкаларды түзгүлө.

**Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн темалар:**

1. Сөз мүчөлөрү.
2. Ээрчиме жана ээрчибес мүчөлөр.
3. Атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби.
4. Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби.
5. Сөздөргө сөз тутуму боюнча талдоо жүргүзгүлө.
6. Ж.Мукамбаев, А.Осмонкуловдун «Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү» (Фрунзе,1979) эмгеги менен таанышкыла.

# 4-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Сөз жасоо

Маселелер:

**1. Тил илиминдеги сөз жасоо маселеси.**
**2. Сөз жасоонун жолдору.**
**3. Жөнөкөй жана татаал сөздөр.**

1. **Сөз жасоо.** Пикир алмашуу карым-катышындагы эң негизги тилдик бирдик - сөз. Сөздөрдүн бара-бара эскирип, унутулуп калары, алардын маанилеринин өзгөрүп кетиши, маанилердин көбөйүп кетиши жана жаңы сөздөрдүн да пайда болушу тууралуу лексикологияда айтылган. Тилдин лексикалык корунун жаңы сөздөр менен улам толукталып байый бериш процесси тиешелүү морфологиялык көрүнүш аркылуу, башкача айтканда, сөз жасоо аркылуу ишке ашат.

Сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары да каралат. Өзбек лингвисттери, мисал үчүн, сөз жасоону лексикология, грамматика сыяктуу эле бөлүм деп кабыл алып грамматика жазышкан.

Кыргыз тилинде Ж. Шүкүров, Б. Орузбаева, С. Кудайбергеновдор атайын илим-изилдөө иштерин жүргүзүшүп, монографиялар жарыялашкан. Айрыкча академик Б. Ө. Орузбаева кыргыз тилиндеги сөз жасоо проблемаларын өтө терең изилдеп, анын теориялык маселелерин, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалыш жолдорун ачып көрсөткөн.

Сөз жасоо чынында эле лексикология менен морфологиянын экөөнө тең жакын. Анын лексикологияга жакындыгы тилдеги лексикалык байлыкты иликтейт. Сөздөрдүн кантип жасалып, кайдан келип каларын, лексиканын толукталуу мыйзамдарын ачып көрсөтөт. Ал эми морфологияга жакындыгы создөрдүн жасалышында алардын тутумдук түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү көрсөткөндүгүндө жатат. Сөздүн морфологиялык жол менен жасалышында да, синтаксистик жол менен жасалышында да анын тутумдук түзүлүшү иликтенбей калбайт. Ошентип, сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү болсо деле, морфологиянын сөздүн тутуму деген бөлүмү менен

ажырагыс биримдикте каралат. Анткени, ар кандай сөздүн жасалышында грамматикалык каражат катары эсептелген курандылар да, бири-бири менен биригип бир сөз болгон уңгулар да сөздүн тутумундагы мүчөлөр **(морфемалар)** болуп саналат.

Жандуу көрүнүш болуп эсептелген тилдин сөздүк корунда өзгөрүүлөр болуп, өнүгүү процесси жүрүп турат. Себеби, турмуш бир ордунда, бир калыпта болбойт. Адамзат ар качан алдыга, жакшы жашоого, дүйнөнү дагы да терең таанып-билүүгө умтула берет. Демек жаратылыш сырларын улам жаңыдан тереңдете өздөштүрүүлөр, табияттын таанып-билине элек жактары адам акылына туруштук бере албай таанылa, билине берет. Ал эми бул процесстер ар бир жаңы ачылыштардын, жаңыдан таанылып-билинген жаратылыш сырларынын тилибиздеги жаңыча аталыштары менен коштолуп жүрүп олтурат. Башкача айтканда, лексика толукталат. Албетте, лексика мамиле-катнашта болгон тилдерден даяр сөздөрдү кабыл алуу менен да толукталат. Бирок, мындай процесске карганда тилдин өзүнүн ички ресурстары менен толукталуусу бир топ арбын жана мол болот. Тилдин өзүнүн ички табиятына ылайык жаңы сөздөр жаралат. Куранды мүчөлөр ишке кирет, эки же андан көп сөздөр бир маани жаратуу үчүн биригишет. Ошентип, морфологиялык процесс жүрөт.

Демек, тил илиминде сөз жасоо эки мааниде колдонулат:

- ✓ тилдеги атайы каражаттар аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышынын белгилүү мыйзам тартиби, эрежелери, жолдору;
- ✓ жаңы сөздөрдүн пайда болушу тууралуу илим.

2. Кыргыз тилинде жасалаган сөздөр бир топ арбын. Алардын ар кандай жолдор менен жасалгандыгына, сөздөрдүн жасалыш ыгындагы айырмачылыктарга карата кыргыз тилинде сөз жасоонун эки жолу болот: сөз **жасоонун морфологиялык жолу** жана **соз жасоонун синтаксистик жолу.** Тил илиминде айтылып жүргөн сөз жасоонун **лексика-семантикалык жолу** лексикалык маанилер алкагында каралып, лексикологиянын объектисине жатат.

## Сөз жасоонун морфологиялык жолу

Негизге куранды мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун **морфологиялык жолу** деп аталат. **Мисалы:** саанчы, илимпоз, энелик, түймө, тоют, тончон, ырда-, сана-, байы-, көбөй-, көнүк-, тамчыла-, тарсылда-, чыркыра- ж.б. сөздөр тиешелүү куранды мүчөлөрдүн жардамы менен б.а. морфологиялык ык менен жасалды.

Сөз жасоонун морфологиялык жолу менен жасалган туунду сөздөр кыргыз тилинде абдан көп. Морфологиялык жол менен сөз жасай турган курандылар да мол. Аларга биз ар бир сөз түркүмдөрүн өтүүдө кеңири токтолобуз.

## Сөз жасоонун синтаксистик жолу

Эки же андан көп сөздөрдүн биригиши аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун **синтаксистик жолу** деп аталат. **Мисалы:** агайын, кайната, бүгүн, айбалта, кумшекер, ашказан, үй-жай, ата-бала, кыз-кыркын, курал-жарак, баш бак, кол кой, көз сал, Сагыналы, Мукамбеткалый, Сатыбалды, Ак-Кыя, Онбиржылга, Чатыр-Көл ж.б. сөздөр эки (үч) сөздүн биригип бир маани бериши аркылуу жасалган, башкача айтканда, сөз жасоонун синтаксистик жолу менен жасалган. Кыргыз тилинде мындай ык менен жасалган сөздөр өтө көп. Синтаксистик жол менен жасалган сөздөр - татаал сөздөр. Ошондуктан, төмөндө татаал сөздөрдүн түрдүү касиеттерине өзүнчө токтолобуз.

## Татаал сөздөр

Татаал сөздөр жөнөкөй сөздөрдөн тутумдук түзүлүшү менен айырмаланат. Бирок, булар деле тутумунда эки же андан көп сөз болгонуна карабай лексикалык бир гана маанини билдирет. Демек, татаал сөздөр сүйлөмдө сүйлөмдүн бир эле мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Түзүлүшү боюнча кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн үч түрү бар . Алар: **кош сөздөр, кошмок** сөздөр жана **кыскартылган** сөздөр.

## Кош сөздөр

Маанилик жактан жупташып келип бир гана лексикалык мааниге ээ болгон татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат. Мисалы: **күч-кубат, бала-чака, алдым-жуттум, алай-дүлөй, чымын-чиркей ж.б.**

Кош сөздөр түгөйлөрүнүн (компоненттеринин) берген маанилерине жараша өз ара топторго бөлүнөт.

1. Түгөйлөрүнүн бардыгы өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп турган кош сөздөр: ата-эне, жер-суу, короо-короо, таңгак-таңгак, өйдө-төмөн, кайгы-капа, жан-жаныбар, соода-сатык, кой-эчки ж.б. Кош сөздөрдүн бул тобун С. Давлетов андан ары дагы үчкө бөлгөн:

- ✓ **Карама-каршы кош сөздөр.** Булардын түгөйлөрү өз ара карама-каршы маанини билгизет: оң-терс, чоң-кичине, кары-жаш, улуу-кичүү, жакшы-жаман, асты-үстү, алды-арты, күн-түн, дос-душман ж.б.
- ✓ **Маанилеш кош сөздөр.** Булардын түгөйлөрү өз ара бирдей же бири-бирине эң эле жакын маанини билгизет: сак-саламат, аман-эсен, күч-кубат, жарды-жалчы, кедей-кембагал, алдуу-күчтүү, ачык-айкын ж.б.
- ✓ **Түркүмдөш кош сөздөр.** Булардын түгөйлөрүнүн мааниси антонимдик же синонимдик катышта болбойт, бир текке кирүүчү нерселерди билгизет: алма-өрүк (экөө тең жемиш), идиш-аяк (экөө тең буюм), курт-кумурска, аяк-табак, чымын-чиркей, музоо-торпок, кой-козу, кулун-тай ж.б.

2. Түгөйлөрүнүн бири өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло албаган кош сөздөр: аке-жаке, айыл-апа, жорук-жосун, жаман-жуман, жыт-жыбыр, жоон-жолпу, будуң-чаң, оңой-олтоң, кең-кесири, кийит-кечек ж.б.

3. Түгөйлөрүнүн бардыгы өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло албаган кош сөздөр: оргу-баргы,уйгу-туйгу, үрүл-бүрүл, илең-салаң, кым-куут, бака-шака, быт-чыт ж.б.

Кош сөздөрдү жалпы категориялык грамматикалык маанилерине карай да өзүнчө топторго бөлүштүрөбүз.

- ✓ Жалпылап топтоштуруу маанилерин билдирген кош сөздөр: бала-бакыра, эли-журт, агайын-тууган, жер-суу, чымын-чиркей, азык-түлүк, ыпыр-сыпыр ж.б.

✓ Болжолдоп чамалоо маанилерин билдирген кош сөздөр: беш-алты, бирин-серин, отуз-кырк, аз-маз, жарым-жарты ж.б.

✓ Чектөө, жиктөө маанилерин билдирген кош сөздөр: алды-арты, алыс-жакын, ак-кара, тарам-тарам, узун-узун, бетме-бет, жекеме-жеке, теңме-тең ж.б.

✓ Ойдун, процесстин кайталанышын, созулушун билдирген кош сөздөр: бара-бара, кайта-кайта, жыла-жыла, сылай-сылай, бырс-бырс, улам-улам, ыйлап-сыктап ж.б.

✓ Күчөтүү, сапатты арттыруу маанилерин билдирген кош сөздөр: чоң-чоң, узун-узун, көп-көп, түрмөк-түрмөк, машине-машине ж.б.

Кош сөздөр татаал сөздөрдүн башка түрлөрүнөн жазылышы боюнча араларына дефис (-) коюлушу менен да айырмаланат. Булар жупташып бириккен татаал сөздөр. Дефис-бириктирүү маанисине ээ. Дефис аркылуу кош сөздөрдүн эки же андан көп тутумдары биригип турат. Ошондуктан кош сөздөрдүн бардыгы дефис коюлуп жазылат.

## Кошмок сөздөр

Тутумдашкан эки же андан көп сөздүн (негиздин) ортосундагы синтаксистик байланыш мааниси солгундап же жоголуп, алар биригип лексикалык бир гана мааниге ээ болуп калат. Мына ушундай татаал сөздөр **кошмок сөздөр** деп аталат. Мисалы: айбалта, аткулак, балчелек, колжазма, ишбилги, аккөңүл, ачкүсөн, көккытан, көзайнек, демалыш, атбагар, орунбасар, Тилебалды, Салкын-Төр, Базар-Коргон ж.б.

Кыргыз тилинде кошмок сөздөр өтө эле көп. Алардын уюшулуш, куралыш, түзүлүш өзгөчөлүктөрү да өтө ар түрдүү. Анткени, кошмок сөздөр дээрлик бардык сөз түркүмдөрүн камтып, бир тобу эки башка сөз түркүмүнө жата турган сөздөрдүн (негиздердин) биригишинен келип чыккан.

Кошмок сөздөрдө экиден ашык лексикалык маанидеги сөздөр биригип, башка лексикалык маани жаратат да, башкача грамматикалык маанилердин куралышына негиз болуп кызмат кылат.

Кыргыз тилинде кошмок сөздөрдүн жазылышы да бир беткей эмес. Бир тобу бириктирилип жазылса, башкалары бөлөк-бөлөк жазьлат. Чынында эле **кулак сал, дит бак, кол**

**кой, ала кел, таап ал** деген өңдүү этиштерди, **кара сур, кызыл ала, кара курөң, мала кызыл** деген сыяктуу сын атоочторду, **он беш, отуз сегиз, эки жуз элүү алты, эки жарым** өңдүү сан атоочторду, **кимдир бирөө, кайсы бир, эч качан, эч кандай** сыяктуу ат атоочторду, **ар дайым, ар убак, алда кайда, алда качан** өңдүү тактоочторду, **ойлоп табуучу, башкы командачы, пайдалуу кен, кенже лейтенант, маданий турмуш, Кыргыз улуттук университети, Бириккен улуттар уюму** деген сыяктуу зат атоочторду бириктирип жазууга болбойт.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясында кошмок сөздөрдүн көпчүлүгүн бириктирип жазуу сунуш кылынган. Мисалы: **аткулак, аттиш, алакөөдөн, бакажалбырак, биртууган, бешилик, жетата, ишөргүү, көзайнек, колжазма, кызкуумай, күнкарама ж.б.**

## Кыскартылган сөздөр

Сөздөрдүн кыскартылып биригишинен жасалган татаал сөздөр **кыскартылган сөздөр** деп аталат. Мисалы: шаарком, профсоюз, КР, БУУ, КМУ, КМУУ, БГУ ж.б. Мындай сөздөр кыргыз тилинде анча көп эмес.

Сөздөр эки жол менен кыскартылып, бириктирилип, татаал сөздөр уюшулат.

✓ Сөздөрдүн тутумунан кыскартып бириктирүү аркылуу уюшулган кыскартылган сөздөр. Мисалы: облсот (областтык сот), райборбор (райондук борбор), филфак (филология факультети), педфак (педагогика факультети) ж.б.

✓ Баш тамгаларды бириктирүү аркылуу уюшулган кыскартылган сөздөр. Мисалы: БУУ (Бириккен улуттар уюму), КР (Кыргыз Республикасы), ИИМ (Ички иштер министрлиги) ж.б.

### Текшерүү үчүн суроолор:

1. Тилдеги атайын каражаттар аркылуу жаңы сөздөрдү жаратуунун мааниси эмнеде?
2. Сөз жасоо кандай эрежелерге баш иет?
3. Сөз жасоонун кандай жолдору бар?
4. Жөнөкөй сөздөр менен татаал сөздөр.

5. Кош, кошмок, кыскартылган сөздөрдүн табияты кандай?
6. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, карточкаларды түзгүлө.

**Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн темалар:**

1. Сөз жасоонун мааниси.
2. Сөз жасоонун тиби.
3. Аббревиатуралар.
4. Кыргыз орфографиясы боюнча татаал сөздөрдүн жазылышындагы өзгөчөлүктөр.
5. Б.Орузбаеванын «Сөздүн курамы» (Бишкек,2000) эмгеги менен таанышкыла.

# 5 – ЛЕКЦИЯ

## Тема: Зат атооч

Маселелер:

1. **Зат атооч сөз түркүмү жөнүндө жалпы түшүнүк.**
2. **Зат атоочтун грамматикалык категориялары.**
3. **Зат атоочтун түзүлүшү жана жасалышы.**

1. Зат атооч заттардын, кубулуштардын, окуялардын, түшүнүктөрдүн аттарын билгизет. Зат атоочтун морфологиялык белгилери төмөнкүлөр: жөндөмө менен жөндөлөт, жекелик жана көптүк санда айтылат, таандык мүчөлөр менен өзгөрөт, жак мүчөлөрүн кабыл алат.

Зат атоочтор синтаксистик жактан төмөнкү милдеттерди аткарат:

- ✓ **Ээлик:** Адам бакытты бекер жатып таппайт, эмгек менен табат. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.
- ✓ **Баяндоочтук:** Бирдин иши - чөл, миңдин иши-көл.
- ✓ **Толуктоочтук:** Ачууну акыл жеңет.
- ✓ **Аныктоочтук**: Адамдын акылы бардык нерсени жаратат.
- ✓ **Бышыктоочтук**: Айылда эң сонун жаңылыктар болуп жатат.

Зат жөнүндө билгизип, жөндөмө, сан, таандык, бир кыйласы жак менен өзгөргөн, сүйлөмдүн ар кайсы мүчөсү боло алган, ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү зат атооч деп аталат.

Зат атоочтор морфологиялык түзүлүшүнө карай **тубаса жана туунду**, заттарды атоо касиети боюнча **энчилүү жана жалпы, адамзаттык жана адамзаттык эмес**, табияты боюнча **конкреттүү жана абстрактуу**, түзүлүшүнө карай **жөнөкөй жана татаал** болуп бөлүнөт.

Андан ары морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон зат атооч сөздөр **тубаса зат атоочтор** деп аталат. Мисалы: ата, бала, кол, баш, тегирмен, Акыл, Сайкал, Нарын ж.б.

Туунду уңгу же бириккен уңгулардан турган зат атоочтор **туунду зат атооч** деп аталат. Булар курандылар аркылуу же

уңгу бирикмелери менен жасалган сөздөр болуп эсептелет. Мисалы: окуучу, жылкычы, китепкана, кийим, таята, кайнага, Ат-Башы ж.б.

**Жалпы аттар** бир тектеги заттарды, жан-жаныбарларды ж.б. жалпы жонунан бириктире атайт. Мисалы: гүл, дарак, токой, адам, түн, күлкү, тартип, карышкыр ж.б.

**Энчилүү аттар** кандайдыр бир тектеги заттардын, жан-жаныбарлардын ж.б. ичинен бирөөн бөлүп көрсөтөт, б.а. ал ат ошол затка энчиленип коюлат. Мисалы: Жамийла, Ажар, Данияр, Акбара, Кумайык, Бишкек, Түркия, «Манас» эпосу «Даңк» ордени, Марс ж.б.

Энчилүү аттар жекелик санда гана айтылат, жалпы аттар болсо жекелик жана көптүк санда айтыла берет. Кыргыз тилиндеги энчилүү аттар жалпы аттардан айырмаланып, дайыма баш тамга менен жазылат.

**Адамзаттык зат атоочтор** дайыма адамды билдирет, же адамга тиешелүү болот да, ким? деген суроого жооп берет. Мисалы: бала, байке, эже, карындаш, жеңе, студент, инженер, комузчу, Алтын, Майрам, Карабагышова ж.б.

**Адамзаттык эмес зат атоочтор** адамдан башка бардык зат атоочтор болуп, эмне? деген суроого жооп берет. Мисалы: аюу, коён, бүркүт, кызгалдак, булут, суу, бакыт, ой, санаа, Тайтору, Ташчайнар, Буудайык ж.б.

**Конкреттүү зат атоочтор** көз менен көрүп, кол менен кармап, элестерин, образдарын көз алдыга келтирүүгө мүмкүн болгон заттарды билгизет. Мисалы: алма, жүзүм, таш, кум, чагылган, жалбырак, жип ж.б.

**Абстракттуу зат атоочтор** көз менен ачык-айкын көрүүгө, кол менен кармап билүүгө мүмкүн болбогон, бирок ой жүгүртүү аркылуу аныктала турган заттык түшүнүктөрдү атайт. Мисалы: акыл, билим, ой, турмуш, мамиле, таасир, адамгерчилик, жакшылык, жамандык, жаңылык ж.б.

Зат атоочтор **морфологиялык** жана **синтаксистик** жолдор менен жасалат.

Ошентип, заттардын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн, ар кандай көрүнүштөрдүн, кубулуштардын аттарын билдирип ким? жана эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөр **зат атоочтор** деп аталат.

2. Зат атооч - атооч сөз түркүмдөрүнүн ичинен эң негизгиси. Кыргыз лексикасынын басымдуу бөлүгүн зат атоочтор түзөт. Зат атоочтор өзүнө гана тиешелүү сөз өзгөртүү системасына ээ, б.а. анын зат атоочко гана тиешелүү болгон жөндөмө, таандык категориялары бар. Мындан тышкары сан жана жак категориялары менен да өзгөрөт. Бул категориялардын ар бирине токтолсок.

**Жөндөмө категориясы** атооч сөздөрдү бири-бири менен же башка сөздөр менен байланыштырып, айтайын деген ойду түшүндүрүү үчүн сүйлөмдүн туура уюшулушун шарттап турат. Демек, зат атоочко гана эмес, заттык мааниде колдонулган учурда сын атоочко, сан атоочко, ат атоочко, кыймыл атоочко, атоочтуктарга да тиешелүү категория болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде жөндөмө категориясын түзүп турган алты жөндөмө бар. Алар:

| **Жөндөмө** | **Суроолору** | **Мисалдар** |
|---|---|---|
| **Атооч** | Ким? Эмне?<br>**-мүчөсү жок** | ата, шаар |
| **Илик** | Кимдин? Эмненин?<br>**-нын** | атанын, шаардын |
| **Барыш** | Кимге? Эмнеге? Каякка? Кайда?**– га** | атага, шаарга |
| **Табыш** | Кимди? Эмнени?<br>**–ны** | атаны, шаарды |
| **Жатыш** | Кимде? Эмнеде? Кайда? Каякта? **– да** | атада, шаарда |
| **Чыгыш** | Кимден? Эмнеден? Кайдан? Каяктан? **– дан** | атадан, шаардан. |

Бир сөздүн ар түрдүү жөндөмөлөр менен өзгөрүшү **жөндөлүш** деп аталат. Анын жөнөкөй жана татаал жөндөлүш деген эки түрү бар.

Таандык мүчөлөр уланбай турган сөздөрдүн жөндөмөлөр менен өзгөрүшү **жөнөкөй жөндөлүш** деп аталат. Жөндөлгөн сөздүн уңгусу өзгөрүүгө учурабайт. Уңгудагы үндүү,

үнсүздөргө жараша мүчөдөгү үндүү, үнсүз тыбыштар өзгөрүүгө учурайт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Атооч** | ини | бала-бакыра | шкаф | банк |
| **Илик** | ининин | бала-бакыранын | шкафтын | банканын |
| **Барыш** | иниге | бала-бакырага | шкафка | банкага |
| **Табыш** | инини | бала-бакыраны | шкафты | банканы |
| **Жатыш** | иниде | бала-бакырада | шкафта | банкада |
| **Чыгыш** | иниден | бала-бакырадан | шкафтан | банкадан |

(Кыргыз тилиндеги аягы **нк, ск, фт, кт, нг, нд, мн тыбыштары** менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү алардын аягына бир үндүү тыбыштын кошулушу менен жазылышы болбосо, жөнөкөй жөндөлүштөн айырмасы жок.)

Аягы таандык мүчөлөр менен аяктаган зат атоочтордун жөндөлүшү **татаал жөндөлүш** деп аталат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Атооч** | атасы | үйүбүз | китебиңер |
| **Илик** | атасынын | үйүбүздүн | китебиңердин |
| **Барыш** | атасына | үйүбүзгө | китебиңерге |
| **Табыш** | атасын | үйүбүздү | китебиңерди |
| **Жатыш** | атасында | үйүбүздө | китебиңерде |
| **Чыгыш** | атасынан | үйүбүздөн | китебиңерден |

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр берген маанилерине карай **грамматикалык жөндөмөлөр** жана **мейкиндик жөндөмөлөр** деген эки топко бөлүнөт.

**Мейкиндик жөндөмөлөрдө** турган сөздөр сүйлөмдөрдү кыймыл-аракеттин багытын, турган ордун же башталган жерин билдирет. Мисалы:

- ✓ **барыш жөндөмөсү** кыймыл-аракеттин багытын, барып тиер жерин билдирет;
- ✓ **жатыш жөндөмөсү** кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин билдирет;
- ✓ **чыгыш жөндөмөсү** кыймыл-аракеттин башталыш, пайда болуш ордун, мезгилин билдирет.

**Грамматикалык жөндөмөлөрдүн** болсо, мейкиндикке анча тиешеси жок. Булар ар кандай грамматикалык маанилерди билдирет Мисалы:

✓ **атооч жөндөмөсү** заттарды жөн гана атайт;

✓ **илик жөндөмөсү** заттардын таандык болуп айтылышын шарттайт;

✓ **табыш жөндөмөсү** заттарды объект кылып көрсөтөт.

### Сан категориясы

Заттардын көптүгүн же жекелигин туюндуруу зарылдыгынан келип чыккан категория зат атоочтун **сан категориясы** деп аталат.

Зат атооч атооч сөздөр жекелик жана көптүк санда айтылат. **Жекелик сан** заттын жалгыз экендигин билгизет да, атайын мүчөлөр аркылуу жасалбайт. Ал бир, жалгыз деген сөздөрдүн зат атоочко айкашы аркылуу туюндурулат**: бир китеп, жалгыз үй ж.б.**

Кыргыз тилинде жекелик жана көптүк санды бири-биринен айырмалап турган грамматикалык каражат көптүктүн **–лар** мүчөсү болуп саналат. Бул мүчө уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карата өзгөрүп 12 вариантта колдонулат: **-лар, -лер, -лор,-лөр, -дар,-дер,-дор,-дөр, -тар,-тер,-тор, -төр.** Мисалы: **үй-үйлөр, бала-балдар, китеп-китептер, шаар-шаарлар, тоо-тоолор ж.б.**

Көптүк маани төмөнкү жолдор менен да берилет:

✓ Жалпылоо маанисиндеги сөздөр: **эл, мал, калк ж.б.**

✓ Сан атоочтордун жардамы менен: **жүз китеп, отуз киши, миң баш, жыйырма оюнчук ж.б.**

✓ Кош сөздөр аркылуу: **короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы, чай-пай алуу ж.б**.

✓ **Көп, далай, толгон, бир топ, бир нече** деген сөздөр аркылуу: Көп киши келди. Далай жыл өттү. Бир топ иш бүттү. Бир нече убакыт керек.

**Жак категориясы.** Уланган сөзүнө баяндоочтук милдетти аткартып, ээнин кайсы жакта, кайсы санда турушуна ылайык баяндоочту ошол жакта, ошол санда өзгөрткөн мүчөлөр **жак мүчө** деп аталат. Сөздүн жак мүчөлөр менен өзгөрүшү **жакталыш** деп аталат.

Пикир алышууда сөздү айтып жаткан киши (1-жак) менен сөздү тыңшап жаткан киши (2-жак) аракетте болот. Пикир алышууга катышпагандар (3-жак) да болот. 1-2-жак дайыма адамзаттык заттар болот. Анткени пикир алышканда сүйлөп жаткандар адамдар гана болушат. Ал эми 3-жак адамзаттык да,

адамзаттык эмес да заттар боло берет. Ошондуктан кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор же затташкан сөздөр жак боюнча өзгөрөт. Мисалы:

| | |
|---|---|
| **Мен** студентмин | **Биз** студентпиз |
| **Сен** студентсиң | **Силер** студентсиңер |
| **Сиз** студентсиз | **Сиздер** студентсиздер |
| **Ал** студент | **Алар** студент (студенттер) |

**Таандык категориясы.**

Кыргыз тилинде зат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда да кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, кызың деген сөздөгү-ың мүчөсү ошол сөздү сүйлөп жаткан жакка (1-жакка) таандык экенин билдирсе, кызың деген сөздөгү -ың мүчөсү ошол сөздү угуп жаткан жакка (2-жакка) таандык экенин билдирет. Ал эми кызы деген -ы мүчөсү үчүнчү жакка - сөзгө аралашпаган жакка таандык кылып гурат. Мектептики деген сөздөгү -тики(-ныкы) мүчөсү кайсы бир затты, нерсени (мектепке таандык кылып көрсөтүп турат.

Ошентип, заттардын кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш маанилеринин жыйындысы **таандык категориясы** деп аталат.

Кыргыз тилинде зат атоочтун таандык маанилери эки жол менен гуюндурулат:

- ✓ **Морфологиялык жол** (таандык мүчөлөр аркылуу).
- ✓ **Синтаксистик жол** (таандык мүчөсү жок туруп эле).

Морфологиялык жолдо сөзгө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу таандык маанилер уюшулат. Кыргыз тилиндеги таандык мүчөлөр уюштурган маанилерине карай эки топко бөлүнөт: **жакчыл таандык мүчөлөр, жалпы таандык мүчөлөр.**

**Жакчыл таандык мүчөлөр** зат атооч сөздөргө жалганып, аларды тиешелүү бир жакка таандык кылып көрсөтөт. Ар бир жактын өзүнүн жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү бар.

**Биринчи жак** - сүйлөп жаткан тараптын өзү. Аны **мен** (көптүк санда **биз)** деген жактама ат атооч аркылуу

туюндурабыз. Мына ошол биринчи жакка таандык айтуу үчүн менин **...-ым (**мисалы: менин балам), биздин ...**-ыбыз**

мисалы: биздин балабыз) деп айтабыз. Биринчи жактын таандык мүчөлөрү – ым ( м), -ыбыз (-быз) болуп эсептелет.

**Экинчи жак** - сүйлөп жаткан кишинин сөзү багытталып, аны угуп, сөзгө аралашып турган тарап. Жөнөкөй түрүндө **сен** (көптүк санда - **силер)** жана сылык түрүндө **сиз** (көптүк санда **- сиздер**) деген жактама ат атоочтор аркылуу берилет. Мына ошол экинчи жакка таандык айтуу үчүн сенин **...-ың** (мисалы: сенин балаң, силердин **...-ыңар** (мисалы: силердин балаңар), сылык түрүндө сиздин **...-ңыз** (мисалы: сиздин балаңыз), сиздердин **...-ыңыздар** (мисалы: сиздердин балаңыздар) деп айтабыз. Экинчи жактын таандык мүчөлөрү болуп **-ың (-ң), -ыңыз (ңыз), -ыңар (-ңар), -ыңыздар (-ңыздар)** эсептелет.

**Үчүнчү жак** - сөз же ой багытталып, бирок сөзгө катышпаган тарап. Үчүнчү жак **ал (**көптүк санда - **алар**) деген жактама ат атооч аркылуу берилет. Мына ошол үчүнчү жакка таандык айтуу үчүн анын ...**-ы(-сы)** (мисалы: анын кызы, баласы), алардын **...-ы(-сы)** (мисалы: алардын кызы, баласы) деп айтабыз. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү (жекелик сандагыдай) **-ы (-сы)** болуп эсептелет.

**Жакчыл таандык мүчөлөр**

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| **1-жак** | -ың (-ң) | -ыбыз (-быз) |
| **2-жак** | -ың(-ң) | -ыңар (-ңар) |
| | -ыңыз(-ңыз) | -ыңыздар (-ңыздар) |
| **3-жак** | -ы(-сы) | -ы(-сы)-лары |

Аягы үнсүз тыбыштар менен аяктаган зат атоочтордун жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|---|
| **1-жак** | кызың, колуң | кызыбыз. колубуз |
| **2-жак** | кызың, колуң | кызыңар, колуңар |
| | кызыңыз, колуңуз | кызыңыздар, колуңуздар |
| **3 -жак** | кызы, колу | кызы, колу |
| | | кыздары, колдору |

Аягы үндүү тыбыштар менен аяктаган зат атоочтордун жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|---|
| **1 -жак** | энең, топчуң | энебиз, топчубуз |
| **2-жак** | энең, топчуң | энеңер, топчуңар |
| | энеңиз, топчуңуз | энеңиздер, топчуңуздар |
| **3-жак** | энеси, топчусу | энеси, топчусу |
| | | энелери, топчулары |

Жалпы таандык мүчө бирөө эле: **-ныкы.** Ал зат атоочторго жалганып кандайдыр башка затты же кимдир-бирөөнү ошол затка таандык кылып көрсөтөт. Жалпы таандык мүчө жак менен санды көрсөтпөйт. Ошондуктан анын мааниси абстракттуу болот. Сүйлөмдөр тизмегинде (контекстте) конкреттүүлүккө ээ болот. Жалпы таандык мүчө уңгудагы тыбыштарга карай бир нече түрдө өзгөрүп келе берет: мектептики, шаардыкы, уйдуку, Жолондуку, Аалыныкы, Өмүрбектики ж.б.

**Жалпы таандык мүчө** жакчыл таандык мүчөдөн кийин да жалгана берет.

| | **Жекелик сан** | **Көптүк сан** |
|---|---|---|
| **1-жак** | кызымдыкы | кызыбыздыкы |
| **2-жак** | кызыңдыкы | кызыңыздыкы |
| | кызыңардыкы | кызыңыздардыкы |
| **3-жак** | кызыныкы | кызыныкы |
| | | кыздарыныкы |

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Зат атоочтун башка сөз түркүмдөрдөн болгон өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Зат атоочтордун маанилик жана грамматикалык жактан топторго ажырашы кандай?
3. Жөндөмө категориясын айтып бергиле.
4. Сан категориясын айтып бергиле.
5. Жак жана таандык категориянын окшоштуктары жана айырмачылыктары кандай?

6. Зат атоочтун категориялары боюнча өзүңөр мисалдарды келтиргиле.

7. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, таяныч сигналдарды түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Зат атоочтордун лексика-тематикалык топтору.
2. Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор.
3. Лексикалык жол менен көптүк маанинин уюшулушу.
4. Таандык маанилердин берилишинин синтаксистик жолу.
5. Кыйыр жана тике жөндөмөлөр.
6. Жак мүчөлөрдүн башка сөз түркүмдөрүнө жалганышы.
7. Зат атоочтун жасалышы.
8. К.Тыныстановдун «Кыргыз тилинин морфологиясы» (Фрунзе,1934) деген латын арибинде чыккан китеби менен таанышкыла.

## 6-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Сын атооч

Маселелер:

1. **Сын атооч сөз түркүмү жөнүндө жалпы түшүнүк.**
2. **Сапаттык жана катыштык сын атоочтор.**
3. **Сын атоочтун даражалары.**
4. **Сын атоочтун түзүлүшү жана жасалышы.**

1. Зат, буюм-тайым, нерсе, кубулуш, көрүнүш жана башкалардын сын-сыпатын, өңү -түсүн, даамын, тулкусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атоочтор дейбиз. Мисалы: Бийик-бийик тоолорго чыктым. (Бийик-бийик - сын атооч, кандай? деген суроо берилет, тоолорго деген зат атоочтун көлөмүн, ченемин билгизди.)

Жакшы кыз –жакадагы кундуз,
Жакшы уул – көктөгү жылдыз.
Жылуу сөз жыланды ийининен чыгарат.
Жылуу сөз жылытат, суук сөз муздатат.

Жакшы, жылуу, суук - сын атооч, кыз, жигит, сөз деген зат атоочтордон мурда келип, заттын сын-сыпатын билгизип, кандай? деген суроого жооп берди. Ушундан улам сөз айкашындагы зат атоочко карата сын атоочтун алган ордун төмөнкүдөй таблица менен көрсөтүүгө болот:

| **Сын атооч** | **Зат атооч** | **Сын атооч** | **Зат атооч** |
|---|---|---|---|
| Кандай? | Ким? | Кандай? | Эмне? |
| Акылдуу | кыз | Жаңы | үй |
| Акылсыз | адам | Эски | дос |
| Жакшы | окучу | Чоң | көпүрө |
| Жаман | аял | Кичине | китеп |
| Тентек | бала | Жалтырак | кездеме |
| Элпек | Данияр | Тегерек | стол |
| Шамдагай | Барчын | Алтын | шакек |
| Жалкоо | дыйкан | Күмүш | сырга |

Сын атооч дайыма зат атоочтон мурда келет, жеке, өзүнчө турса да, кандайдыр бир затка тиешелүү болгон белгини туюндурат. Белгини билгизүү - сын атоочтун касиети. Сөзүбүз кургак болбос үчүн төмөнкү макал - ылакаптар менен далилдейли:

Адал эмгек элге жеткирет.
Ажаан ит таяктан коркот.
Ак сөз жолго чыгарат,
Кара сөз баткакка жыгат.

Ажаан, ак, адал, кара - сын атоочтор, эмгек, ит, сөз деген зат атоочтордун ар кандай белгилерин туюндурду.

Сын атоочту башка сөз түркүмдөгү сөздөрдөн айырмалап турган төмөнкүдөй мүнөздүү белгилери бар:

✓ Сын атооч сөздөр заттагы, буюмдагы, нерседеги, ар түрдүү түшүнүктөгү сапаттын, касиеттин, белгинин аз же көп, күчтүү же күчсүз, чоң же кичине экенин билдирген даража категориясы боюнча өзгөрөт: кызыл, кызылыраак, кыпкызыл, кызгылтым, кызгылт, өтө кызыл, эң кызыл, аябай кызыл; ак, аппак, агыш, агылжын, аябай ак, өтө ак, чымкый ак ж.б. Сын атоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар. Мисалы:

-луу: билимдүү, сырдуу, айлуу;
-сыз: адилетсиз, көлсүз, малсыз;
-дай: тоодой, күндөй, оттой, суудай;
-гыч: билгич, сезгич, тапкыч ж.б.

✓ Сын атооч морфологиялык табияты жагынан зат атооч менен атоочтуктардан айырмаланып, нагыз сын маанисинде турганда жөндөмө, таандык категориялары менен өзгөрбөйт, көптүк - лар мүчөсүн да кабыл албайт. Бул өзгөчөлүктү төмөнкүдөй таблица менен көрсөтсөк болот:

✓

| **Жөндөмөлөр** | **Сын атооч** | **Зат атооч** |
|---|---|---|
| Атооч | кызыл | алма |
| Илик | кызыл | алманын |
| Барыш | кызыл | алмага |
| Табыш | кызыл | алманы |
| Жатыш | кызыл | алмада |
| Чыгыш | кызыл | алмадан |

Көрүнүп тургандай, жөндөмө парадигмасында кызыл алма айкашынын «кызыл» түгөйү өзгөрүүсүз, «алма» түгөйү гана жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрүүгө кириптер болду.

Сын атоочтун жөндөлүшү затташкан учурда гана ишке ашат. Мисалы:

**А**. кызыл, акылдуу, сулуу, улуу, кичүү.

**И.** кызылдын, акылдуунун, сулуунун, улуунун, кичүүнүн.

**Б.** кызылга, акылдууга, сулууга, улууга, кичүүгө.

**Т.** кызылды, акылдууну, сулууну, улууну, кичүүнү.

**Ж.** кызылда, акылдууда, сулууда, улууда, кичүүдө.

**Ч.** кызылдан,акылдуудан, сулуудан, улуудан, кичүүдөн.

✓ Сын атоочтор -лар мүчөсү менен өзгөрбөйт. Затташкан сын атоочтор гана кабыл алат. Мисалы: Кызылдар актар менен болгон согушта жеңишке жетишти. Кызыл, ак - сын атоочтор, -лар мүчөсүн кабыл алып, кимдер? деген суроого жооп берип, затташкан сын атоочко өттү.

Сын атоочтор зат атоочтор менен айкаша келип, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарат. Аныктооч менен форма жагынан өзгөрүүсүз туруп, ыкташуу жолу аркылуу байланышат.

2. **Сапаттык жана катыштык сын.**

Сын атоочтор даража категориясы менен өзгөрүү же өзгөрбөө касиети жагынан бир өнчөй эмес. Бул жагынан алар эки чон топко бөлүнөт:

1. Сапаттык сын атооч.
2. Катыштык сын атооч.

**Сапаттык сын атооч.** Заттардын табияты менен ажырагыс түрдө байланышкан, алардын керт башына тиешелүү болгон белгилерди билгизет. Мындай белгилер бир топко кирүүчү заттарда ар түрдүү даражада боло берет. Ошондуктан булар даража категориясы боюнча өзгөрөт. Мисалы: Асмандагы ак булуттар эмнегедир көзгө сүйкүм көрүнөт.

Ак - түстүн кадыресе жайынча нормадагыдай экендигин билгизет. Эгерде анын ордуна аппак деп колдонсок, анда булуттун ак экендиги күчөтүлгөн түрдө туюндурулат. Мына ушундай өзгөчөлүктөр даража категориясына мүнөздүү айрым көрүнүштөрдө орун алат.

Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү эч кандай мүчөлөрдүн жардамысыз эле заттардын ар түрдүү белгилерин билгизет. Мисалы: Биздин бөлмө чон, жарык жана таза.

Ал эми кээ бир сапаттык сын атоочтор сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен да жасалат. Мисалы: кадырлуу, акылдуу, эстүү сыяктуу сын атоочтор. Булар, биринчиден, заттардын керт башына тиешелүү болгон белгилерди билгизет, экинчиден, даража категориясы боюнча өзгөрөт: өтө кадырлуу - кадырлуураак, абдан эстүү – эстүүрөөк. Бул өңдүү сөздөр негизги сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу жасалып, сапаттык сын атоочко өтүшү ыктымал.

Сапаттык сын атоочтор төмөндөгүдөй маанилерди билгизет:

✓ Өң-түс жагынан өзгөчөлүктөрдү: ак, кара, кызыл, кочкул, сары чийкил, мала кызыл, кара көк ж.б. Мисалы:

Кара көк тарткан асман күн жаарынан кабар берди.

✓ Көлөм, өлчөм, салмак сыяктуу белгилерди: чоң, кичине, оор, жеңил, бийик, узун, кыска, кен, тар, кууш, жука, калың, терең, тайыз, бүкүр, жантык, ийри, кыйшык, кыңыр, чалыр, жалпак, тоголок ж.б. Мисалы:

Дөөлөт тоголок болот, мээнет жалпак болот.

Тоголок кызыл даны бар,
Токчулук буудай жана бар.

Бийик тоого чыксаң көзүң ачылат,
Жакшы менен сүйлөшсөң көңүлүң ачылат.
Бийик тоону жанынан көр, башына чыкпа.

✓ Даам-татым, жыт сыяктуу белгилерди: таттуу, ачуу, кычкыл, кыйгыл, кермек, сасык, жыттуу ж.б. Мисалы:

Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор.

✓ Кулк-мүнөз, адеп-ахлакка тиешелүү белгилерди: коркок, өткүр, жоош, момун, чатак, тентек, шок ж.б. Мисалы:

Билимдүүнүн сөзү өткүр,
Мергенчинин көзү өткүр.
Жакшынын бир аты бар -жоош, бир аты -момун.
Жамандын бир аты бар-залим, бир аты-зулум.

✓ Ысык-суукка байланыштуу белгилерди: ысык, суук, мээлүүн, муздак, жылуу, ыкчам ж.б. Мисалы:

Түн ортосу, аба салкын, ай жарык.

Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү өз ара антонимдик катышты түзө алат: ысык - суук, арык - семиз, жоон - ичке, узун - кыска, ачык —-жабык ж.б. Мисалы:

Гүлдөн аары таттуу бал жыйнаса,
Жылан ачуу уу жыйнайт.
Эски дос эстен кетпейт,
Жаңы дос баркка жетпейт.

Мында таттуу - ачуу, эски - жаңы - контексттик антонимдер.

Мына ушул өңдүү белгилер сапаттык сын атоочту айырмалоого мүмкүндүк берет. Анткени катыштык сын атоочтор мындай белгилерге ээ боло албайт.

**Катыштык сын.** Булар бир затты башка бир заттын өзүнө, ордуна, мезгилине, мамилесине, мүнөзүнө, алака-катышына ылайык аныктайт. Катыштык сын уңгуга ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар башка түркүмдөгү сөздөрдөн жасалат. Демек, катыштык сындын мааниси уңгу менен ага жалганган мүчөнүн маанисинен келип чыгат. Мисалы:

Малдуу адам - малдын мол болуш өзгөчөлүгүнө карай аныкталды.

Жазгы жумуш - мезгилдик жактан аныкталды.

Тоолуу аймак - географиялык жактан аныкталды.

Катыштык сын атоочтор билгизген белгилер ар түрдүү затта ар түрдүү даражада болбойт. Ошондуктан мындай сын атоочтор даража категориясы менен өзгөрбөйт.

Катыштык сын атоочтун маанилери да ар башка. Ошондуктан алардын төмөнкүдөй бир катар өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө болот:

✓ Мезгилдик түшүнүктү белги катары көрсөтүүчү катыштык сын атоочтор. Алар мезгилди билгизүүчү сын атоочтон, тактоочтон жасалат: кышкы, түнкү, жайкы, жазгы (зат атоочтон жасалды); жазындагы, күзүндөгү, эртеңки, бүгүнкү (тактоочтон жасалды). Мисалы:

Эртең мененки муздак сууга жуунуу пайдалуу.
Бүгүнкү көргөн эртең жок.

✓ Негиз аркылуу туюндурулган заттын бар же жок экендигин белги катары туюндуруучу катыштык сын атоочтор. Мисалы:

Балалуу үй -базар, баласыз үй –мазар.

Балалуу үй - бактылуу үй.

**3.Сын атоочтун даражалары.**

Кыргыз тилинде сын атоочтун төмөнкүдөй даражалары бар:

1. Жай даража.
2. Салыштырма даража.
3. Күчөтмө даража.
4. Басаңдатма даража.

Даража категориясынын мааниси айлана-чөйрөдөгү карама-каршы келип, толуп жаткан белгилердин заттарда ар түрдүү денгээлде боло тургандыгын байкап, аларды тилде туюндуруп, алсак, алманын биринин өнү кызыл, экинчисиники ага карганда кызылыраак, үчүнчүсүнүкү чымкый кызыл, кыпкызыл экендигин ажыратып көрсөтүүдө турат.

**Жай даража** заттардын кадимки норма катары таанылган белгилерин билгизет да, атайын мүчөлөрдүн же сөздөрдүн жардамысыз уңгу же негиз түрүндөгү сапаттык сын атоочтор аркылуу туюндурулат. Мисалы:

Таянарың болбосо, таамай сөздөн пайда жок.

Тар жерден аш жегиче, кең жерден муш же.

Тартылбаган тил таттуу турмушту бузат. ж.б.

Калган даражалар жай даражадан атайын мүчөлөрдүн же сөздөрдүн жардамы аркылуу жасалат.

Мисалы: ак - жай даража; агыш - басаңдатма даража; агыраак - салыштырма даража; өтө ак, аппак, абдан ак – күчөтмө даража.

Жай даражаны билмейин, калган даражаларды аңдап билүү мүмкүн эмес.

**Басаңдатма даража.** Заттагы белги нормалдуу белгиге жете бербегендигин билдирет да, төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

**-ыш:** ак - агыш, көк – көгүш;

**-гыл:** кир –киргил, сары - саргыл;

**-ылжын:** көк – көгүлжүн;

**-ылтыр:** көк – көгүлтүр;

**-гыч:** сары – саргыч;

**-гыл:** сары - саргылт, сур - сургулт;

**-гылтым:** кызыл – кызгылтым ж.б.

**Салыштырма даража**. Заттагы белги нормалдуу белгиге караганда айырмалуу экендигин билгизет да, эки зат өз ара белгилери боюнча салыштырылат. Ал заттардын бири атооч жөндөмөсүнүн, экинчиси чыгыш жөндөмөсүнүн формасында берилет. Сын атооч **-ыраак** мүчөсү уланган түрдө же ансыз эле колдонулат.

**Күчөтмө даража**. Заттагы белги нормалдуу белгиден өтө эле айырмалуу экендигин көрсөтөт да, төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

1. Эн, абдан, өтө, аябай деген бөлүкчөлөрдүн кошулуп айтылышы менен жасалат. Мисалы:

Мугалимдик кесип - өтө татаал кесип.
Өтө жаш өлүм өкүнтөт.
Эң ачуу да тил, эң таттуу да тип.
Өтө кызыл тез оңот.

Өтө кызыл, өтө жаш, эң ачуу, эң таттуу - сын атооч, күчөтмө даража, аныктооч. Сүйлөмдө өтө кызыл деген сөз түпкү мааниси сын атооч болгону менен затташкан сын атооч болуп ээлик милдет аткарды.

2.Сын атооч сөзгө анын башкы муунунан кыскартылып, п тыбышын кошуп жалгоо аркылуу. Бул типтеги бөлүкчөлөр сөз алды мүчө сыяктуу сын атооч менен бирге жазылат: кызыл – кыпкызыл; сары – сапсары; кара – капкара; узун - упузун ж.б. Мисалы:

Кырман сапсары данга толду.
Күз келип, сапсары жалбырактар жерге түштү.
Бир кучак аппак сакалы,
Ак кар кийген чапаны.
Он эки айда бир келген,
Билесиңби атаны?

**4. Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы.**

Сын атооч бир катар куранды мүчөлөрдүн жардамы менен морфологиялык жол аркылуу да жасалат.

**-луу мүчөсү:** Зат атоочтон сын атооч жасайт, негиз аркылуу туюндурулган нерсенин бар экендигин белги катары көрсөтөт:

Тартиптүү бала - эстүү бала.

Акылдуу адам көптү билиш үчүн окуйт,

Майда адам көпкө билиниш үчүн окуйт.

Аныздуу жерде ат өлбөйт.

Көздүү мончок жерде жатпайт.

**-сыз мүчөсү:** Бул негиз аркылуу туюндурулган нерсенин жок экендигин белги катары көрсөтөт:

Талапсыз өмүр - эч нерсеге татыксыз өмүр.

Иретсиз иште ийгилик жок.

Оймоксуз аял болбойт.

Эмгексиз киреше - бетке чиркөө.

Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт.

**-дай мүчөсү:** Бул мүчө аркылуу жасалган сын атоочтор негиз аркылуу туюндурулган затка кандайдыр бир окшоштуктун бар экендигин белги катары көрсөтөт. -дай мүчөсүнүн уланышы менен жасалган сын атоочтордун бир кыйласы өтмө мааниге ээ болуп кеткен. Ошондуктан алар элестүү келип, көбүнчө сүйлөшүү стили менен көркөм стилде колдонулат: тоодой, алтындай, кагаздай ж.б. Мисалы:

Кесепеттүү манаптан кенедей пайда таппадык.

(Бул сүйлөмдө кенедей - кенеге окшош эмес, кичинекей маанисинде салыштырылды.)

Сын атоочтор зат атоочтор менен айкаша айтылып, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарат. Аныкталгыч менен форма жактан өзгөрүүсүз туруп, ыкташуу аркылуу байланышат. Мисалы: Жакшы зайып - үйдүн куту.

(Жакшы, зайып сөздөрү бири-бири менен ыкташуу аркылуу байланышты.)

Сын атооч нагыз сын атоочтук мааниде турганда аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы:

Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет.

Жакшы сөз - жарым дөөлөт.

Жакшы сөз таш эритет, жаман сөз баш оорутат.

Жазгы жамгырга ишенбе, кышкы күнгө ишенбе.

Жакшы мугалим түзөйт, жаман мугалим көзөйт.

Сын атооч кээде жыйынтыктоочу ойду билдирип, сүйлөмдүн аягында келсе, баяндоочтук милдетти аткарат:

Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска.

Кыздын кырк чачы улуу.

Ар кимге өз жаны кымбат.

Сөздүн кыскасы жакшы,

Аркандын узуну жакшы.

Арык кой тырышчаак, ач киши урушчаак.

Сын атоочтун баяндоочтук милдети сүйлөм тизмегинде алган ордуна байланыштуу. Анын баяндоочтук милдетти аткарышы ээлик милдетине салыштырганда басымдуу, себеби баяндоочтун милдетин сапаттык, катыштык сындардын бардык түрлөрү аткарышы мүмкүн. Мында баяндоочтор аныктоочторго берилүүчү суроолорго жооп берет. Семантикасында сапаттык окшоштук, бардык - жоктук маанилерди берет.

Сын атоочтор заттык маанини билдирип, сүйлөм ичинде ээлик милдетти да аткарат:

Арык семирет, ач тоюнат.

Жаш күчү менен, кары кеңеши менен барктуу.

Билими күчтүү минди жыгат,

Билеги күчтүү бирди жыгат.

Ат жакшысы жолдо сыналат,

Дос жакшысы айыгышкан жоодо сыналат.

## Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы

Сын атоочтун жана тактоочтун синтаксистик жол менен жасалышында окшоштуктар байкалат. Экиден кем эмес түзүүчү менен жасалган сын атоочтор синтаксистик жол менен жасалган болот. Мындай сын атоочтор татаал сын атоочтор деп аталат. Татаал сын атоочтор кош сөздөр же кошмок сөздөр тибинде болот. Мына ошого жараша алар кош сын атоочтор жана кошмок сын атоочтор деп жалпысынан эки топко бөлүнөт.

## Кош сын атоочтор

Табияты жагынан сын атоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кош сөздөр кош сын атоочтор деп аталат. Жазууда булардын компонентинин арасына сызыкча коюлат: алдуу-кучтүү, бийик-жапыз, кызыл -тазыл. Кош сын атоочтордун ар бир компоненти жеке, өз алдынча мааниге ээ болушу да, болбой калышы да мүмкүн. Ар бир компоненти жеке, өз алдынча

мааниге ээ болгон кош сын атоочтор: ак-кара, улуу-кичүү, жылуу-жумшак ж.б.

Бир компоненти жеке, өз алдынча мааниге ээ болгон, бирок экинчи бири ал касиетке ээ болбогон кош сын атоочтор: эски-уску, майда – чүйдө ж.б. Мисалы: Кызыл-тызыл кызгалдактар жашыл туланга көрк берет. (Кызыл-тазыл - татаал сын атооч, кандай? деген суроо берилди, кош сын атооч, аныктооч. Жашыл – жөнөкөй сын атооч, аныктоочтук милдетти аткарды.)

Эки компоненти тең өз алдынча турганда маани бере албаган кош сын атоочтор: одур-будур ж.б.

## Кошмок сын атоочтор.

Грамматикалык касиети жагынан сын атоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кошмок сөздөр кошмок сын атооч деп аталат. Жазууда мындай сын атоочтун компоненттери бөлөк-бөлөк жазылат: кара курөң, ак саргыл, мала кызыл ж.б. Мисалы: Ак саргыл өңүнө мала кызыл көйнөк өтө жарашыктуу. (Ак саргыл, мала кызыл - кандай? деген суроого жооп берет, татаал сын, кошмок сын атооч, арасына эч кандай белги коюлбай, ыкташуу жолу менен жасалат).

Ар бир компоненти сын атоочтон: ак саргыл, кара ала, кара тору, кара ала; сын атооч менен зат атоочтон: кара көз, кара каш, ак көңүл, ак пейил; сын атоочтун -луу мүчөсү уланган сын атооч менен айкашынан: узун бойлуу, кен далылуу, көп жактуу, нур чырайлуу ж.б. кошмок сын атоочтор да кездешет. Мисалы:

Ак көңүл адамдан жамандык күтпө.

(Ак көңүл - татаал сын атооч, кошмок сын.)

Ушул эле өзгөчөлүктөр тактоочто дал өзүндөй кайталанат.

Сын атооч ээнин милдетин төмөндөгүдөй лексика-грамматикалык формада туруп аткарат:

✓ Айлана - чөйрөдөгү кубулуштардын, көрүнүштөрдүн, буюмдардын атын атоочу сын атоочтор сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарышы мүмкүн. Мисалы: Жашыл бат оңсо, кызыл оңбойт. (Эмне бат оңот же оңбойт? -жашыл, кызыл –сүйлөмдүн ээси.)

Морфологиялык жактан толук талдоо жүргүзө турган болсок, жашыл, кызыл - сын атооч. Маанисинде белгилүү бир

ыраңды, түстү билдирет. Синтаксистик жактан - ээ, атооч жөндөмөдө турат, эмне? деген суроого жооп берет.

Жакшы ашын жейт, жаман башын жейт.

Жакшы ишке келет, жаман ашка келет.

Жакшы журтунун камын жейт, жаман журтунун малын жейт.

Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт.

Демек, жакшы, жаман деген сөздөр сүйлөм тизмегинде (синтаксисте) заттык маанини ичине камтыган, бирок өзүндөгү сындык маанини жоготпойт. Морфологияда жай, сапаттык сын, уңгу формасында турат.

✓ Сын атоочторго таандык, сан мүчөлөр жалганып, ээнин милдетин аткарат. Кандай учурда?

Мисалы:Кызылдан агы жакшы.

Таандык мүчө уланып турган сөз - ээ, атооч жөндөмөдө семантикасында заттык мааниге ээ болуу менен бирге сындык маанисин жокко чыгарбай сактаган. Жакшы - унгу, жай сындан турган баяндооч.

Сын + зат + таандык мүчө айкашкан сөздөн зат атооч түшүрүлсө андагы таандык мүчө сын атоочко жалганат да ээнин милдетин аткарат.

Затташкан сын атоочтор толуктоочтук милдетти аткарат.

Жакшыга жанаш жамандан адаш.

Жакшыга жут жок, жаманга кут жок.

Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз.

✓ Сын атооч толуктоочтук милдетти иликтен башка жөндөмөдө туруп аткарат. Сөз айкаштын багындыруучу түгөйү, жөндөмө мүчөлүү зат атооч түшүрүлсө, жөндөмө мүчө багыныңкы түгөйү болгон сын атоочко барып жалганат да, сын атооч толуктоочтун милдетин аткарат.Мисалы:

Күлүк аттан күлүк *am* чыкса, төрт аягы тыбырайт.

Бул сүйлөмдү макал катары салыштыралы:

Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт,

Чеченден чечен чыкса, оозу - мурду кыбырайт.

Мында күлүк аттан деген айкаш күлүктөн деген формага айланган, күлүк - аныктооч, күлүктөн - толуктооч.

Жакшыга айтсан билет,

Жаманга айтсан күлөт.

Бул сүйлөмдө да адамга деген толуктооч түшүрүлгөндүктөн, жакшы, жаман деген сын атоочтор барыш жөндөмөнүн мүчөсү менен айкашып, кимге? деген суроого жооп берип толуктоочтун милдетин аткарды. Кыскасы, сын атоочтор илик жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдө турганда толуктоочтун милдетин аткарып калат.

Жакшыга жакын болсоң, колун асманга жетер,

Залим менен жакын болсоң, башың жерге кирер.

Жакшы сын атооч -га барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып толуктоочтун милдетин аткарса, залим менен деген жандооч менен катар келип, толуктоочтук милдетти аткарды.

Сын атоочтор кээде этиштер менен айкашып, бышыктооч да болот. Мисалы: Таалайга дилгир элимдин тарыхын кенен жазбасам.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сын атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн кандай белгилери боюнча айырмаланат?
2. Сапаттык жана катыштык сын атоочтордун айырмасы эмнеде?
3. Сын атоочтун даража категориясы жөнүндө айтып бергиле.
4. Сын атоочтор морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен кандай уюшулат?
5. Сын атооч сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган милдеттери жана аларды мисалдар менен далилдегиле.
6. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, буклеттерди түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Сын атоочтун лексика-тематикалык топтору.
2. Затташкан сын атоочтордун жөндөлүшү.
3. Сын атоочту жасоочу өнүмдүү, өнүмсүз жана аз өнүмдүү курандыларды классификациялагыла да мисалдарды келтирип карточкаларды түзгүлө.
4. Сын атоочтун тактоочтон айырмасы жана окшоштугу.
5. Сын атооч сөздөрдү катыштырып «Менин досум» деген темада эссе жазгыла.
6. Б.Чокошеванын «Башталгыч мектепте сын атоочту окутуунун методикасы» (Бишкек,2009) эмгеги менен таанышкыла.

# 6 – ЛЕКЦИЯ

## Тема: Сан атооч

Маселелер:

1. **Сан атооч сөз түркүмү боюнча жалпы маалымат.**
2. **Сан атоочтун маанилик топторго бөлүнүшү.**
3. **Сан атоочтордун жасалышы.**

1. Сан атооч заттардын (кээде кыймыл – аракеттердин) сан жагынан белгисин – жакталган санын (миң кой, кырк киши, жүз өрдөк ж.б.) же сан жагынан чамаланышын (он миңдей китеп, беш миңче уй), болбосо эсептөөдөгү катар ордун, иретин (1-, 2-, 3-) билгизет. Бул учурда ал сын атооч сыяктуу эле жөндөмөлөр менен жөндөлбөйт, таандык категориясы менен өзгөрбөйт. Синтаксистик жагынан да мүнөздүү түрдө зат атооч менен айкашып – аныктоочтун, кээде этиш менен айкашып, бышыктоочтун милдетин аткарат. М: Жүз кишинин ортосуна от жаккан адам бир кишини оң жолго салган адамдын тырмагынан айлансын. Эки адам чатакташса, алардын акылдуусу айыптуу. Ал сени издеп төрт келди.

Сан атоочтор маанилериндеги жана грамматикалык жаратылышындагы айрым өзгөчөлүктөрүнө ылайык алты топко бөлүнөт: **эсептик сан, ирептик сан, жамдама сан, чамалама сан, бөлчөк сан, топ сан.**

1. Заттардын, кээде кыймыл – аракеттин сан жагынан өзгөчүлүгүн **эсептик сан** билгизет. М: Чарбада жүз миң кой, беш жүз уй бар. Ат баспайм деген жерин жүз басат. Биз дарыядан чыктык жол менен, Алты миң төрт жүз кол менен («Манас»).

Эсептик сан жогоркудай учурда сүйлөмдө аныктоочтун (зат атооч менен айкалышып), кээде бышыктоочтун (этиш менен айкашып) милдетин аткарат.

Эсептик сандын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Ошондуктан башка сан атоочтордун мүчөсү уланбаган сөздөрдүн (сан атооч) баары эсептик сан катары каралат. Алар туюндурган маанилерине ылайык төмөндөгүдөй майда топторго бөлүнөт:

**бирдик сандар, ондук сандар, жүздүк сандар, миңдик сандар** ж.б.

Ошентип, өзүнө тиешелүү мүчөсү болбогон заттардын кээде кыймыл – аракеттин санын, өлчөмүн, билгизип, сөз өзгөртүүчү системасы менен өзгөрө албаган, бирок эсептик түшүнүктүн аталышын туюндурса жөндөмөлөр менен жөндөлүп, таандык категориясы боюнча ырааттуу өзгөрбөгөн, көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарган сан атоочтор **эсептик сан атоочтор** деп аталат.

**2. Иретик сан** атоочтор заттардын сан жагынан катар иретин көрсөтүп, **-ынчы** мүчөсү аркылуу жасалат. Аягы үнсүз менен бүткөн сөзгө жалганса, мүчөнүн башкы тыбышы түшпөйт: **биринчи, үчүнчү, кыркынчы, тогузунчу же экинчи, алтынчы, элүүнчү ж.б.**

Бул мүчө татаал эсептик сандын акыркы сөзүнө жалганат: он биринчи, жүз элүү төртүнчү, кырк бешинчи.

Иреттик сан атоочтор өтө сейрек болсо да этиштер менен айкашып, кыймыл-ракетттин неченчи экенин көрсөтөт. Мисалы: Ал күнкү чоң жарышта Тайбуурул биринчи болуп келди. Терең сырымды сага биринчи айттым.

Сүйлөм ичинде иретик сан атоочтор мүнөзүү түрдө аныктоочтун, кээде бышыктоочтун милдетин аткарат да, форма жактан өзгөрүүгө учурабайт.

Ошентип заттардын кээде кыймыл – аракеттин сан жагынан катар иретин көрсөтүп, сөз өзгөртүү системалары аркылуу өзгөрбөгөн, көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарган, -ынчы мүчөсү бар сан атоочтор **иреттик сан атоочтор** деп аталат.

**3. Жамдама сан.** Сан атоочтун бул тобу сегизге чейинки эсептик сан атоочторго **–оо, -өө** мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалат. Аягы үндүү менен бүткөн сөздөргө бул мүчөлөр уланганда сөздүн аяккы үндүү тыбышы түшүп калат: **бирөө, үчөө, төртөө, бешөө же алтоо, жетөө.**

Жамдама сан эки түрдүү маанини камтый түшүндүрөт:

1. Сан жөнүндөгү маани. 2. Зат жөнүндөгү маани.

Бирок бул маанилердин билиниши бирдей болбойт. Сан жөнүндөгү маани так даана билинсе, зат жөнүндөгү маани өтө эле жалпыланып туюндурулат. Мисалы: экөө келди десе, сан

жөнүндө так, даана түшүнүк алабыз. Бирок заттын ким, эмне экендигин ачык биле албайбыз.

Жамдама сан атоочтор өтө жалпыланган түрдө болсо да, заттык маанини билдиргендиктен, жөндөмөлөр менен жөндөлөт. Мисалы:

**Атооч**. Экөө, алтоо

**Илик.** Экөөнүн, алтоонун

**Барыш.** Экөөнө, алтоono

**Табыш.** Экөөнү, алтоону

**Жатыш.** Экөөндө, алтоондо

Чыгыш. Экөөдөн, алтоодон

Ошентип, ачык айкын туюндурулган сандык, жалпыланган заттык маанини бир топко бириктирип билгизген, -оо, -өө мүчөлөрү аркылуу жасалып, жөндөмөлөр менен өзгөргөн, бирок калган сөз өзгөртүү системалары менен ырааттуу өзгөрбөй, көбүнчө ээлик, толуктоочтук милдетти аткарган сегизге чейинки сан атоочтор **жамдама сан атоочтор** деп аталат.

4. **Чамалама сан**. Мындай сан атооч заттардын санын так, ачык-айкын билгизбестен, болжолдоп, чамалап билгизет, морфологиялык жол менен да, синтаксистик жол менен да жасалат.

Морфологиялык жол менен жасалышында төмөнкү мүчөлөр менен уюшулат.

**-ча:** кыркча, элүүчө, миңче ж.б.

**-дай:** кырктай, ондой, жүздөй ж.б.

**-лаган:** ондогон жүздөгөн, миңдеген ж.б.

**-лар:** бештерде, отуздарда ж.б.

Чамалама сандын синтаксистик жол менен жасалышында сан атооч чамалоо, өлчөм маанисиндеги сөздөр менен айкаша колдонулат  же кош сөз тибиндеги эки башка сан атооч пайдаланылат.

✓ Уңгу түрүндөгү эсептик санга **чакты, чамалуу** сөздөр айкалышат: он чакты бала, миң чамалуу китеп, жүз чамасында адам.

Бир өгүз арабага да он чакты кап менен эгин салышып, аны да пристанга узатышты.(Ч.А.)

✓ Чыгыш жөндөмөсүндөгү эсептик санга **ашык, ашуун, көп, кем, аз** деген сөздөр айкашат: миңден ашуун, он миңден көп ж.б.

Биздин өлкөдө жүздөн ашуун улут жашайт.

✓ Барыш жөндөмөсүндөгү эсептик санга **жакын** деген сөз айкашат: Жер жүзүндө 8500 гө жакын түрдүү куш бар ж.б.

✓ Эсептик санды катар колдонуп, кош сөздөр тибине келтирүү аркылуу. Мындай учурда алардын алгачкысы кичине санды, кийинкиси чоң санды билгизүү керек: **10-15, 40-50** ж.б.

Чамалама сан атоочтор заттык мааниге ээ болсо (субстантивдешпесе) сөз өзгөртүү системалары аркылуу өзгөрбөйт.Бирок кош сөздөр тибиндеги жамдама сан атоочтон жасалса, алардын жөндөлүү мүмкүнчүлүгү сакталат: үч-төртөөнү чакырды, төрт- бешөөнөн уктум ж.б.

Ошентип, чамаланган санды билгизип, сөз өзгөртүүчү системасы менен дээрлик өзгөрбөгөн, мүнөздүү түрдө айкындоочтун милдетин аткарган сан атоочтор **чамалама сан атоочтор** деп аталат.

5. **Бөлчөк сан.** Мындай сан атоочтор бир бүтүн нерсенин канча бөлүктөргө бөлүнгөнүн, анан бөлүктөрдүн канчасы жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизүү зарылдыгынан келип чыккан. Мисалы: төрттөн үч, экиден бир ж.б.

Кыргыз тилинде норма боюнча бөлчөк санда алымы бөлүмүнөн кийин айтылат. Булар өз ара төмөнкүдөй тутумдашат:

✓ Бөлүм чыгыш жөндөмөсүндө, алымы атооч жөндөмөсүндо туруу аркылуу: экиден бир, төрттөн үч ондон жети ж.б.

✓ Бөлүмү илик жөндөмөсүндө, алымы 3 – жакка таандык формада туру аркылуу: экинин бири, ондун экиси, жүздүн отузу ж.б.

Ошентип, бүтүн нерсенин жалпысынан канча бөлүктөн турарын, ал бөлүктөрдүн канчасы жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизген, заттык мааниге ээ болмоюнча, сөз өзгөртүү системалары менен өзгөрбөгөн сан атоочтор бөлчөк сан атоочтор деп аталат.

6. **Топ сан.** Бир өңчөй заттардын канчадан бир топко бириктирилгендигин билгизип, эсептик санга чыгыш

жөндөмөнүн мүчөсүн жалгоо аркылуу пайда болгонун билгизет. Мисалы: **экиден, үчтөн, ондон, он-он бештен** ж.б.

Заттарды сан жагынан топ-топко бөлүштүрүү эки түрдүү мааниде берилет:

✓ тепетең, барабар бөлүнөт. Бул үчүн бир эле эсептик сан жеке, өз алдынча же кайталануу менен колдонулат да, чыгыш жөндөмөдө турат. Бештен дептер алдык. Биз он-ондон бөлүндүк.

✓ чамалап, божомолдоп бөлүү. Бул үчүн эки башка эсептик сан атооч жупташып айтылып, чыгыш жөндөмөсүндө турат. Жөндөмө мүчө кээде эки сан атоочко, көбүнчө акыркысына жалганат: үчтөн-төрттөн отурушту, он-он бештен кой күттү ж.б.

Топ сан атооч чыгыш жөндөмөсүнүн формасында тургандыктан, башка сөз өзгөртүү системалары менен өзгөрбөйт. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарат.

Ошентип, бир өңчөй заттардын канчадан бир топко бириктирилгендигин билгизип, сөз өзгөртүүчү системалары менен өзгөрбөгөн, бышыктоочтун милдетин аткарган сан атоочторду **топ сан** атоочтор дейбиз.

**3. Сан атоочтун жасалышы**.

Сан атооч сөздөр морфологиялык жол менен дээрлик жасалбайт. Айрым сан атоочтордун түрлөрүнүн (ireттик, жамдама жана чамалама сандар) жасалышында гана курандылар (-ынчы, -оо, -ча, -дай, -даган) бар. Булар тууралуу тиешелүү бөлүмдөрдө сөз болду.

Синтаксистик жол менен татаал сан атоочтор жасалат. Бул жөнүндө да жогоруда, сан атоочтордун түрлөрүндө айтылды. Негизинен сан атооч сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбайт.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Сан атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасы кандай?
2. Сан атоочтун түрлөрү. Алардын ар бирине токтолгула. Мисалдарды келтиргиле.
3. Сан атоочтордун жазылышы боюнча эмнелерди айта аласыңар.

4. Сан атоочтордун жасалышында морфологиялык жол эмне үчүн колдонулбайт? Синтаксистик жол менен жасалган сан атоочторго мисалдарды келтиргиле.

5. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, кроссворд, сканворддорду түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Затташкан сан атоочтордун жөндөлүшү жана жакталышы.
2. Сан атооч сөздөрдү катыштырып аргументтүү эссе түзгүлө.
3. Сан атоочторду катыштырып түрдүү карточкаларды, ребустарды түзгүлө. Табышмак, макал-лакап, жаңылмачтардан жазгыла.
4. И.Абдувалиев, Т.Садыков «Азыркы кыргыз тили: Морфология» (Бишкек,1997) деген эмгеги менен таанышкыла.

# 8-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Ат атооч

Маселелер:

1. **Ат атооч сөз түркүмү боюнча жалпы маалымат.**
2. **Ат атоочтун маанилик топторго бөлүнүшү.**
3. **Ат атоочтун жөндөлүшү.**
4. **Ат атоочтун түзүлүшү.**

1. Затты же анын белгилерин атабай туруп, аларды жалпы мааниде көрсөтүүчү сөздөр **ат атоочтор** деп аталат. Тилде ат атооч эң байыркы убактардан тартып эле колдонулган. Бул анын колдонулууга ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Ат атоочтун негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү-маанисинин абстрактуулугу жана жалпылыгы. Ат атооч сөздө башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат.

Ат атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап көрсөтүүчү грамматикалык белгиси жок. Өзүнө тиешелүү суроолору да жок. Ат атооч сөздөр кайсы сөз түркүмүнүн ордуна колдонулса, ошол сөз түркүмүнүн суроосуна жооп берет жана ошол сөз түркүмүнүн грамматикалык категориялары менен өзгөрүүгө учурайт.

Ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн негизинен лексикалык мааниси боюнча айырмаланат. Алар мааниси боюнча өзүнчө сөз түркүмү катары лексикалык фондудан бөлүнүп чыккан.

Ат атоочтордун морфологиялык өзгөчөлүгү катарында жөндөлгөндө, алардын кээ бирөөлөрүнүн уңгусунун өзгөрүп кетишин гана атоого болот. Мисалы: мен, менин, мага, мени, менде, менден; ал, анын, ага, аны, анда, андан ж.б.

Ат атоочтор мүчөнүн жардамы менен башка сөз түркүмүнөн жасалбайт. Татаал ат атоочтор гана сөз жасоонун синтаксистик жолу менен жасалышына ээ. Мисалы: алда кандай, алда не, ар ким, кайсы бир, кимдир бирөө, эч кандай, эч ким, эч качан ж.б.

2. Ат атоочтор маанисине карай төмөнкү топторго бөлүнөт:

**Жактама:** мен, биз (1-жак); сен,сиз, силер, сиздер(2-жак); ал,алар (3-жак).

**Шилтеме:** бу (бул), ушу (ушул), ошо (ошол), тиги (тигил), тетиги (тетигил), тээтигил ж.б.

**Сурама:** ким? эмне? не? кандай? кайсы? канча? нече? качан? кайда? кайдан? кана? ж.б.

**Аныктама:** бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз ж.б.

**Белгисиз:** кимдир бирөө, бир нерсе, кандайдыр, алда кандай, алда ким ж.б.

**Таңгыч**: эч ким, эч нерсе, эч бир, эч качан, эч нерсе ж.б.

**Жактама ат атоочтор.**

Жактама ат атоочтор затты жак аркылуу көрсөтөт. Жак сөзгө катышкандардын сүйлөөчүгө карата болгон катышы боюнча аныкталат. Кыргыз тилинде сөзгө тике жана кыйыр түрүндө катышуучу үч жак бар. 1- жана 2- жак (мен,сен) сөзгө тике катышат, 3-жак (ал) кеп процессине катышпайт.

Жекелик түргө көптүк форманы уюштуруучу –лар мүчөсү жалганып, көптүк форманы (биз,силер,алар) уюштурат. 2-жактын сылык жана одоно формасы бар: сен-сиз, силер-сиздер.

**Жактама ат атоочтордун өзгөрүшү.**

**Жак жана таандык категориясы** боюнча баары тең эле өзгөрбөйт. Себеби, булар ошол таандык кылып турган тараптардын өздөрүн атайт. Жакчыл таандык мүчөлөр менен 3-жактын жактама ат атоочу гана өзгөрөт:

2) **аным, аныбыз;**
3) **аның, аныңыз, аныңар, аныңыздар;**
4) **анысы.**

Жалпы таандык мүчө менен жактама ат атоочтордун бардыгы өзгөрөт: **меники, биздики, сеники, сиздики, силердики, сиздердики, аныкы, алардыкы, аныңыздыкы, анысыныкы, аларыңыздыкы.**

**Жөндөмө категориясы** боюнча да өзгөрөт:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Атооч | мен | сен | сиз | ал |
| Илик | менин | сенин | сиздин | анын |
| Барыш | мага | сага | сизге | ага |
| Табыш | мени | сени | сизди | аны |
| Жатыш | менде | сенде | сизде | анда |
| Чыгыш | менден | сенден | сизден | андан |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Атооч | биз | силер | сиздер | алар |
| Илик | биздин | силердин | сиздердин | алардын |
| Барыш | бизге | силерге | сиздерге | аларга |
| Табыш | бизди | силерди | сиздерди | аларды |
| Жатыш | бизде | силерде | сиздерде | аларда |
| Чыгыш | бизден | силерден | сиздерден | алардан |

### Шилтеме ат атоочтор

Шилтеме ат атоочтор бир өңчөй заттардан же түшүнүктөрдүн ичинен бирөөнү бөлүп көрсөтөт. Кыргыз тилиндеги ат атоочтор толук жана кыскартылган формада кездешет: **бу-бул, ушу-ушул, ошо-ошол, тиги-тигил.** Кыскартылган формага -л тыбышынын жалганышы менен толук форма уюшулат.

Шилтеме ат атоочтордун өзгөрүшү.

Шилтеме ат атоочтор өзгөргөн учурда алардын аяккы тыбышы (л) түшүп калат. Булар негизинен зат атооч сөздөрдү алмаштыргандыктан, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрөт.

Жак жана таандык категориясы боюнча:

**Бул-**мунум, мунуң, мунуңуз, мунусу; мунубуз, мунуңар, мунуңуздар, булары (мунусу).

**Ушул-** ушунум, ушунун, ушунуңуз, ушунусу; ушунубуз, ушунуңар, ушунуңуздар, ушулары (ушунусу).

Бардык шилтеме ат атоочтор жалпы таандык мүчө менен өзгөрөт: мунуку, мунусунуку, ушунуку, ошонуңдуку, тигиниңиздики, тээтигиники ж.б.

Жак мүчөлөр менен да өзгөрүү өхзгөчөлүктөрүнө ээ: ошолмун, ошолсуң, ошолсуз, ошол; ошолбуз, ошолсуңар, ошолсуздар, ошолор ж.б.

**Жөндөмө категориясы** боюнча да өзгөрөт:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Атооч** | бул | ошол | тигил | ушунуку |
| **Илик** | мунун | ошонун | тигинин | ушунукунун |
| **Барыш** | буга | ошого | тигиге | ушунукуна |
| **Табыш** | муну | ошону | тигини | ушунукун |
| **Жатыш** | мында | ошондо | тигинде | ушунукунда |
| **Чыгыш** | мындан | ошондон | тигинден | ушунукунан |

## Сурама ат атоочтор

Сурама ат атоочтор белгисиз затты же сандык жана сапаттык белгилерди аныктоо үчүн колдонулуучу сөздөр.

Бул ат атоочтор төмөнкүлөр: **ким? эмне? кандай? кайсы? канча? нече? кайда? кана? кайдан? качан?**

Бул ат атоочтор сурамалык мааниде колдонулган учурда бир сөзгө же болбосо бүтүн бир сүйлөмгө да тиешелүү болушу мүмкүн. Бирок бул эки учурда тең затты жана сан, сапаттык белгини тике көрсөтө албайт, алардын ат атоочтук көрсөтүү мааниси тыңдоочунун жообу аркылуу такталат:

-Бул **ким**?

-Уулум.

-**Кайсы** үй?

-Кийинкиси.

-Өңү **кандай**?

-Кызыл.

Сурама ат атоочторду алар жоопту талап кылган маанилерге карата өзүнчө топторго бөлүүгө болот:

1. Жооп катары зат атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: **ким? эмне?** жана булардын өзгөргөн бардык формалары.

2. Жооп катары сын атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор**: кандай? кайсы?**

3. Жооп катары сан атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: **канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө?**

4. Жооп катары тактоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: **кайда? кайдан? качан? кана?**

5. Жооп катары этиштерди талап кылган сурама ат атоочтор: **эмне кылып жатат? эмне болду? эмне болот? эмне кылат? ж.б.**

Сурама ат атоочтордун өзгөрүшү да мына ушул топторго ылайык жооп болуп түшө турган сөздөрдүн өзгөрүү өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Контексттеги маанисине карай алар суроо маанисин да туюндурбай калышат: Ким иштебесе ал тиштебейт, ж.б.

## Аныктама ат атоочтор

Аныктама ат атоочтор бир өңчөй заттарды, түшүнүктөрдү жалпылап бир топко бириктирип же топтон жалгыздатып бөлүп көрсөтөт. Алар берген маанилерине жараша **жалпылагыч, жиктегич** жана **өздүк** болуп үч топко бөлүнөт:

**Жалпылагыч аныктама ат атоочтор** заттарды, түшүнүктөрдү кандайдыр бир топко бириктирип же кошуп жалпылап көрсөтөт. Мисалы: **бүтүн, бүткүл, бардык, баары, бардыгы, бүт, бүтүн ж.б.** Булардын айрымдары гана таандык болуп өзгөрөт жана жөндөлөт.

**Жиктегич аныктама ат атоочтор** заттарды, түшүнүктөрдү тобунан ажыратып, бөлүп көрсөтөт, жекелигин аныктайт. Мисалы: **ар бир, ар ким, ар кайсы, ар кандай ж.б.** Булар таандык болуп да, жөндөмө мүчөлөрү менен да өзгөрө берет.

**Өздүк аныктама ат атооч** затты (көбүнчө сүйлөп жаткан тарапты) башкалардан бөлүп көрсөтөт. Мындай ат атооч бирөө гана: **өз.** Бул сөз таандык болуп да, жөндөмөлөр менен жөндөлүп, айрым жактар боюнча да өзгөрөт.

## Белгисиз ат атоочтор

Ар кандай заттардын, түшүнүктөрдүн жана алардын мейкиндик-мезгилдеш же кайсы бир башка касиеттеринин белгисиз экенин билгизген ат атоочтор **белгисиз ат атоочтор** деп аталат. Мисалы: **алда канча, алда кандай, алда ким, алда не, кимдир бирөө, кандайдыр бир, бир нерсе, бирдеме, бир нече ж.б.**

Белгисиз ат атоочтор маанилери боюнча өзүнчө төмөндөгүдөй топтордон турат:

1. Заттык белгилердин белгисиздигин билдирген ат атоочтор: **кимдир бирөө, бир нерсе, бирдеме, алда ким, алда**

**не ж.б.** Булар зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрө берет: **бир нерсем, бирдемең, бир нечебиз; кимдир бирөөнүн, кимдир бирөөгө, кимдир бирөөнү, кимдир бирөөдө, кимдир бирөөдөн, кимдир бирөөлөр ж.б.**

2. Касиет, сын-сыпат белгилердин белгисиздигин же болжолдуулугун билдирген ат атоочтор: **кандайдыр бир, кайсы бир, алда кандай** ж.б. Булар жөндөмөлөрдө өзгөрбөйт, айрымдары таандык болуп айтылышка ээ: **кандайдыр бири, кайсы бирибиз, кай бириңер ж.б.**

3.Сан-өлчөм белгилердин белгисиздигин же болжолдуулугун билдирген ат атоочтор: **бир нече, бир канча, алда канча ж.б.** Булар стилдик максатта гана жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрө бериши мүмкүн.

## Таңгыч ат атоочтор

Айтыла турган заттын, мезгилдин, касиеттин, орундун жок экендигин же ойго тескери келген маанини билдирген ат атоочтор **таңгыч ат атоочтор** деп аталат. Мисалы: **эч качан, эч ким, эч нерсе, эчтеке, эч бир, эч кандай** ж.б.

Таңгыч ат атоочтордун маанилик топтору:

1. Кандайдыр заттын же заттык түшүнүктөрдүн жок экендигин, сөзгө катышпагандыгын билгизген ат атоочтор: **эчтеке, эч нерсе, эч ким.** Булар зат атоочтун бардык категориялары менен өзгөрө берет: **эчтемем, эчтемең, эчтемеңиз, эчтемеси, эчтемебиз, эчтемеңер, эчтемеңиздер; эчтеменин, эчтемеге, эчтемени, эчтемеде, эчтемеден; эч кимсиң ж.б.**

2. Кандайдыр сапаттык белгилерди, түшүнүктөрдү жок кылып, танып көрсөткөн ат атоочтор: **эч кандай, эч кайсы.** Булар жөндөмө категориясы боюнча өзгөрөт: **эч кайсынын, эч кайсыга, эч кайсыны, эч кайсыда ж.б.**

3. Мейкиндик жана мезгилдик түшүнүктөрдү танып көрсөткөн ат атоочтор: **эч качан, эч кайда, эч кайдан.** Булар зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрбөйт.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Ат атооч сөз түркүмүнүн өзгөчөлүктөрү кайсылар?
2. Ат атоочтордун маанилик жактан топторго бөлүнүшүн айтып бергиле.
3. Ат атоочтордун жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр кандай?
4. Ат атоочтордун жакталышы жана таандык болуп өзгөрүшү кандайча жүрөт?
5. Ат атоочтун ар бир түрүнөн бирден мисал алып сөз өзгөртүүчү системалар менен өзгөртүп көргүлө.
6. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, таяныч сигналдарды түзгүлө.

**Студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн темалар:**

1. С. Кудайбергеновдун «Кыргыз тилиндеги ат атоочтор» (Фрунзе,1960) аттуу эмгеги менен таанышкыла. Аны кийинки мезгилде чыккан эмгектер менен салыштыргыла.
2. Ат атооч сөздөрдү катыштырып карточка, ребус, кроссворд, буклет, көрсөтмө куралдарды даярдагыла.
3. Ат атооч сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

# 9-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Этиш

Маселелер:

1. **Этиш сөз түркүмү боюнча жалпы маалымат.**
2. **Этиштин грамматикалык категориялары.**
3. **Этиштин түзүлүшү жана жасалышы.**

1. Этиш - кыймыл аракетти билдирет. Кыймыл аракеттин мааниси кең, б.а. нагыз билинип турган этиштер менен бирге, ал – абал (отур, тур), ал – абалдын өзгөрүшү (картай, агар, жашар) сыяктуу башка түшүнүктөрдү кыймыл – аракет түрүндө көрсөтөт. Этиште ал-абал, чак менен байланыштырылып, убакыт боюнча өтүлүүчү кыймыл-аракет түрүндө берилет. Этиштин ар кандай кыймыл-аракетин убакытка байланыштыруу этишти башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп эсептелинет.

Этишке мүнөздүү жана аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу грамматикалык категориялар- **мамиле, ыңгай, чак.**

### Мамиле категориясы.

Мамиле категориясы этиштик кыймыл-аракетке карата сүйлөмдүн ээсинин объектилик-субъектилик карым-катышта экендигин билдирүү үчүн колдонулат. Кыймыл-аракеттин ээге болгон мамилесин аныктоо дегенибиз - сүйлөмдүн ээсине мамиле мүчөлөрү жалганып, баяндоочтук милдет аткарган этишке карата объект же субъект (реалдуу же реалдуу эмес субъект) экендигин белгилөө. М: «Атам өтүк тиктирди» жана «Атам өтүкчүгө өтүк тиктирди» деген сүйлөмдө грамматикалык ээ-бул атам. 1-сүйлөмдө ишти чыныгы иштөөчүнүн субъектиси. 2-сүйлөмдө чыныгы иштеген субъект-толуктооч.

Ошентип мамиле формаларынын кээ биринде грамматикалык ээ өзүнүн баяндоочуна карата иштеп, чыныгы иштөөчү субъектиси болсо, кээ биреөндө боло албайт.

Кыргыз тилинде мамиле категориясынын түрү бар: **негизги, өздүк, кош, аркылуу, туюк.**

**Негизги мамиле**-кыймыл-аракеттин ээ тарабынан иштелгендигин көрсөтөт. Туунду жана тубаса этиштер мамиле формаларынын жасалышы үчүн негиз болуп кызмат кылышат. Ошентип алар негизги мамиле болуп эсептелет.

Өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. М: Айша кир жууду. Кээде –ган мүчөсү. - Айтылган сөз жерде калбайт.

**Кош мамиле:** субъектилердин өз ара, же биргелешип иштешкен кыймыл-аракетин билдирет.Ал этиш сөздөргө **-ыш** мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат. М: Жүздөй жигит дүр этип аттанышып, карагайы көрктүү шаардай көрүнүп, балык жон тартып жаткан тоону бет ала бастырышты. (К.М)

**Өздүк мамиле**-кыймыл-аракеттин реалдуу субъектиге багытталганын, же анын айланасында топтолгонун көрсөтөт. **–ын** мүчөсү М: тоюн, ачын, аян, бошон, сактан, мактан ж.б.

**Туюк мамиледе** этиштер сырттан болгон кыймыл-аракеттин грамматикалык субъектиге багытталганын билдирет. Мында субъект ошол кыймыл аракетти башынан өткөрөт, ага дуушар болот. –ыл мүчөсү М: кабагы ачылды, жарпы жазылды, ж.б.

**Аркылуу мамиле:** кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан иштелгенин блдирет. Мүчөлөрү көп: **-дыр, -кар/-кыр, -каз/-кыз, -ар/-ыр, -ыз/-из, -сөт, -т, -ыт ж.б.**

М: өстүр, отургуз, чыгар, угуз, көрсөт, күчөт, коркут ж.б.

## Ыңгай категориясы

Кыймыл-аракеттин чындыкта аткарылышына карата сүйлөөчүнүн мамилесин билдирет. Чындыкка карата бул мамилени билдирүү үчүн кыргыз тилинде беш ыңгай колдонулат: **баяндагыч, буйрук, шарт, тилек, ниет.**

**Баяндагыч ыңгай** өткөн чак, учур чак, келер чак, түрүндө кыймыл-аракеттин аткарылышын ачык көрсөтөт: окудум, окуйм, окуйт. Мүчөлөрү: **-а, -ды, -ган, -ыптыр, -чы** ж.б.

**Буйрук ыңгай** сүйлөөчүнүн тыңдоочуга же тыңдоочу аркылуу 3-жакка карата буйруу иретинде жасаган мамилени баяндайт. Буйрук ыңгайды этиштин негизги формасы уюштурат, Тубаса этиштер –оку, жаз, бол, бүт ж.б. **–гын,-гыла, -ыңыз, -сын, -ыш+сын, гы+ла** мүчөлөрү да жалганат.

**Шарттуу ыңгай** – аракет-кыймылдын иш жүзүнө ашырылышы үчүн шарт болуп түшкөн этиш. Мүчөсү **–са.** М: келсе, алса, ичсе, жатса, кайтса, айтса, ж.б.

**Тилек ыңгай -** сүйлөөчүнүн башкаларга каалаган каалоосу (оң же терс мааниде) ар башка, ар түркүн болгондугуна байланыштуу, аны уюштуруучу мүчөлөр да ар башка **–айын/йы, -гай+эле**. Мисалы: барайын, жөнөйүн, келгей эле, ж.б.

**Ниет ыңгай** - аракет-кыймылдын жүзөгө ашырылышына карата сүйлөөчүнүн ниетин билдирет. Негизги мүчөсү **–мак, -макчы.** Мисалы: көрмөк, сунуштамак, айтмакчы, сурамакчы ж.б.

## Чак категориясы

Этиштин чак категориясы кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан мезгилге карата болгон катышын билдирет. Башкача айтканда, кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болуп жаткандыгын, же сүйлөп жаткан учурдан мурун болуп өткөндүгү, же болбосо иштин болорун көрсөтөт. Чак категориясы - этишке таандык категория, ал- этишти башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалоочу негизги белгилеринин бири.

Чак категориясы, негизинен, этиштин баяндагыч ыңгайына мүнөздүү. Этиштин шарттуу, буйрук, ниет, тилек ыңгайлары чындыкты болуп жаткан кыймыл-аракетти көрсөтпөй, кыймыл-аракеттин аткарылышына керектүү болгон шартты, ниетти, каалаган ойду же буйрууну билдирет б. а. модалдуулукту көрсөтөт; алар чак категориясына толук ээ эмес жана чактык маанилерди ачык билдире алышпайт. Баяндагыч ыңгай, буга карама-каршы, кыймыл-аракеттин азыркы учурда болуп жатканын, мурун болуп өткөндүгүн, же келечекте болорун чындык катары баяндайт, натыйжада андан этиштин чак категориясы ачык көрүнүп турат. Баяндагыч ыңгай үч чак менен айтылат: **келер чак, учур чак, өткөн чак.**

## Учур чак

Учур чак кыймыл-аракеттин сүйлөнүп жаткан мезгилинде болуп жатканын билдирет.

Кыймыл-аракеттин жүрүшү речтин сүйлөнгөн мезгилинен мурда башталып, кийин да улантылышы мүмкүн. Учур чак түзүлүшүнө карата жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт.

**1. Учур чактын жөнөкөй түрү**. Бул түрү уңгуга мүчөнүн жалганышы аркылуу жасалат.

1) Учур чактын -ууда формасы (фонетикалык варианттары менен). Бул формасы сүйлөнгөн убакта кыймыл-аракеттин созулуп жаткандыгын билдирет. Морфологиялык жагынан кыймыл-атоочтун -оо//-өө, -уу//үү мүчөлөрү+жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнөн турат.

2) Чакчылдардын -е//-й формасы аркылуу. Бул мүчөлөр чактык мааниге жак мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу гана жасалат.

**Учур чактын татаал түрү** -а-е-й, -ып формасындагы чакчылдарга жак мүчө жалгана турган жат, тур, отур, жүр деген жардамчы этиштердин кошулушу аркылуу аналитикалык жол менен жасалат. Учур чактык маани көбүнчө ушул жол менен берилет; Мен бар-а+жат-а-м. Эл кел-ип+жат-а-т.

## Келер чак

Келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөнгөн мезгилден кийин болорун билдирет. Келечекте болуучу кыймыл-аракеттин жүзөгө ашырылышы бирде күнөмсүз, ачык болсо, бирде күнөм туудурушу мүмкүн. Ушул маанисине карата келер чак айкын келер чак, арсар келер чак болуп өз ара экиге бөлүнөт.

**1. Айкын келер чак.** Айкын келер чак кыймыл-аракеттин болор, болбосун ачык көрсөтөт. Формалык белгиси боюнча учур чактын -а-е--й формасынан айрылбайт. Экөөнүн жасалышы бирдей: чакчылдардын -а-е-й формасына жак мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу уюшулат. Келер чактык же учур чактык мааниде колдонулушу сүйлөмдүн контекстиси боюнча аныкталат.

**2. Арсар келер чак**. Келер чактын бул түрү кыймыл-аракеттин болор, болбосун арсар көрсөтөт. Арсар келер чактын морфологиялык көрсөткүчү болуп -ар-ер мүчөсү эсептелет.

## Өткөн чак

Өткөн чак сүйлөнүп жаткан мезгилден мурун болгон кыймыл-аракетти билгизет, кыймыл-аракет ар түрдүү кырдаалда жана ар кандай мезгилде болгондугуна карата өткөн чак өз ара төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

**1. Айкын өткөн чак.** Айкын өткөн чактын морфологиялык белгиси -ды мүчөсү. Ал кыймыл-аракеттин аткарылгандыгы сүйлөөчү үчүн айкын-ачык болгон учурда колдонулат.

Айкын өткөн чак да сүйлөнгөн мезгилге эч бир тиешеси жок, жалпы эле кыймыл-аракетти билдирет. Бул мааниде ал өтө сейрек түрдө макал-лакаптардан, насыят ырлардан учурайт:

Жардылык сени кантейин,
Жандай досту жат кылдың.
Карылык сени кантейин,
Сүйлөр сөзгө мерт кылдың.

2. **Жалпы өткөн чак.** Өткөн чактын бул түрү этишке -ган мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат. -ган мүчөлүү этиш, жак мүчөсү жалганып, баяндоочтук милдетти аткарып турганда, өткөн иштин фактысын сүйлөнгөн мезгил үчүн баяндайт.

3. **Капыскы өткөн чак.** Капыскы өткөн чактын морфологиялык мүчөсү – ып, -ыптыр.

4. **Адат өткөн чак.** Өткөн чактын бул түрү адаттанган сыяктуу дайыма болгон кыймыл-аракетти билдирет. Мунун морфологиялык формасы болуп –чу,

-оочу,-уучу, -ышчу мүчөсү эсептелет:

## Атоочтуктар

Белгилүү бир убакытка тушташ кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында керсөтүүчү этиштин грамматикалык туунду формалары атоочтуктар деп аталат.

Атоочтуктар затты кыймылдык белгиси боюнча көрсөтүү, аныктоо зарылдыгынан келип чыккан: Мына майрам, мына кызык тамаша: ыр ырдаган ырчысы, комузун черткен комузчусу, бий бийлеген бийчиси, кыягын тарткан кыякчы, кыскасы бардыгы ушул жерде экен (А. У.). Тамактын камын кылып жаткан басмачылар чаң-тополоң түштү (К.Ж) .

Атоочтуктар этиштик жана атоочтук касиеттерге ээ. **Этиштик касиети төмөнкүлөр:** 1) кыймыл-аракетти билгизет:

Куш аяган киши көк карайт, ат аяган киши жер карайт. Сөздү угар жерге айт, суу-ну сиңер жерге төк; 2) мамиле, чак категорияларына ээ. 3) этиштик касиетин сакташып, өздөрү менен бирге айтылган сөздөрдү жөндөмөнүн тигил же бул формасында болушун талап кылат, б. а. аларды башкарышат.

**Атоочтук касиеттери төмөнкүлөр:** сын атооч сыяктуу, заттын белгисин билдиришип, аныктоочтук милдет аткарышат. Ал эми этиштин калган туунду формалары (кыймыл атооч, чачкылдар болсо аныктоочтук милдет аткарышпайт).. Мисалы: айдалган жер, окуган киши; кызыл чыт, көк китеп ж. б. Атоочтуктар менен сын атоочтор заттын жалпы эле белгисин билдирип, аныктоочтук милдет аткарганы менен экөө бири-биринен да айырмаланат. Атоочтуктарга сөз өзгөртүүчү мүчөлөр аныкталгычы түшпөсө да жалганат, алардын атооч маанисиндеги касиетке ээлигинин иегизги белгиси ушунда. Мындай учурда да алар жөндөмөлөрдү башкаруу жөндөмдүүлүгүн сакташат, заттанган түшүнүк катарында кыймыл-аракеттин атын же анын процессин билдиришет.

## Чакчылдар

Жакты жана чакты көрсөтпөй туруп, негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билгизүүчү туунду форма чакчылдар деп аталат. Чакчылдар негизги этиш менен бирге айтылган учурда аларды аныктоо, тактоо катарында кошумча кыймыл-аракетти билгизет, бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Ал каткырып күлдү. Акшырая карады. Бул сүйлөмдөрдө каткырып, акшырая –чакчылдар өздөрүнөн кийинки негизги кый-мыл-аракеттерди кандайча жана кантип болгонун тактап, кощумчалап, алардын белгиси катарында пайдаланылды. Негизги кыймыл-аракетти тактоо, бышыктоо-чакчылдардын башкы мааниси. Бул жагынан алар тактоочтор менен жакындашат.

Чакчылдар ар дайым эле кошумча кыймыл-аракетти билгизе бербейт. Чакчыл мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү, асыресе -а жана -ып мүчөлөрү (кээде -ганы формасы да) этиштик уңгулуу татаал этиштердин компоненттерин бириктирүүчу грамматикалык каражат катарында да пайдаланылат; мүчөлөр катыштырылбай, татаал этиш куралбайт, ала кел, бара кел,

тосуп ал, жатып, ал, карап тур, чаап кой, сатып бер, сатып ал, алып сал ж. б. Мындай учурда негизги кыймыл-аракетти чакчылдар фор-масындагы этиштер билгизет, жардамчы этиштик экинчи компоненти аркылуу ага грамматикалык кошумча маани киргизилет.

Чакчылдардын бирден бир өзгөчөлүгү нагыз чакчылдык мааниде (кошумча кыймыл-аракетти билгизүү үчүн) айтылган учурда, алар чакты жана жакты билгизбейт; чакты өзүнөн кийинки негизги этиш билгизет. Мисалы: күлө сүйлөдү, эчкирип ыйлады ж. б. Мындагы күлө, эчкирип деген чакчылдар жакты жана чакты билдиришкен жок, бул маанини алардын соңунда турган негизги этиштер билгизип турушат. Чакчылдардын -а//-е//-й жана -ып мүчөлөрү баяндоочтук орунда туруп, өзүнчө кыймыл-аракетти билгизген толук маанилүү этиш катарында колдонулса, буларга жак мүчөлөрү жалганат жана чакты да билдирет: мен бар-а-мын, сен бар-ып-сың ж. б.

## Кыймыл атоочтор

Кыймыл-аракеттин атын, же кыймылдын процессин билдирүүчү этиштин туунду формалары кыймыл атоочтор деп аталат. Кыймыл атоочтор этишке -оо, -уу, -ып, -мак, -май жана -ыш мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалат: баруу, келүү, кыйноо, жыйноо, олтуруш ж. б.

Кыймыл атоочтун кээ бир формалары, этиштик маанисин жоготуп, атоочтор (зат, сын) тобуна өтүп кетишкен. Бирок грамматикалык формаларынын бирдигине жана атоочтук касиетке ээлигине карап, кыймыл атоочторду алар менен (зат, сын) бирдей даражада кароого болбойт. Булардын атоочтор группасына өтүп кеткендери менен кыймыл атоочтор экөөнүн ортосундагы айырмалар төмөнкүлөр:

I) Кыймыл атоочтор кыймыл-аракеттин атын, же болбосо кыймылдын процессин билдирет: сайроо, олтуруш ж. б.; булар да этиш сыяктуу кыймыл-аракетти билгизет. Ал эми атоочтор группасына биротоло өтүп кеткен туунду формалар (зат, сын) болсо заттык же болбосо сын-сыпаттык маанини б. а. статикалык түшүнүктү билдирет: жазуу, суроо, тааныш, күрөш, уруш, чабыш ж. б.;

2) Кыймыл атоочтор этишке мүнөздүү болгон грамматикалык категорияга (мамиле) ээ: жаздырыштын кереги жок, жазылыштын кереги жок ж. б. Атоочтор группасына өтүп кеткен этиштик туунду формалары (зат, сын) мындай касиетке ээ эмес;

3) Кыймыл атоочтор, этиштик касиетин сактап, өздөрү менен бирге айтылган сөздөрдү жөндөмөнүн тигил же бул формасында болушун талап кылат:

Кыймыл атоочторго да, атоочтор сыяктуу жөндөмө, таандык сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганат, сүйлөмдө атоочтор сыяктуу ээлик жана толуктоочтук милдет аткарышат.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Этиштин сөз түркүмү катары белгилери кайсылар?
2. Этиштин маанилик жана грамматикалык топтору кайсылар?
3. Этиштин сан категориясы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
4. Этиштин жак категориясы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
5. Этиштин чак категориясы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
6. Этиштин мамиле категориясы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
7. Этиштин ыңгай категориясы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
8. Этиш сөздөрдүн жасалышы. Мисалдарды өзүңөр жазгыла.
9. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, карточкаларды түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Этиштин чактары боюнча реферат жазып, буклет түзгүлө.
2. Өзүңөр тандаган ырдагы этиш сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.
3. Этиштерди жасоочу мүчөлөр боюнча кластер түзгүлө.
4. Этиш сөздөрдүн синонимдик катарлары.
5. С.Кудайбергеновдун эмгектери боюнча илимий доклад жазгыла.

# 10-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Тактооч

Маселелер:

1. **Тактооч сөз түркүмү тууралуу жалпы маалымат.**
2. **Тактоочтун лексико-грамматикалык белгилерине карай топторго бөлүнүшү.**
3. **Тактоочтордун жасалышы.**

Азыркы күндө тактооч өзүнчө сөз түркүмү катары түркология илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде да жетиштүү деңгээлде изилденген. Кыргыз тили илиминин башатында турган кызыл профессор К.Тыныстановдун окуу китебинде тактооч деген сөз түркүмү катталган эмес. Кээ бир окумуштуулар тактооч өз алдынча сөз түркүмүн түзөт дешсе, кээ бирлери тактооч сөздөрдүн бир бөлүгүн сын атоочко, бир бөлүгүн зат атоочко кошуп келишкен.Тактоочтун башка сөз түркүмүнөн болгон айырмасын ачып, өзүнчө сөз түркүмү экендигин окумуштуу С.Давлетов "Тактоочтор" (1960) деген эмгегинде далилдеген.

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, себебин, максатын, сан - өлчөмүн, сын - сыпатын) көрсөтүп, сүйлөмдө көбүнчө этиш сөздөр менен айкашып келип, бышыктоочтук милдет аткарган сөздөр тактоочтор деп аталат.

Ал сөз түркүмүнүн ичинен сын атоочко эң эле жакын турат, сын атооч сыяктуу бир катар тактоочтор белгини көрсөтүп, кандай? деген суроого жооп болуп түшө алат. Мисалы:

Терең дарыя тынч агат.
Эрте ысыган бат муздайт.
Бөксө чайнек бат кайнайт.

Ушул жерден сын-сыпат тактооч менен сын атооч окшош десек болот. Анткени үчөөнө тен эле кандай? деген суроо берилип жатат. Муну менен биз эки нерсени түшүнүшүбүз керек. Тактооч дайыма этиштин ар түрдүү кырдаалын ачык көрсөтөрүн, сын атооч зат атоочтон мурда келип, заттын ар түрдүү белгилерин көрсөтөрүн ажыратабыз. Муну жогорудагы макал-ылакаптардан бир эле сүйлөм ичинде далилдесек болот.

1- сүйлдөмдөгү терен, тынч  деген сөздөрдүн экөөнө тен кандай? деген суроо берилди. Бул окшоштугу. Ал эми айырмачылыгы терен - сын атооч, себеби заттын (дарыянын) белгисин ачып көрсөтсө, тынч – тактооч, себеби этиштин сын – сыпатын (дарыянын кандай агарын) билгизди.

Тактоочтор башка сөз түркүмүнөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:

✓ Кыймыл - аракеттин ар түрдүү кырдаалын (ордун, мезгилин, себебин, максатын, сан -өлчөмүн, сын-сыпатын) билгизип, маани жактан абстракттуу келет.

✓ Морфологиялык жактан тактоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар. Алар:

**- ча:** бала + ча – балача;
адам + ча = адамча;
**-лап:** эрте + лап = эртелеп;
күн + лап = күндөп;
түн + лап = түндөп.

Синтаксистик жактан этиш сөздөр менен айкашып келип, сүйлөм тизмегинде бышыктоочтук милдет аткарат.

2. Мына ушул үч белги тактоочту өзүнчө сөз түркүмү кылып турат. Тактоочтор лексика-грамматикалык маанилерине карай экиге бөлүнөт:

**1. Бышыктагыч тактоочтор.**
**2. Аныктагыч тактоочтор.**

Бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин боло турган мезгилин, өтө турган ордун, болуш себебин, же максатын көрсөтүп, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

**Мезгил тактоочтор.**

Кыймыл-аракеттин боло турган учурун, мезгилин көрсөтүп, Качан? Качантан бери? Кайсы кезде? Качанга чейин? деген суроолорго жооп берет.

Мезгил бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: азыр, анан, ар дайым, ар качан, ар убак, бүгүн, кез-кезде, эртен, эртели-кеч, жайды - жайлай, кышты-кыштай, мурун, кийин ж.б. Мисалы: Мурунку чыккан кулактан, кийинки чыккан мүйүз өтүптүр.

**Орун тактоочтор.**

Кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтөт да, кайсы?, кайда?, кайсы жактан?, кайсы жакка? деген суроолорго жооп берет. Алга, артка, алды-артына, ары-бери, илгери, жогору, төмөн, анда-мында, ушунда ж.б.тактоочтор кирет. Мисалы:

Алда кайдан кербен тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашкан.

**Себеп жана максат тактоочтор.**

Кыргыз тилинде сан жагынан өтө аз. Буларга: аргасыздан, атайын, эрксизден деген саналуу сөздөр кирет. Мисалы:

Атайлап түшүнбөгөн киши болуп жер карады.

Себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор сын-сыпаттык маанилерге да ээ болушат. Мисалы:

Аяктуу сөзгө аргасыз жооп кайтарат.

Аргасыз деген сын-сыпат тактооч, кандай? деген суроо берилди. Бышыктоочтун милдетин аткарды.

**Аныктагыч тактоочтор.**

Мындай тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, сан - өлчөмүн билдирип, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

**Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор** кыймыл-аракеттин ар түрдүү сапаттык жагынан өзгөчөлүгүн кандай ык менен ишке ашырыларын, белгисин көрсөтүп кандай? кантип? кандайча? кимче? эмнече? деген суроолорго жооп берет: акырын, аста, адамча, айбанча, тымызын, тез, дароо, бат, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, оозмо-ооз, каадасынча, мурункусунча, өзүнчө, көзүнчө, менчилеп, сенчилеп ж.б. сөздөр кирет. Мисалы: Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев өз элин коргоп баатырларча курман болду. (Баатырлар - зат атооч, -ча мүчөсү уланып тактооч болду да, кантип? деген суроого жооп берди. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарды.)

Эпосто баатырлардын аттары адамча сүйлөйт.

(Адам - зат атооч, -ча мүчөсү уланып, сын-сыпат тактооч болду да, кандайча? деген суроо берилди. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдет аткарды.)

**Сан-өлчөм аныктагыч тактоочтор** кыймыл аракеттин сан-өлчөм жактан өзгөчөлүгүн билдирип, канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп? деген суроолорго жооп берет: барынча, болушунча, жетишинче, жапырт, аз - маз, ушунчалык, ошончолук, аз-аздан, саал-паал, бир-бирден, көп-көптөн ж.б. сөздөр кирет. Мисалы:

Калыгул кары анча шашпайт.

(Анча деген сан-өлчөм тактооч болду да, кандай? деген суроого жооп берди. Сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарды.)

3.**Тактоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы.** Негизге сөз жасоочу мүчө жалгоо аркылуу жасалган тактоочтор морфологиялык жол менен жасалган тактоочторго жатат. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына карай өз ичинен бир нече топко бөлүнүшөт.

1. Зат атоочтон жасалган тактоочтор. Мындай тактоочторду жасоодо төмөнкү мүчөлөр колдонулат:

**-ча**: бул мүчө кыргыз тилинде гана эмес, башка түрк тилдеринде да тактоочту жасоочу өнүмдүү мүчө. Анын жардамы менен зат атоочтон жасалган тактоочтор кандайдыр бир нерсенин кыймыл-аракетин негиз аркылуу туюндурган нерсенин кыймыл-аракетине окшоштуруп билгизет: жолборсчо качырды, бүркүтчө шаңшыды.

**-лап:** бул мүчөнүн жалганышы менен жасалган тактоочтор сыртынан караганда -ла жана -ып мүчөсү уланган этиштерге окшоп кетет. Мисалы: Экөөлөп, коздоп деген сөздөр -ып формасындагы чакчылдар. Ал эми айлап - жылдап деген сөздөр -лап мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор. -лап мүчөсү аркылуу мезгилдик маанидеги зат атоочтон жасалган тактоочтор кыймыл-аракеттин болуш, канчалык созулуш мезгилин билгизет: күндөп, түндөп, айлап, жылдап ж.б.

**-чылап:** мүчөсү зат атоочторго негиз аркылуу туюндурулган заттын кыймыл-аракетине окшоштуруларын салыштырып билгизет.

**-лай** мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор көбүнчө кыймыл-аракеттин канча мезгилге чейин созулушун билгизет: күздөй, жаздай, жайдай, күздү-күздөй, жайды-жайлай ж.б. Мисалы:

Жайды-жайлай ырдады, ийнелик жаны тынбады.

(Жайды-жайлай деген тактооч болду да, бышыктоочтук милдет аткарды. Кантип? деген суроо берилди.)

**-лата** деген мүчө зат атоочко уланып да, сын атоочко уланып да тактооч жасайт: жаздата, күздөтө, кыштата. (Бул жерде жаз, күз, кыш зат атооч сөздөргө -лата мүчөсү уланып тактооч жасалды.) Мисалы:

Кымыз куюлду. Улуулата сунулду.

(Улуу - зат атооч, -лата мүчөсү уланып тактооч болду. Сүйлөмдө бышыктоочтун милдетин аткарат да, кандай? же кантип? деген суроо берилет.)

**Тактоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы.**

Тутумунда экиден кем эмес түзүүчү негизи болгон, алар жалпысынан бир маани билгизип, сүйлөмдүн бир мүчөсү болуп кызмат аткарган тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор болот. Булар татаал тактоочтор деп аталат. Татаал тактоочтор сын атооч сыяктуу кош жана кошмок болуп эки топко бөлүнөт.

**Кош тактоочтор.**

Грамматикалык касиети жагынан тактоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кош сөздөр кош тактоочтор деп аталат. Булардын компоненттеринин арасына сызыкча коюлат. Мисалы: оозмо-ооз, бетме-бет, жайды-жайлай, кышты-кыштай ж.б.

Кош тактоочторду жасалышына карата негизинен төмөнкү түрлөргө бөлүүгө болот:

- ✓ Негиздердин кайталанышы же жупталышы менен жасалган тактоочтор: бат-бат, тез-тез, ылдам-ылдам, өйдө - ылдый, ары-бери ж.б.
- ✓ Биринчи компоненти негизги формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: кез-кезде, күндө-күндө, анда-санда, андан-мындан ж.б.
- ✓ Биринчи компоненти негиз формасында, экинчи компоненти жөндөмөлөр формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: кез-кезде, аз-аздан ж.б.

✓ Эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор: кээде-кээде, күндө-күндө, анда-санда, андан-мындан ж.б.

✓ Биринчи компонентине -ма мүчөсү жалганып, экинчи компоненти негиз түрүндө турган тактоочтор: үймө-үй, көзмө-көз, жекеме-жеке, колмо-кол ж.б.

**Кошмок тактоочтор.**

Грамматикалык касиети жагынан тактоочтун белгилерине ээ болгон кошмок сөздөр кошмок тактоочтор деп аталат. Булардын компоненти өз-өзүнчө араларына эч белги коюлбай жазылат: алда кайда, алда качан, ар качан, эч убакта, бир кезде, бир күнү, ар убак, ар дайым ж.б.

Мисалы: Эч убакта, эч качан, эч нерсе унутулбайт.

Кошмок тактоочтордун биринчи компоненттери катары көбүнчө эч, бир, ар, алда деген сөздөрү колдонулат.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Тактоочтордун башка сөз түркүмдөрдөн айырмаланган белгилерин көрсөткүлө.
2. Тактоочтордун мaанилик топторун атагыла. Мисалдарды өзүңөр келтиргиле.
3. Тубаса жана туунду тактоочтор деген эмне?
4. Тактоочтордун жасалышы.
5. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, таяныч сигналдарды түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Сын атоочтор менен тактоочтордун айырмачылыгы жана окшоштуктары. Венддин диаграммасын түзгүлө.
2. Тактоочторду жасоочу өнүмдүү, аз өнүмдүү, өнүмсүз курандылар.
3. Публицистикалык стилдеги тексттен тактооч сөздөрдү таап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.
4. С.Давлетовдун «Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор» (Фрунзе,1960) деген эмгеги менен таанышкыла.

# 11-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Кыргыз тилиндеги сырдык жана тууранды сөздөр

Маселелер:

**1. Сырдык сөздөр жана алардын маанисине карай бөлүнүшү.**

**2. Сырдык сөздөрдүн жазылышы.**

**3. Тууранды сөздөр жана алардын түрлөрү.**

**4. Тууранды сөздүн түзүлүшү, колдонулушу жана жазылышы.**

1. Сүйлөм тизмегинде туруп айтылуучу ойдогу ички сезимдерди жана адамдын айбанаттарга карата болгон түрдүү мамилесин билдирүү үчүн колдонулган сөздөр сырдык сөздөр деп аталат. Мисалы: Пай-пай-пай, эмне деген казына, эмне деген байлык! (Т.С.) Ах, айлана кандай сонун көрүнөт! Өш! Талаада калгыр, өш! (Т.С.)

Сырдык сөздөр берген маанисине карай экиге бөлүнөт.

**1) Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр**

**2) Айбанга карата мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.**

Сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр адамдын ар түрдүү ички сезимин, айлана-чөйрөгө карата болгон мамилесин билдирет:

а) **Кубануу, ыраазы болуу, кубаттоо, мактоо**. Мисалы: Бах! Сонун ырдашат экен ээ! Бали! Эбегейсиз зор демилге көтөргөн экенсиңер. (Н.Б.) Ботом, сен кайда кеттиң?

б) **Өкүнүү, кайгыруу, капалануу, коркуу, кейүү, чочуу.** Мисалы: Ой, чиркин ай! Өчпөс ойго күндөн-күнгө чөктүң го. (К.Ж.) Кап, унутуп калганымды карачы! Апей, жылан! Ой, кокуй оой! Баятан эле айтпайсыңбы.

**2.** Айбанга карата болгон мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр. Мында айбанаттарды чакыруу же токтотуу, айдоо иретинде колдонулат. Мисалы**: Өш! Чү-чү! Ноо! Кош! Түбө-түбө! Пыш-пыш! Күчү-күчү! Мо,мо! Кыруу,кыруу! Чиге, чиге! Чөк,чөк!**

Сырдык сөздөр сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана мүчөлүк милдетти да аткарбайт. Өзүнчө бөлүнүп айтылат. Бирок айрым учурда бир сөз, же бүтүн бир сүйлөм катарында колдонулушу да мүмкүн. Мисалы: Атчандар келип калды! Айда! Чү-чү! Ноо!

Сырдык сөздөр сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана мүчөлүк милдетти да аткарбайт. Өзүнчө бөлүнүп айтылат. Бирок айрым учурда бир сөз, же бүтүн бир сүйлөм катарында колдонулушу да мүмкүн. Мисалы: Атчандар келип калды! Айда! Чү-чү! Ноо!

Сырдык сөздөр мааниси жагынан адамдын эмоциялык сезимдерин (өкүнүү, кайгыруу, чочуу, жактырбоо, кубаттоо ж.б.) жана айбанатка карата болгон эрктик мамилени билдирет.

Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн өздөрүнө гана таандык болгон бөтөнчөлүктөрү бар. Сырдык сөздөрдүн мааниси жагынан да, морфологиялык түзүлүшү жагынан да, синтаксистик кызматы жагынан да маанилүү сөздөр менен кызматчы сөздөрдөн айырмаланган бөтөнчөлүктөрү бар. Маанилүү сөздөр менен салыштыра караганда сырдык сөздөр маани жактан кишинин ар түрдүү эмоциялык сезимдерин билдирген менен, морфологиялык жактан өзгөрбөйт, синтаксистик жактан сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарбайт, тагыраак айтканда, сүйлөм мүчөлөрү менен синатксистик байланышта болбойт.

3. **Сырдык сөздөрдүн жазылышы.** Сырдык сөздөр айрым жазылат да, сүйлөмдүн башына, ортосуна, аягына келе берет.

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн башында өтө күчтүү сезим менен айтылса, өзүнөн кийин илеп белгиси келип, андан кийинки сөз чоң тамга менен башталып жазылат. Мисалы: **Бали!** Ырчы болсо сендей болсун.

Эгерде сүйлөмдүн башында күчтүү сезим менен айтылса, сырдык сөздөн кийин үтүр коюлат: **Ай, ай,** Зарыл эжеке. (Т.С.)

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн ортосуна келсе, эки жагына үтүр коюлат: Бейше, **баракелде,** келтирип иштепсиң!

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн аягына келсе, өзүнөн мурун үтүр, өзүнөн кийин илеп белгиси келет. Мисалы: Бир аз мурда келгенде болмок экен, бах!

Сырдык сөздөр кайталанып айтылса, арасына дефис коюлат. Мисалы: **Пай-пай-пай,** салган экен үйдү. **Өш-өш, түбө-түбө.**

**Тууранды сөздөр.** Тууранды сөздөр адабий тилибизде кеңири колдонулуп, сөздөрүбүзгө коoздук, тактык маанини берет. Айрыкча кыргыздын төл сөздөрүндө тууранды сөздөр көп кездешет.

Жандуу, жансыз заттардан чыккан үндү, тыбышты, кыймылды, элести, көрүнүштү туурап, окшоштуруп көрсөткөн сөздөрдү тууранды сөздөр дейбиз. Мисалы: Маа-маа деген койдун үнү угулду. Мылтык тарс этти. Жалт-жалт, шыңгыр, калдаң-калдаң, жарк ж. б.

Тууранды сөздөр тыбыш жана элес тууранды болуп экиге бөлүнөт.

**Тыбыш тууранды сөздөр.** Жандуу, жансыз заттардан чыккан үндү, тыбышты туурап көрсөтөт. Мисалы: Койдун маараганы (маа), уйдун мөөрөгөнү (мөө), мылтыктын тарс-тарс эткени, суунун шылдыраганы, чымчыктын чыйпылдаганы (чыйп-чыйп), күндүн күркүрөгөнү, чөптүн шуудураганы ж. б.

**Элес тууранды сөздөр.** Заттардын сырткы кебетесин, кейпин, же заттардын кыймыл-аракетиндеги, сырткы көрүнүшүндөгү айрым бир элести билдирет. Мисалы: Дардаң-дардаң, кыдың-кыдың, кыйтың-кыйтың, багжаң-багжаң, далдаң-далдаң. **Солдоюп, сөлдөйүп, каркайып**. Бул сөздөр заттын кыймылындагы сырткы көрүнүшүн элестетип көрсөтөт. (Солдоюп кебетесин карасаң ж. б.) **Шарт, шып, жылт, жарк, мөлт, чап.** Бул сөздөр заттардын кыймылындагы болгон тездикти элестеп көрсөтөт (Көздүн жашы мөлт эле дей түштү).

Тууранды сөздөр жөнөкөй, татаал болуп экиге бө-лүнөт.

**Жөнөкөй тууранды сөздөр** бир гана сөздөн турат да, дайыма **өт, де** деген жардамчы этиш сөздөр аркылуу айтылат. Мисалы: Алыстан от жылт этти. Мылтыктын үнү тарс дегенде, анын жүрөгү болк дей түштү.

**Татаал тууранды сөздөр.** Эки же андан көп сөздөрдөн түзүлөт. Мисалы: Алыста мелт-мелт эткен –Ысык-Көл. Кыдың-кыдың торпогум. Асманда чагылган жарк-жарк этти.

**Тууранды сөздөрдүн түзүлүшү, колдонулушу жана жазылышы.**

Зат атооч сөздөр менен бирге айтылган тууранды сөздөр ал заттын сын-сыпатын, белгисин билдирет да, сүйлөмдө айкындоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Далдактаган тетиги жоруну карачы. Тоодон калдыр-кулдур дабыш угулду. Төмөн жактан бак-бак үн чыкты. Күш-күш деп паровоз келип калды (калдыр-күлдүр, бак-бак, күш-күш деген тууранды сөздөр, биринчиден, айкындоочтук милдетти аткарса, экинчиден, өзү жандап турган заттардын сын-сыпатын, белгисин көрсөттү).

Тууранды сөздөрдөн кийин **эт, де** деген жардамчы этиштер бирге айтылып, баяндоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Мылтыктын үнү тарс-тарс этти. Алыстан от жылт деди. Темир шыңгыр этти (тарс-тарс этти жылт деди, шыңгыр этти – баяндооч).

Тууранды сөздөр курандылардын жардамы менен этиштен атоочко, атоочтон этишке өтүп айтыла берет.

1) -а, -анда, -да, -ылда мүчөлөрү тууранды атоочторду этишке өткөрөт. Мисалы: -а, аягы р тыбышы менен бүткөн сөздөргө жалганат. Шыңгыр-а, шыңгыра, кылдыр-а, кылдыра. -анда, -ылда мүчөлөр бир муундуу атооч сөздөрдү этишке өткөрөт. Карс + ылда –карсылда, эп + ылда –эпилде, күрс + ылда –күрсүлдө, быш-анда –бышанда, кыз-анда –кызанда ж.б.

2) -да мүчөсү аягы ң тыбышынан бүткөн атоочторду этишке өткөрөт. Мисалы:Кыбың-да –кыбында, кудуң-да –кудуңда, кидиң + да –кидиңде.

3) -алаң, -гай, -чый мүчөлөрү аягы й тыбышы менен бүткен тууранды этиштерди атоочко өткөрөт. Мүчө уланганда уңунун аягындагы й тыбышы түшүп калат. Мисалы: Арбай+алаң -арбалаң, калдай+гай -калдагай, дырдый+гый -дырдыгый.

4) -ган, -ынкы, -гыч, -ган мүчөлөрү аягы й тыбышы менен бүткөн тууранды этиштерди атоочко өткөрөт, бирок мында й тыбышы түшпөйт. Мисалы: калдай+ган –калдайган, дардай+ыңкы –дардайыңкы, калдай+гыч—калдайгыч, барсай+гыч–барсайгыч, далдай+ган –далдайган.

Аягы к, п тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө -ылда мүчөсү уланганда, эки үндүүнүн, ортосунда к, п тыбышы өзгөрбөйт. Бул тууранды сөздөрдөгү айрыкча бир өзгөчөлүк болуп эсептелет. Мисалы: бак+ылда –бакылда, как+ылда –

какылда, тап+ылда – тапылда, шып+ылда – шыпылда, чып+ылда – чыпылда.

Татаал тууранды сөздөрдүн араларына дефис коюлуп жазылат. Мисалы: Шыңгыр-шыңгыр, тарс-турс, карс-курс, күп-күп, дүңгүр-дүңгүр.

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Өзгөчө сөз түркүмдөрү деген эмне?
2. Сырдык сөздөрдүн сөз түркүмү катары белгилери кайсылар?
3. Сырдык сөздөрдүн түрлөрү жана аларга өзүңөр мисалдарды жазгыла.
4. Тууранды сөздөрдүн сөз түркүмү катары белгилери кайсылар?
5. Тууранды сөздөрдүн түрлөрү жана аларга мисалдар келтиргиле.
6. Лекциянын материалдары боюнча таблица, схема, таяныч сигналдарды түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Сырдык сөздөрдүн модалдык сөздөргө жакындыгы жана айырмачылыгы.
2. С. Иманалиевдин «Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр» (Ф.,1970), С. Кудайбергеновдун «Подражательные слова в киргизском языке» (Ф.,1957) деген эмгектери менен таанышкыла.
3. Көркөм чыгармалардан сырдык жана тууранды сөздөр катышкан мисалдарды алып, карточкаларды түзгүлө.

## 12-ЛЕКЦИЯ

## Тема: Кызматчы сөз түркүмдөрү

Маселелер:

1. **Байламталар.**
2. **Бөлүкчөлөр.**
3. **Жандоочтор.**
4. **Модалдык сөздөр.**

1. Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн биз негизги (маани берүүчү), өзгөчө жана кызматчы сөз түркүмдөрү деп бөлүштүргөнбүз. Кызматчы сөз түркүмдору өз алдынча лесикалык мааниге ээ болбой, сүйлөмдө негизги сөз түркүмдөрүнө кошумча грамматикалык маани тартуулайт. Булар «маани бербөөчү сөз түркүмдөрү» деп да аталат.

Ошентип, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу, ийкемдүү тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди алып келген сөздөрдү **кызматчы сөз түркүмдөрү** дейбиз. Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр:

1. **Байламталар**
2. **Бөлүкчөлөр**
3. **Жандоочтор**
4. **Модалдык (кыялий - мамиле) сөздөр.**

### Байламталар

Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байлашытырып турган кызматчы сөздөр **байламталар** деп аталат.

Байламталар, биз жогоруда белгилегендей, маани берүүчү сөздөргө кызмат кылып, өз алдынча лексикалык маани бербейт. Алар ар кандай грамматикалык маанилерди жаратат.

Кыргыз тилиндеги байламталардын көпчүлүгү лексикалык мааниси бар сөздөрдөн келип чыккан. Мисалы: **анткени (андай+эткен+ы), жана (жан+а), себеби (себеп+ы), деле (дагы+эле) ж.б.**

Байламталардын тутумдук түзүлүшү да өтө ар түрдүү. Алар бир эле сөздөн, эки сөздөн жана бир нече сөздөн да курала берет. Ошондуктан кыргыз тилинде байламталар түзүлүшүнө карай **жөнөкөй** жана **татаал** байламталар болуп экиге бөлүнөт.

Бир эле сөздөн турган байламталарды **жөнөкөй байламталар** дейбиз. Алар: **а, андыктан, анткени, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жана, менен, нары, не, ошондуктан, себеби, эгер, эгерде ж.б.**

Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды **татаал байламталар** дейбиз. Алар: **ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгерде ... ошондо ж.б.**

Кыргыз тилинде байламталар аткарган кызматына карай өз ара дагы экиге бөлүнөт. Бир тобу сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыра берет. Башка бир тобу сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырып, сөз менен сөздү байланыштырбайт.

а) Сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыруучу байламталар: **ары, да, дагы, дале, деле, жана, же, же болбосо, менен ж.б.**

б) Сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштыруучу байламталар**: а, ал эми, андай болсо, андыктан, анткени, анткен менен, аның үчүн, бирок, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгер, эгерде ... ошондо ж.б.**

**Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү**

Байламталардын сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыра турган мүмкүнчүлүгү алардын грамматикалык мааниси болуп саналат. Мына ошол маанисине карай **багындыргыч байламталар** жана **багындырбас байламталар** болуп эки чоң топко бөлүнөт. Анткени, байламталардын бир тобу өздөрү байланыштырган тилдик бирдиктерди бири-бирине көз каранды абалда кармап байланыштырса, экинчи бир тобу байланышып жаткан тилдик

бирдиктерди бири-бири менен тең укукта кармап байланыштырат.

### Багындыргыч байламталар

Кошмок сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөрдү бири-биринен кандайдыр деңгээлде көз каранды абалда тутуп байланыштырган байламталар **багындыргыч байламталар** деп аталат. Алар төмөнкүлөр: **андыктан, анткени, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, ошол себептүү, ошондуктан, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эгер, эгерде, эмне үчүн десең ж.б.**

Багындыргыч байламталар өздөрү туюндурган маанилик өзгөчөлүктөрүнө жараша андан ары дагы топторго бөлүнөт.

а) **Себеп байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун айтылыш же чечилиш себеби аркылуу байланышын камсыз кылат. Буларга **андыктан, анткени, неге десең, ошол себептүү, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эмне үчүн десең** сыяктуу байламталар кирет.

Себеп байламталардын айрымдары (анткени, неге десең, себеби, эмне үчүн десең) багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн кийин, айрымдары болсо (андыктан, аның учун, ошол себептүү, ошондуктан) багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн мурда келишин талап кылат.

б)Шарттуу байламталар тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун макулдашуу, убадалашуу маанилеринде байланышын камсыз кылат. Алар: **эгер, эгерде**. Булар адатта шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү жалганган баяндоочу бар багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулуп, баш сүйлөмдөгү аракеттин аткарылыш шартын билдирет.

Шарттуу байламталар менен байланышканда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөн мурда да, кийин да келе берет.

в)**Салыштырма байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдөгү ойдун бири - бири менен салыштырылып, өлчөнүп, ченелип айтылышын түшүндүрөт. Буга **кандай ... ошондой, канча ... ошончо, канчалык ... ошончолук** деген сыяктуу татаал байламталар кирет.

## Багындырбас байламталар

Сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бирине баш ийдирбей, тең укукта кармап байланыштырган байламталар **багындырбас байламталар** деп аталат.

Тутумдашкан сөздөрдүн же сүйлөмдөрдүн ортосундагы ой ырааттуулугуна байланыштуу багындырбас байламталар өз ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

**а) Байланыштыргыч баламталар** сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү маанисине карай жай гана байланыштырат. Буга **ары, да, дагы, дале, жана, жана да, жана дагы, менен, нары** деген байламталар кирет.

Байланыштыргыч байламталар ар дайым бирөңчөй мүчөлөрдү же тең байланыштагы кошмок сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат.

**б) Каршылагыч байламталар** кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы карама-каршы маанидеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат. Каршылагыч байламталарга **а, ал эми, андай болсо да, анткени, анткен менен, этсе да, бирок, бирок да, деген менен, ошентсе да, ошондо да, ошондой болгону менен, ошондой болсо да** деген сыяктуу байламталар кирет.

в)**Божомолдогуч байламталар** бири-бири менен тутумдашкан сөздөрдүн, же сүйлөмдөрдүн кайсы биринин гана ишке ашар-ашпасын, ырастыгын, тууралыгын, бар же жок экендигин билдирет. Булар **болбосо, же, же болбосо, не** деген сыяктуу байламталар.

## Жандоочтор

Сүйлөмдө атооч сөздөрдү жандап, алардын өз ара карым-катышын эпке келтирип, аларга ар кыл грамматикалык маани ыйгарып турган кызматчы сөздөр **жандоочтор** деп аталат.

Жандоочтор сүйлөмдө өзү жандап айтылган сөздөрдүн башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшүшүн шарттайт. Кыргыз тилинде гана эмес, дээрлик бардык түрк тилдеринде жандоочтор аркылуу ишке ашкан синтаксистик байланышты башкаруу байланышы катары карап, жандоочтук башкаруу деп аныкташкан.

Ошентип, жандоочтор дайыма атооч сөздөрдү жандап жүрүп, алардан кийин келет. Демек, алар жөндөмө мүчөлөрүнүн милдеттери сыяктуу милдет аткарат.

Кыргыз тилинде жандоочторго **аркылуу, ары, башка, баштап, бери, бетер, бойдон, бойлой, бойлоп, бою, боюнча, гана, да, дейре, деле, жараша, жете, жөнүндө, жуук, илгери, караганда, карай, карата, катар, кийин, көздөй, көрө, көрөкчө, менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыңар, сыяктуу, тарта, тууралуу, чакты, чалыш, чамалуу, чамасында, чейин (дейин), шекилде, шекилдүү** жана башка сөздөр кирет.

Жандоочтор табиятына жараша **чыныгы жандоочтор** жана **өтмө жандоочтор** (функционалдык жандоочтор) болуп экиге бөлүнөт.

Чыныгы жандоочторго **бетер, боюнча, гана, дейре, деле, жуук, карай, карата, көздөй, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыяктуу, тартып, чакты, чейин** деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар ушу турган турпаты менен эле жандоочтор болуп, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн логикалык (семантикалык) принциби менен эле аныкталып турат. Булардын жандооч экендигин аныктоодо морфологиялык жана синтаксистик принциптер талап кылынбайт.

Өтмө жандоочторго **ары, башка, баштап, бери, да, жараша, илгери, караганда, кийин, менен, мурун** деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар тексттеги ойлорго жараша бирде жандооч болсо, бирде башка сөз түркүмдөрдүн бири болуп да келе берет. Булардын жандооч экендигин аныктоодо логикалык (семантикалык) принцип жетишсиз болуп, аларды биз дайыма сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн морфологиялык жана синтаксистик принциптеринин жардамы менен аныктайбыз.

Жандооч сөздөрдүн дээрлик бардыгы тилдин өсүп-өнүгүшү менен бара-бара өз алдынча маани берүүдөн калып, жандоочтук кызматты аткарып калышкан. Мисалы: **соңунан** басты (затташкан тактооч), **соңку** жыл (сын атооч), өзүм жалгыз болгон **соң** (жандооч), иш бүткөн **соң** барам (жандооч) ж.б.

Кээ бир жандоочтор этиш сөздөрдөн, кээ бирлери атоочтордон пайда болгон.

Этиштерден пайда болгон жандоочтор: **сайын, баштап, тартып, карай, бойлой, көздөй, тарта, боло, жараша, карата, көрө ж.б.**

Атоочтордон пайда болгон жандоочтор: **ары, бери, аркылуу, тууралуу, шекилдүү, өңдүү, чамалуу, бою, бойдон, боюнча, менен, үчүн ж.б.**

## Бөлүкчөлөр

Сүйлөмгө, болбосо сүйлөмдөгү кайсы бир сөзгө кошумча грамматикалык маани же маанилик бир касиет алып келүүчү кызматчы сөздөр **бөлүкчөлөр** деп аталат.

Кыргыз тилиндеги бөлүкчөлөрдүн бир тобу чыныгы бөлүкчөлөр болот **(го, да, өтө, эң, эч, гана, түк, ным, дегеле, турсун, түгүл, турмак, тургай, чылк ж.б.),** калган бөлүгү сүйлөмдөгү кызматына, маанисине жараша гана бөлүкчөлөр (өтмө бөлүкчөлөр) болуп эсептелет **(аябай, жалаң, гой, деген, белем, такыр, кудум, бейм, нак, как, так, ары, эми, тек, өңкөй ж.б.).** Бул акыркы топтогулардын бардыгы тилибизде бөлүкчөлөр болгону менен, алар өздөрүнүн келип чыккан тегин жогото элек, кээде башка бир сөз түркүмүнүн кызматында да болуп калышы мүмкүн. Мисалы: **аябай - ая, -ба, -й; гой - кой- (этиш сөз); деген - де-, -ган: белем - -бы, эле, -т ж.б.**

Кыргыз тилинде бөлүкчөлөрдү алардын берген маанилерине жараша бир нече топторго бөлүштүрөбүз.

### Чектегич бөлүкчөлөр

Чектегич бөлүкчөлөр кандайдыр бир затты, белгини, касиетти же кыймыл-аракетти башка заттардан, белгилерден, касиеттерден же кыймыл-аракеттен ажыратып, бөлүп, чектеп көрсөтүү маанилерин кошумчалайт. Буга **гана, эле** деген бөлүкчөлөр кирет.

### Күчөткүч бөлүкчөлөр

Күчөткүч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмгө күчөтүү, апыртуу, ашыра көрсөтүү маанилерин кошумчалайт. Алар: **абдан, аябай, өтө, эң.**

Күчөткүч бөлүкчөлөргө **дегеле, дым, жалаң, ным, өңкөй, өңчөй, такыр, түк, чылгый, чылк, чымкый, чым, чымкый**

деген сыяктуу сөздөр да кирет. Кыргыз тилинде күчөткүч бөлүкчөлөр негизинен сын атоочтор менен тактоочтордун күчөтмө даражасын уюштурат: дегеле сонун, абдан жакшы, абдан жакын, аябай сулуу, аябай эрте, өтө кооз, өтө алыс, эң бийик, эң жакын, чылк алтын, чым кара, чымкый кызыл ж.б.

### Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдүн маанилерине кандайдыр аныктык, тактык белгилер кошумчалайт. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөргө **да, дагы, дал, дале, кудум, нак** деген сыяктуу бөлүкчөлөр кирет.

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр адатта этиш сөздөр менен айкашып келип, алардын маанилерине кошумча грамматикалык маани ыйгарат.

### Тангыч бөлүкчөлөр

Тангыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө айтыла тургун ойду, фактыны тануу, жокко чыгаруу маанилерин кошумчалайт. Буга **эч, тургай, турмак, турсун, түгүл** өндүү бөлүкчөлөр кирет.

**Эч** деген тангыч бөлүкчө сурама ат атоочтор менен кошулуп айтылып, тангыч ат атоочторду уюштурат: эч качан, эч ким, эч нерсе, эч кандай ж.б. Кээ бир сөздөрдө уңгуга кошулуп, биригип да кеткен. Мисалы: **эчтеме.**

### Сурама бөлүкчөлөр

Сурама бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө суроо маанисин кошумчалайт. Сурама бөлүкчөлөргө **ыя, я, ээ** деген сөздөр кирет. Булар кээде **ээ ыя, го ыя, го ээ** деген өз ара айкалыштарда да колдонула берет.

### Ырастагыч бөлүкчөлөр

Ырастагыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдө айтылган ойдун, маанинин, фактынын туура же туура эместигин, сүйлөөчүнүн ага макул же макул эмес экендигин билдирет. Буга да, **ооба** деген бөлүкчө кирет. Мисалы: Ооба, сенин айткандарың туура экен.

Контекстке жараша кээде башка бөлүкчөлөр да ырастоо маанисин билдире бериши мүмкүн: Кантсе да уучуң гүлгө толтурар бир ою бар го. (Т.С.).

## Божомолдогуч бөлүкчөлөр

Божомолдогуч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдүн маанисинде кандайдыр шек, божомол, күмөн бар экендигин билдирет. Булар **бейм, белем, го** деген бөлүкчөлөр.

Божомолдогуч бөлүкчөлөр күмөн мааниси менен бирге суроо маанисин да кошо билдире бериши мүмкүн.

## Жалыныч бөлүкчө

Жалыныч бөлүкчө айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдүн маанисине кошумча кандайдыр жалынуу, жагынууну да билдирет. Жалыныч бөлүкчө **гой.**

Жалыныч бөлүкчө **гой** кээде какшык маанисинде да колдонулат: Суусун жок, бара гой, кагылайын... (Т.С.) Анын жалынуу же какшык маанисинде колдонулганы тиешелүү сүйлөмдүн мааниси менен аныкталат.

## Модалдык (кыялий-мамиле) сөздөр

Сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун чындыкка, акыйкатка карата болгон ар түрдүү катышы жөнүндө сүйлөөчүнүн көз карашын туюндурган сөздөр модалдык сөздөр деп аталат.

Модалдык сөздөр төмөнкүлөр: **айтор, албетте, арийне, балким, болжолу, дейм, жарыктык, керек, көрүнөт, кыязы, мүмкүн, окшойт, өңдөнөт, сөзсүз, сыягы, тийиш, чагымда, чамасы, чыгар, чындыгында, шекилдүү, шекилде, шексиз, ыктымал, ыраматылык, ырас** ж.б.

Булардын модалдык сөздөр деп аталышынын себеби латын тилинин **«модус»** (кыргызча **жол, ык, амал** маанилерин билдирет) деген сөзүнөн келип чыккан. Кыялий-мамиле сөздөрдүн бардыгы модалдык маанилерди, сүйлөөчүнүн кыялындагы айтылар-айтылбас мамилелерди туюндурат.

Кыргыз тилинде модалдык сөздөр тутумдук түзүлүшү боюнча негизинен маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн келип чыккан сөздөр болуп эсептелет. Айрымдарынын **(балким,**

**мүмкүн, айтор, арийне ж.б.)** түпкү уңгусу таптакыр таанылбай калган. Айрымдарынын тутумунда түпкү уңгусу даана эле байкалып турат. Мисалы: **Болжолу-** болжол, -ы (таандык уланды).

**Жарыктык** - жары-, -ык (этиштен атооч жасоочу куранды), -тык (атооч сөздөрдөн атооч жасоочу куранды).

**Көрүнөт** - көр-, -ын (өздүк мамиленин мүчөсү), -а (чакчылдын мүчөсү), -т (үчүнчү жактын келер чак маанисиндеги көрсөткүчү).

**Чындыгында** - чын, -дык (атоочтон атооч жасоочу куранды), -ы (үчүнчү жактын таандык уландысы), -нда (жатыш жөндөмөсүнүн уландысы).

Кыялий-мамиле сөздөрдү түпкү теги боюнча шарттуу түрдө **атооч уңгулуу** модалдык сөздөр жана **этиш уңгулуу** модалдык сөздөр деп экиге бөлөбүз.

Атооч уңгулуу модалдык сөздөр: **болжолу, кыязы, өңдөнөт, сөзсүз, сыягы, чагымда, чындыгында, шексиз, ыраматылык ж.б.**

Этиш уңгулуу модалдык сөздөр: **дейм, демек, жарыктык, көрүнөт, окшойт, тийиш, чыгар ж.б.**

Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн маанилери алар катышып турган сүйлөмдүн бүтүндөй алкагын, бүтүндөй ойду камтыйт. Алар сүйлөмдөгү ойдун, тигил же бул кыймыл-аракеттин ишке ашышынын мүмкүндүгүн, ыктымалдыгын, зарылдыгын, ишенимдүүлүгүн, шектүүлүгүн жана ойдун аткарылышына карата ишенгендикти, күмөн санагандыкты, кайсы бир окуянын болгондугунун анык же болжолдуу экендигин билдирет. Мына ушундай маанилик белгилери боюнча модалдык сөздөрдү төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот.

1. Ойдун чындыкка дал келүүсүн ырастап, кубаттап билдирүүчү модалдык сөздөр: **акыйкатта, албетте, арийне, дурус, сөзсүз, чындыгында, чынында, шексиз, ырас ж.б.**
2. Ойдун чындыкка дал келүүсүнө божомол, шектүүлүк, ыктымалдуулук маани берүүчү модалдык сөздөр: **балким, болжолу, керек, кыязы, мүмкүн, өңдөнөт, сыягы, сыяктуу, чагымда, шекилдүү ж.б.**

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. Негизги жана кызматчы сөздөрдүн айырмачылыктары эмнеде экен?
2. Кызматчы сөздөрдүн түрлөрүн ажыраткыла жана аларга кластер түзгүлө.
3. Ар бир топко мисалдарды өзүңөр келтиргиле.
4. Кызматчы сөздөрсүз тексттерди түзүп көргүлөчү.
5. Жандоочтор менен байламталар боюнча венддин диаграммасын түзгүлө.

**Өз алдынча иштөө үчүн темалар:**

1. Тубаса жана туунду байламталар.
2. Жандоочтордун жөндөмөлөр менен айкашуу мүмкүнчүлүктөрү.
3. Көркөм чыгармалардан бөлүкчөлөр менен модалдык сөздөрдү тапкыла жана алардын кепте аткарган кызматын ачып бергиле.
4. С. Үсөналиевдин «Морфологияны жана орфографияны окутуу» (Фрунзе,1985) эмгеги менен таанышкыла.

# ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУ ҮЧҮН КӨНҮГҮҮЛӨР

## Сөз тутуму

**1-көнүгүү. Асты сызылган сөздөрдү морфемаларга ажыраткыла. Негизги жана көмөкчү морфемаларды белгилегиле.**

***КЫРГЫЗ ТИЛИ***

**Кыргыз тили -** Кыргызстан Республикасында жашаган кыргыз элинин эне тили. Революцияга чейинки булактардан кыргыздарды буруттар, кара кыргыздар деп да аташканы белгилүү. Ошонун негизинде сүйлөгөн тилдери да бурут, каракыргыз тили деп аталган.

**Кыргыз тили - Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик тили. Азыркы кыргыз адабий тили** – нормага салынган, стилдери өнүккөн, өндүрүштүн бардык тармагын тейлей алган, ар тараптан изилденген, **узак тарыхы бар, бай, уккулуктуу, көркөм тил.**

Кыргыз тили дүйнөдөгү тилдердин генеологиялык классификациясы боюнча **Алтай же түрк-монгол тилдер тобунун** түрк группасындагы тилдердин катарында. Ал эми Н.А.Баскаковдун классификациясына ылайык **Түрк тилдеринин чыгыш хун бутагынын кыргыз – кыпчак группасын** алтай тили менен бирдикте түзөт. Морфологиялык турпаты боюнча **агглютинативдүү тил.**

Азыркы кыргыз тилинде территориялык белги негиз болгон **эки диалект** бөлүнүп көрүнөт: **түндүк** (Ысыккөл, Чүй, Нарын аймактары) жана **түштүк** (Ош, Жалалабад, Таластын түштүк-батыш аймактары).

Алгачкы кыргыз улуттук жазуусу **араб графикасынын** негизинде түзүлгөн. Андан соң 1926-1928-жылдар аралыганда **латын алфавити,** 1940-жылдары **кириллицага** негизделген жазуу системасы кабыл алынган.

**Кыргыз тилин изилдөөгө салым кошкон окумуштуулар:** М. Кашгари, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, И.А.Батманов, Т.Ахматов, К.Сартбаев,

Х.Карасаев, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, А.Жапаров, Ш.Жапаров, Б.Орузбаева, К.Дыйканов ж.б.

**2-көнүгүү. Тексттеги сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө ажыратып, мүчөнүн кайсы түрү экендигин көрсөткүлө.**

**Ишеналы Арабаев - кыргыз элинин тунгуч агартуучусу.**

Ишеналы Арабай уулу Кочкор районунун Күн-Батыш кыштагында 1882-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Ал ар кайсы жерде окуп, башталгыч билим алгандан кийин, 1990-1910-жылга чейин айыл-кыштак мектептеринде бала окутат. 1910-13-жылдары Уфа шаарындагы Галиянын мечитинен жогорку диний билим алып, жайкы дем алышта казак айылдарын кыдырып бала окуткан. Ал өзү менен бирге окуган Х.Сарсекеев деген казак жигит менен бирдикте кыргыз жана казак балдарына арналган «Алиппе жаки төтө окуу» деген китебин жазып, 1911-жылы Уфа шаарындагы «Шарк» басмаканасынан жарыкка чыгарат.

И.Арабаев 1913-жылы окууну бүтүрүп келгенден кийин, көлдө жана Нарында мугалимдик кылат. 1916-жылы үркүндө Үчтурпанга качып барып, кайра өз элине Октябрь революциясынан кийин гана келет. 1918-23-жылдары Түркстандын Жети-Суу обласстарында ар кандай жооптуу жумуштарда иштеп, кыргыз мектептерине мугалимдер даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат.

1923-жылы кыргыз жазуусуна 25 тамгадан турган реформаланган араб алфавити кабыл алынып, ошонун негизинде И.Арабаев биринчи жолку «Алиппесин» 1924-жылы түзөт. Кийинчирээк Султан, Сатыбалды менен бирдикте «Биздин мектеп» (1925), Х.Карасаев мектеп бирдикте «Жаңылыктар» деген (1927) алиппелерин чыгарат.

Мындан тышкары элдик оозеки чыгармаларды эл оозунан топтоого да көп эмгек сиңирген. 1932-жылы Ж.Д.Шалигулов менен 7 жылдык мектептерге арнап «Табият таануу» алиппесин түзүшөт. Бул акыркы китеби, андан кийин камалат. Бир топ кол жазмалары жоголот. 1958-жылы Түркстан согуш округунун прокуратурасы тарабынан ага коюлган күнөөсү далилденбегендиктен, кылмыш иши токтолуп, акталат.

Кыргыз элинин агартуу тармагындагы эмгеги жогору бааланып, биздин мамлекеттик педагогикалык университетибиз улуу инсан, агартуучу, окумуштуу, коомдук ишмер Ишеналы Арабаевдин атын алып жүрөт. Бул ысым 1992-жылы анын 110 жылдык юбилейинде берилген.

**3-көнүгүү. Тексттеги тубаса жана туунду уңгулуу сөздөрдү бөлүп жазгыла.**

Сен дүнүйө - мүлккө эмес, дүнүйө - мүлк сага кызмат кылсын. Нааданга, түркөйгө жана акмак менен маска эч качан насаат айтпагын. Сенин насаатыңды угуучулар турган жерде гана айтууну адатка айландыргын. Өзүңдүн нускалуу насаатыңды эч качан кор тутпагын. Өзгөлөрдөн бекерге тамак жебегин. Кол астындагыларга ар дайым ырайымдуу болгун. Бирөөнүн ырыскысына үзүлүп көз артпагын.

Ач кашында отуруп тамак жебе. Кокус ач кишини көрсөң, колуңдагы наныңды аяба. Тамак ичип отурганда кимдир бирөөнү ушактабагын. Ар дайым аялдардын арамза амалынан этият бол.

Бөтөн бирөөнүн мүлкүнө өз ээсинен да күйүмдүүрөк мамиле жасагын. Бирөөнүн үйүндө өкүм сүйлөп зордугуңду көрсөтпөгүн. Арамза пендени үйүңө түк жолотпогун. Карыя сөзүн кор тутпа. Эрди - катын ортосуна арачы түшпө. **(«Бабалардын 23 насааты»).**

**4-көнүгүү. Куранды жана уланды мүчөлөр жалганган сөздөрдү бөлүп жазгыла.**

Эң биринчи эне күйөт бети канап,
Эң биринчи эне сени эсине алат.
Билип кой!
Башыңдан чоң күнөө кылсаң,
Бир гана эне сени кечире алат.
Эне үчүн кара жанды үрөш керек,
Эненин бактысы үчүн күрөш керек.
Арийне, чоң күнөөнү кечиш үчүн,
Эненин жүрөгүндөй жүрөк керек.

Энени ардактайлы урмат кылып,
Арийне, эне ыйык, эне улук.

Мен анын мээримине теңдешкидей,
Дүйнөдөн күч таппадым карап туруп.
Эмгегин акташ үчүн көп иш керек,
Эмесе бир жүйөгө көнүш керек:
Эненин мээримин бүт сезиш үчүн,
Бир гана эне болуп көрүш керек. **(Э. Ибраев)**

**5-көнүгүү. Грамматикалык маани, грамматикалык категория, грамматикалык форма, грамматикалык каражат деген эмне? Ар бирине мисалдарды жазгыла.**

## Зат атооч

**1-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн ичинен адамзаттык жана адамзаттык эмес атоолорду тапкыла, эгер адамзаттык атоо болсо, анын кайсы түрү экендигин аныктагыла.**

Араб аалымдарынан Хаддад мындай дептир: -Өз перзенттерине жакшылык кылууну каалабаган ата-эне табылбаса керек. Тоонун берки бетин баары эле көрөт, аркы бетин көрө билген – көрөгөч, өткөн менен учурду талдап келип, келечекти көрө билүү – бул чыныгы даанышмандык. Асыл сапат адамдын тукум-тегинде эмес, өзүнүн жекече акылы менен салмактуу кулк-мүнөзүндө. Жакшылык менен жамандык - от менен суудай бири-бирине душман. («Залкар ой мурастары»).

**2-көнүгүү. Ыр саптарындагы конкреттүү жана абстракттуу, жандуу жана жансыз, тубаса жана туунду зат атоочторду тапкыла. Аларга сөз тутуму боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

**Тил жөнүндө**

Кыргызбы, кыргыз тилин билбесе,
Кыргыз тилин тепсеп тентип тилдесе.
Кыргыз тилим бир күнү өлүп жок болот,
Ата сүйлөп баласына бербесе.

Карап көрчү жакын турган Ташкентте,
Арданышпайт өз тилдерин билгенге.

Орус, татар, казак, кыргыз баары бир,
Сүйлөп турат «келиңиз» деп өзбекче.

Мейли дечи, тил көпүрө илим менен билимге,
Ашык дөөлөт баш жарбайт дейм, канча тилди билгенге.
Бириң дагы бурмалоого акың жок,
Сүйлөй берсин кыргыз болуп орус, кытай, немисче.

Эң негизги кыйнап жатат көөдөндө,
«Папа» деген кыргыз уулун көргөндө.
Үй бүлөдө кыргыз тилин укпаса,
Үйрөнөбү кыргыз тилин өлгөндө.

Ойлоп көрсөм үч сөз улуу кыргызда,
Ата-баба сүйлөп келген кылымда.
Эч болбосо үч сөзүңдү үйрөткүн,
Апа, ата, нан дегенди кыргызча.
Аша кетсем кечиргиле туугандар,
Мен дагы патриотмун кыргызга. (У.Д.)

**3-көнүгүү. Чакан текст түзгүлө. Тексттеги сүйлөмдөрдүн ичинен жекелик жана көптүк сандагы зат атооч сөздөрдү тапкыла. Зат атоочторго талдоо жүргүзгүлө.**

**4-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү зат атоочтор кайсы жакта экенин аныктагыла.**

1.Бардык жанды өз бооруңа тарта бил, жүзүң жарык болгун дайым ширин тил. 2.Баары тең атанын баласы, Бирок баары эле атанын уулу боло албайт. 3.Жигитчилик – уул баланын бийик сапаты, көркү, даңкы жана сыймыгы. 4.Сен үйлөнгөндөн кийин гана бүтүн адам болосуң. 5.Балаңды бешке чейин кулуңдай жумшагын. Андан ары тең атадай туюлат. 6.Аманат-адамгерчилигиңди текшерген казы. 7. Ата-эненин ыраазычылыгын алган адам эки дүйнөдө тең бактылуу болот.

**5-көнүгүү. Сүйлөмдөрдүн ичинен сөздөрдүн кайсы жөндөмө аркылуу өзгөргөнүн аныктагыла. Өзүңөр да жөндөлүштүн типтери боюнча мисалдарды келтиргиле.**

1. Ата-энең – сенин бак-таалайың. Аба болбосо, адам беш мүнөткө чыдай албайт. Суу жок болсо, адам беш күнгө зорго чыдайт. Ата-эне да ошондой эле керек.

Балдар үчүн ата - эненин эмгегине акча да, алтын да тең келбейт. Ата-эне өмүр бою: балам курсагы ачып калдыбы, үшүп калды бекен, - деп санааркап жашайт. Өзү кийбесе да, баласына кийгизет. Мен оорусам мейли, балам оорубасын дейт. Менден да, балам өмүрлүү болсун, - деп тилейт.

2. Ачуу-шайтан, акыл-дос, акылыңа акыл кош. Эненин сүтү менен тили баланын өмүрүнүн ачкычы эмеспи. Ачууга алдырбагын жеңилденип, турмушка түз карагын, анык көрүп. Чөптү кордосо, көзгө зыян, тишти кордосо, сөзгө зыян. Кышта көрсөң камылга-келерки күздө табылга. Мүнөздөн тагдыр жаралат.

**6-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө. Айырмачылыктарын белгилегиле.**

1. Адам, китеп, билим, жашоо, өмүр.
2. Китебибиз, билимим, жашоом, өмүрүм.
3. Китебиң, билимиң, жашооң, өмүрүң.
4. Минск, Омск, Томск, факт, нефть, фонд.

**7-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен жак мүчө уланган сөздөрдү тапкыла. Текстти улагыла.**

Комузу кыргызымдын - мурасы жети атамдын, укумдан-тукумуна калган байлык. Кай күнү чабылганын, күү качан жаңырганын эч ким билбес, тагдырдын сыры жабык…

Комсоо туруп жаралайсың жүрөгүмдү, жарышып үч кылыңдан чыккан добуш басаңдап шамал өңдүү, күүлөнүп дилден кайра, ар бир муун жаңылайт да ыргагыңды, жоготпой тээ байыркы кайрыгыңды, чертилет кыргыз дили мукам сайрап. Тээкти ашып өтөсүң-доор ашкандай тоолуктун жүрөгүнөн каргып дайра, кайгымды да, кубанычымды да даңазалап, көч өткөн сапарымды агылгалап, санжыра айтып терметесиң бешигимди, элимдин эртеңине ырыс каалап… Медерим, үч кыл комуз элимдин ыры дагы, ыйы дагы кошулуп, өзүң менен бул күнгө дабаан ашып кеткен экен…

**8-көнүгүү. Тексттеги сөз тизмектеринен куранды (сөз жасоочу) жана уланды (сөз өзгөртүүчү) мүчөлөр жалганган сөздөрдү ажыратып жазгыла.**

КЫРГЫЗСТАНДЫ ТААНЫЙЛЫ ЖАНА МЕКЕНИБИЗДИ ДАҢКТАЙЛЫ!

1991-жылдын 31-августу - Кыргызстандын көз карандысыздыгынын күнү. 1993-жылы Эгемендүү Кыргыз Республикасынын биринчи конституциясы кабыл алынган.Ушул эле жылы улуттук валютабыз - сомго ээ болгонбуз. Көз карандысыз эсеп-кысап, соода-сатык иштерин жүргүзөбүз.

Гербибиз 1994-ж 14-январда (автору А.Абдраев, С.Думанаев) кабыл алган. Анда касиеттуу Ысык-Көлдүн ары жагында Ала-Тоо алтын нурун чачыраткан күн. Эки капталында буудай менен пахтанын дестеси. Байыртан эң кадырлуу деп эсептелген Манастын Ак шумкары канатын жайып турат.

Мамлекеттик Гимн - мамлекетти, өлкөнү даңктаган салтанаттуу ыр (Гимндин сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулиевдики, музыкасы: Н.Давлесов К.Молдобасановдуку) 1992-жылы 18-декабрда Кыргыз Республикасыньн Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген.

Мамлекеттик Туубуз - 1992-жылы 5-мартта кабыл алынган. Автору С.Иптаров. Туудагы негизги белгилер: боз үйдүн түндүгү жана күн. Түндүк -жашоонун, үй-бүлөнүн, ынтымактын, чексиздикти, үзүлбөгөн өмүрдү элибиздин көчмөндүү тарыхын билдирип турат. Тундүктөгү айлана жашоонун чексиздигин, узүлбөгөн өмүрдүн символу. Кайчылашкан чамгарактар - үч кылдуу кыргыз комузунун элесин берип, дүйнөнүн төрт тарабын туташтырып тургандай сезилет. Туубуз мамлекеттик мекемелерде, салтанаттуу жыйында, спорттук жеңиштерде дайыма желбиреп Туу турат.

Туубуздагы күн нуру - кыргыз оюларынын элесин берип, түрдүү улуттарга нурун тегиз чачыратып турат.

Кыргызстандын жалпы аянты 198 чарчы чакырымга барабар. Акыркы маалымат боюнча, 2002-жылы августта Кыргызстандын 5 миллионунчу баласы төрөлдү деп жарыялады. Жети дубаныбыз - Чүй, Ош, Жалалабад, Ысыккөл, Талас,

Нарын, Кыргызстандын борбору -Бишкек төрт тарапты туташтырып турат.

Өсө бер, өркүндөй бер Кыргызстан! Бирок, өзгөрүү-өсүү - өзүңдү көрүп, таануудан башталат да, ансыз өзгөнү түшүнүү мүмкүн эмес. Кыргыз элинин улуттук байлыктары, кайталангыс өзгөчөлүктөрү, XXI кылымдын босогосун аттаган учурда мамлекетибиздин улуулугун даңктайлы, изилдейли, муунга берели, унутпайлы! Ар бир Кыргызстанда жашаган көп улуттуу элибиз, мекендештерибиз журтубуздун алдында кызмат өтөйлү. Адамда бир гана Мекен болот!

**9-көнүгүү. Зат атоочтун синоним сөз жасоочу мүчөлөрүн колдонуп, мисалдарды келтиргиле. Үлгү:**

1)-чылык //-лык: эсенчилик//эсендик…

2) –чы//-кеч: киречи// кирекеч…

3) –чы// -кер: пахтачы//паракор…

4) –чы//-кор: парачы//паракор…

**10-көнүгүү. Зат атоочтун синтаксистик жол менен жасалышына мисалдарды келтиргиле. Үлгү:**

1. Кош зат атооч: тууган-урук…
2. Кошмок зат атооч: жети ата, үч бурчтук…
3. Кыскартылган зат атооч: КМУ, БУУ…
4. Зат атоочтун эркелетүү, кичирейтүү маанидеги мүчөлөрү аркылуу:-чак, - тай, -бай, -й, -жан, -аке, -еке, -ке, -кай, -ай, -каш, ж.б.

**11-көнүгүү. Төмөнкү ыр саптарынан зат атооч сөздөрдү тапкыла. Алар кайсы санда, жакта жана жөндөмөдө турганын айтып бергиле.**

1.Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Манаска жерлигинен түткөндөй. (Манастан)

2.Ак кыянын боорунан
Агып чыккан аккан суу…
Зоодон сынбай бир жери

Кулап түшкөн аккан суу. (Жеңижок).
3.Жер бетине бүткөн кум,
Кумдан ойноп чыккан суу.
Жаркырап жердин койнунан,
Жайнап чыккан аккан суу. (Барпы)

**12-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү зат атоочту коюп, сүйлөмдөрдү жазгыла. Зат атоочтор сүйлөмдө кандай милдет аткарганын айтып бергиле.**

1.Мен чоң ….. баласымын. 2.Садагасы, анын ошондо ….. жардамдашканын, ….. жайдарысын түк өмүр бою унутпасмын. 3. Айдаган ….. келишсе, ийиктей ….. имерилтет го! 4. Ошол сулуу ….. ушул ….. эле.

**Тиешелүү сөздөр: үйдүн, апама, жеңемдин, шофёр, ташты, кыз, Айзада.**

**13-көнүгүү.Окуп чыгып, зат атооч сөздөрдү таап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Текстти өзүңөр аяктагыла.**

Жайлоодо.

Таштан жайында жайлоодо болду. Атасы Абдылда Кара-Коюнда мал багат. Жайлоодо аба таза. Түрдүү чөптөрдүн жыты буруксуйт. Сайда көк кашка суу. Сууда балык көп. Железде байланган бээлер, сабада бал кымыз толуп турат.

Таштан бир жолу эртең менен бээ айдап келгени барды. Көргөн көзүнө ишенген жок. Үйүрдөн алыс эмес тектирде кийиктер оттоп жүрүптүр…

**15-көнүгүү. Текстти көчүрүп жазып, энчилүү жана жалпы аттарды тапкыла.**

## ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕР ЖАШАГАН АЙМАКТАР

- Литва, Белоруссия, Украинанын батыш райондорунда жана Молдавиянын түштүгүндө гагауздар, крым татарлары, караим, крымчактар, урумдар;
- Кавказ аймагында азербайжан, кумук, карачай, балкарлар;
- Волга боюнда, Уралда татар, башкыр, чуваштар;
- Орто Азия жана Казакстанда өзбек, уйгур, казак, каракалпак, түркмөн, кыргыздар;

- Сибирдеги түрк элдери: батыш- сибирь татарлары, якут, тува, тофа, хакас, шор, алтайлар;
- Турция, Кипр, Сирия, Ирак, Ливан, Сауд Аравия, Болгария, Югославия, Греция, Румыния, Франция, Улуу Британия, ФРГ, Италия, Бельгия, Швейцарияда түрктөр, татар, гагауздар;
- Кытайда уйгур, казак, кыргыз, өзбек, татар, салар, сары уйгурлар;
- Иранда азербайжан, түркмөн, кашкай, афшарлар;
- Иракта түркмөн, түрктөр;
- Афганистанда түркмөн, каракалпак, казак, өзбектер;
- Монголияда казак, тувалар ж.б.

Негизинен түрк тилдүү элдер Сибирдин Лена дарыясынын бассейнинен тарта Жер Ортолук деңиздин чыгыш жээктерине чейинки аралыкка тараган. Түндүгүнөн урал; түштүгүнөн иран, семит; чыгышынан тунгус-манжур, монгол, кытай; батышынан славян жана кээ бир индоевропа тилдеринде (грек, албан, румын) сүйлөгөн элдер менен түздөн-түз байланышат.

## Сын атооч

**1-көнүгүү. Сын - сыпатты билдирген фразеологизмдерди таап, маанисин чечмелеп бергиле. Өзүңөр да ошондой мисалдарды келтиргиле.**

1. Уй түгүндөй көп калмак, каптап калган жер экен. («Манас»). 2. Жатаканада кой оозунан чөп албаган, биттин ичегисине суу куйган, мурдун балта кеспеген, деги койчу, ар түрдүү кыял жоругу бар студенттер жашайт. 3. Талаанын адырлары чаң ызгып, жылан сыйпагандай кубарат. 4.Жылаңач төөнү бучкакка чапкандай сүйлөдү. 5.Залдын ичи чымын учса угула тургандай. 6. «Жарайсың, эшектин кулагынан да түз», - деп бригадирибиз мени далыга чаап, мактап койду. 7.Ат үстүнөн иштей салуу-жаман адат. 8.Сени менен ит өлгөн жерге чейин барам. 9.Бир туруп ал чычкан мурду жөргөлөгүс бадал этегин көбөөлөгөн токойго барат. 10. Иттин мурду өткүс чытырман токой экен.

**2-көнүгүү. Төмөнкү антонимдерди катыштырып эркин темада дилбаян жазгыла.**

Тартиптүү-тартипсиз, семиз-арык, жумшак-катуу, ачуу-таттуу, терең-тайыз, жакшы-жаман, ак-кара, чоң-кичине, коркок-жүрөктүү, агыш-каралжын, малдуу-малсыз, маданияттуу-маданиятсыз, ичинде кири жок-котур ташы койнунда, уйдун бөйрөгүндөй-арасынан кыл өтпөгөн, эки тамчы суудай-асман менен жердей.

**3-көнүгүү. Окуп чыгып асты сызылган сөздөргө уланып турган мүчөлөр кандай мүчө экендигин түшүндүрүп бергиле.**

1.Алыкул көзүн чоңураак ачты да, ошол замат жума салды. 2.Балдар турганда күн чайыттай ачылып, мээримдүү нурун жердин бетине тегиз чачыратып турган учур эле. 3. Көк тукабадай асман мөлтүрөп, кең дүйнө жанга жыргалдуу өзүнчө бир мээримдик менен толгон. 4.Берметтей тизилген сансыз жылдыздар жымыңдашып, жер жүзүнө көрүндү. 5.Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-ирин үлбүрөгөн ак булуттар күндүн батаарда чачкан нуруна боёлуп, кызгылт тартып дүйнөгө жаңылык киргизгендей. 6.Сайкалдын күлүк ою кубанычтын түпсүз деңизинде сүзүп, ар түрдүү элестерди көз алдына келтирип, бакыттын жумшак мамыгына термелип жатты.

**4-көнүгүү. Сын атооч катышкан макалдардан айтып маанисин түшүндүргүлө. Өзүңөр да мисал жазгыла.**

**Мисалы:** 1.Өтүгү жаман төрдү булгайт, оозу жаман элди булгайт.2.Арык мал тырышчаак, ачка киши урушчаак. 3. Балаң жакшы болсо – эл башы,жаман болсо – эл душманы. 4.Таза жүргөндүн дени сак, дени сактын өмүрү узак. 5. Жылуу сөз жыланды ийининен чыгарат.

**5-көнүгүү. Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм, тексттерди түзүп, сын атоочторду даражаларына карата ажыраткыла.**

Чоң, кара, сары, кайраттуу, кабанаак, таарынчаак, чоңураак, көк ыраң, туптунук, көгөргөн, катуу, абдан жакшы, түптүз, кызгылтым, капкара, агыш, жапжашыл, бозомук, карагайлуу, саргыч.

**6-көнүгүү. Сын атоочторду сүйлөмдө аткарган кызматына карай талдап бөлүштүргүлө. Өзүңөр да мисалдарды жазгыла.**

- ✓ Арык семирет, ач тоюнат.
- ✓ Жаш күчү менен, кары кеңеши менен барктуу.
- ✓ Жашыл бат онсо, кызыл оңбойт.
- ✓ Жакшы ишке келет, жаман ашка келет.
- ✓ Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт.
- ✓ Жакшы жаңылса өзүн жемелейт,
  Жаман жаңылса өзгөнү жемелейт.
- ✓ Билими күчтүү минди жыгат,
  Билеги күчтүү бирди жыгат.
- ✓ Жаман жакшы менен жарашпас,
  Түз ийри менен карашпас.
- ✓ Жакшы күндө жаңы тилек тилейт,
  Жаман күндө ар кимди каргап шилейт.

**7-көнүгүү. Сын атоочтор катышкан сөз айкаштарын ажыраткыла.Андагы байланыштын түрүн көрсөткүлө.**

- ✓ Жакшыга жанаш, жамандан адаш.
- ✓ Залим менен жакын болсон, башын жерге кирер,
  Жакшыга жакын болсон, колун асманга жетер.
- ✓ Жакшыда кек жок, жаманда тек жок.
- ✓ Жакшы менен сүйлөшсөн, көнүлүн ачылат.
- ✓ Жакшыга бир сөз, жаманга мин сөз.
- ✓ Жакшыга жалынсан, жан калат,
- ✓ Жаманга жалынсан, биркашык кан калат.
- ✓ Жакшыга да бир ата,
  Жаманга да бир ата.
- ✓ Жалкоого шылтоо көп.

**8-көнүгүү. - ча мүчөсү тактоочту уюштурат. Бирок дайыма элеби? Төмөнкү мисалдарды талдап көргүлөчү. Өзүңөр да мисалдарды келтиргиле.**

✓ Баатырлардын аттары адамча сүйлөйт.

✓ Бул дөбөчө айыл аксакалдарынын башын бириктирип турат. ( А.Убукеев).

✓ Колундагы кутуча кимдердин колунан өтпөдү. (оозеки кептен).

✓ Үймө-үй кыдырганча,

Эмгектин үзүрүн сыдыр. (Ж.Баласагын).

- ✓ Адамдын кандай экени кирип - чыкканча билинет.
- ✓ Жаш балача жоксунбу?

**9-көнүгүү. Сөз тутуму боюнча талдоо жүргүзүп, сын атоочтордун жасалышына анализ бергиле.**

- ✓ Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат.
- ✓ Жакшы ишти алын жеткиче арбыт.
- ✓ Ачуулуу бектен оолак жүр.
- ✓ Кур атакты кууган эр өзүнүн түбүнө жетер.
- ✓ Арык кой тырышчаак,
  Ач киши урушчаак.
- ✓ Гүлдөн аары таттуу бал жыйнаса,
  Жылан ачуу уу жыйнайт.
- ✓ Эски дос эстен кетпейт,
  Жаңы дос баркка жетпейт.
- ✓ Балалуу үй - гүлүстан,
  Баласыз үй - көрүстөн.

**10-көнүгүү. Ыр саптарын морфемаларга ажыратып, унгу жана мүчөлөрдүн түрлөрүн аныктагыла. Сын атооч жана тактоочтордун лексикалык жана грамматикалык маанилерин айтып бергиле.**

**Нооруз майрамы.**

Нооруз майрам өзүнчө бир керемет,
Мына бүгүн күн менен түн тенелет.
Таттуу уйкунун кучагынан ойгонуп,
Жер энебиз бир калыпта термелет.

Баба дыйкан шаймандарын белендеп,
Кошко чыкты кара жерди тилем деп.
Үрөн себет бир Аллага жалынып,
Урпактарга кенен токоч берсе деп.

Карангыны жарга такап жарыктык,
Мына бүгүн күн абада талыкшып,
Кас душмандар достошууга кез келди,
Көралбастык, жек көрүүнү багынтып. (О.Намазбеков)
Түк жабалбас эч ким соңку барагын,

Турмуш менин окуп бүткүс сабагым.
Ачуу-таттуу, ысык-суук, ак-кара,
Эки жактуу жаралганын карагын.
Бири мерез, бири жеткен боорукер,
Жадакалса ар түрдүүчө адамың.
Мен алардын билбей туруп жаманын,
Жакшыларын кантип баалай аламын. (Э.Ибраев)

**11-көнүгүү**. **Сүйлөмдөргө толук морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

- ✓ Мээримдүү мейманды күткөнгө үй ээси да кубанат.
- ✓ Тартуулаган аттын тишин ачпа.
- ✓ Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укумуштуу касиети - алар бөтөнчө үндүү тил бүткөндөй жандуу теректер. (Ч.Айтматов).
- ✓ Миндеген дарт бар, бирок ден соолук жалгыз.
- ✓ Токтогул ары мыкты комузчу, ары мыкты ырчы болгондуктан, аны бардык эл абдан кадырлай турган. (Газетадан).
- ✓ Жакшы адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт.

**12-көнүгүү. Кандай? деген суроого жооп берген сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө. Бул сөздөрдүн сүйлөмдөгү морфологиялык жана синтаксистик кызматына токтолгула.**

- ✓ Жакшы атка бир камчы,
  Жаман атка мин камчы.
- ✓ Уста менен дос болсон, нар кескенин алаарсын,
  Жаман менен дос болсон, бир балаага каларсын.
- ✓ Барды жоготуп коюу - оңой,
  Жоктон бар кылыш - кыйын.
- ✓ Тери ашата албаган жыдытат,
  Айранды уюта албаган иритет.
- ✓ Жакшы болсоң, жатык бол,
  Улук болсоң, кичик бол.

**13-көнүгүү. Ыр саптарындагы сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыраткыла. Сын атоочтор менен тактоочтордун аткарган кызматтарына байкоо жүргүзгүлө.**

Ак шейшепке ороп сени,
Кичиненден баккан ким?

Уйку көрбөй узун түндө,
Таптап сени жаткан ким?
Жаны көйнөк, жаны шым,
Жарашыктуу тиккен ким?
Эмгек кылсын элге деп,
Тилеген ким, бөбөгүм?
Актап өскүн ак сүтүн,
Ардактуу асыл эненин.
Түн ортосу аба салкын, ай жарык,
Бирге жүрдүк бак аралап айланып.
Бир убакта мындай сунуш киргиздин,
Болдучу эми түн ортосу кайталык. (А.Осмонов).

Ай нурунда кышкы түн,
Айран төгүп койгондой.
Жанырыксыз токой - чер,
Уктап жатат ойгонбой. (А.Токомбаев).

Ширин кайда - анда даамсыз суу да бар,
Ар таттуунун артында ачуу уу да бар.
Таттуу өмүр ачуу өлүмгө барат ээ,
Жарык күнүм жалп деп өчүп калат ээ. (Ж.Баласагын).

**14-көнүгүү**. **Өздөштүргөн билиминерди текшерүү максатында төмөнкү суроолорго жооп берип, өзүңөрдү баалагыла.**

- ✓ Сын атоочтун аныктамасы.
- ✓ Сын атоочтун сүйлөмдө алган орду.
- ✓ Сын атоочтун түрлөрү, аларга берилүүчү суроолор.
- ✓ Сын атоочтордун жасалышы.
- ✓ Тактоочтун аныктамасы.
- ✓ Тактоочтун сүйлөмдө алган орду.
- ✓ Тактоочтун түрлөрү, аларга берилүүчү суроолор.
- ✓ Тактоочтордун жасалышы.
- ✓ Сын атооч менен тактоочтун даражалары.
- ✓ Эки сөз түркүмүнүн окшоштугу.
- ✓ Эки сөз түркүмүнүн айырмачылыгы.

## Сан атооч

**1-көнүгүү. Цифра менен берилген сандарды жазуу аркылуу берип, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.**

Биздин доордун улуу жазуучусу Ч.Айтматов 1928-жылы Таластын Шекер айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1970-жылы «Эрте келген тураналар», 1977-жылы «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повесттери үчүн Токтогул атындагы мамлекеттик сыймыкты жана Италиянын «Эртурия» сыйлыгын алган.

Жазуучунун чыгармалары көп тилге которулду. «Ак кеме» 27 тилге, «Гүлсарат» 25 тилге, «Кылым карытар бир күн» 20 тилге, «Саманчынын жолу» 18 тилге которулуп, бир нече жолудан басылып чыкты. Ч.Айтматовдун чыгармалары азыркы күндө дүйнөлүк классиканын катарында турат.

**2-көнүгүү. Текстти окуп чыгып, жөнөкөй жана татаал сан атоочторду ажыратып айтып бергиле.**

### Дүйнөдө канча тил бар?

Бул суроо ондогон жылдар бою дүйнөнүн көптөгөн окумуштууларын кызыктырып, атайын изилдөө иштери жүргүзүлүп келе жатса да, алигиче биротоло чечиле элек. Б.а. азырынча так жооп жок, 4 миңден 7 миңге чейинки ар кандай сандар айтылып келе жатат. Бул көрүнүш, барыдан мурда, тилдердин «жандуулугу» менен түшүндүрүлөт. Айрым тилдер колдонуудан калып, өлүү тилге айланса, айрым тилдердин диалектилери алыстап отуруп өз алдынча тилге айланышы, кээ бир тилдерде абдан эле аз сандагы (болгону ондогон адам) адамдардын сүйлөшү, башка өнүккөн же көп сандуу элдердин сүйлөгөн тилинин майда тилдерди жоюп жибериши ж.б. себептерге байланыштуу сандык өзгөрүүлөр дайыма болуп турат.

Дүйнөлүк экинчи согуштан кийин жер шарында 12 миңден ашык тил болгон. Элүү жыл ичинде алардын 6 миңге жакыны жок болуп, азыркы күндө дүйнөдө 6200 тил калды деген маалымат да бар.

Айрым маалыматтарга караганда дүйнөдө азыр 6528 тил бар. Ал тилдер континенттер боюнча төмөнкүдөй санда тараган:

Европада: 209 тил, бардык тилдердин - *3%;*

Азияда: 2034 тил, 31%;

Африкада: 1995 тил, 31%;

Тынч океанда: 1341 тил, 21%;

Америкада: 949 тил, 15%.

Эл аралык статистиканын 1994-жылкы маалыматы боюнча жер жүзүндөгү түрк тилдүү элдердин жалпы саны - 149 миллион, 182 миң. Алар төмөнкү түрк тилдеринде сүйлөшөт: түрк - 65,7 млн.; өзбек - 20, 9 млн.; азербайжан - 17,1 млн.; казак- 11,5 млн.; уйгур - 8,6 млн.; татар - 8,5 млн.; түркмөн -5,4 млн.; кыргыз - 3,3 млн.; чуваш - 2,5 млн.; башкырт - 2,0 млн; кырым - 790 миң, кашкай - 785 миң, кызылбаш - 630 миң, каракалпак - 475 миң, саха - 400 миң, шаксыбан - 320 миң, кумук - 315 миң, тува - 250 миң: месхет - 225 миң, гагауз - 223 миң, карачай - 170 миң, кипрликтер - 155 миң, карапапак - 105 миң, салар - 95 миң, хакас - 93 миң, ногой - 90 миң, алтай - 85 миң, букара еврейлери - 40 миң, хажар - 38 миң, карадаг - 35 миң, уранкай - 30 миң, шор - 20 миң, сары уйгур - 14 миң, хотан - 5 миң, карайым - 4 миң, кырымчак - 2 миң, тона - 1 миң.

**3-көнүгүү. Төмөнкү суроолорго жооп жазгыла жана ал сүйлөмдөргө сөз тутуму, өз түркүмү боюнча талдоолорду жүргүзгүлө.**

1. Чыңгыз Айтматов канчанчы жылы туулган?

2.Улуу Ата-Мекендик согуш канчанчы жылы башталып, канчанчы жылы бүткөн?

3.Кыргызстандын конституциясы канчанчы жылы кабыл алынган?

4.Кыргызстандын валютасы качан кабыл алынган?

5. Бир метрде канча сантиметр бар?

**5-көнүгүү. Төмөнкү сан атоочтордон иреттик, жамдама, чамалама, топ, бөлчөк сандарды түзүп, сүйлөмгө катыштырып, математикалык тексттерди жазгыла.**

2, 4, 6, 10, 22, 77, 105, 360, 751, 1000

**6-көнүгүү.Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Сан атоочтордун алдын сызып, анын түрлөрү боюнча ажыраткыла.**

1.Эки бала чемодандарын жерге коюп, булакка чуркап барышты.2.Үрүстөм карыя укурук сүйрөтүп, атчан келе жатканын көрүп, эки бала алдынан тосуп чыгышты. Карыя

алтымышка жакындап калса да күүлүү эле. Алардын бирин алдына, экинчисин артына учкаштырып алды.3.Кадыр, Наамат, Жалил – үчөө көпкө чейин сүйлөшүп олтурушту. Үчөөнө сүйлөргө сөз, угууга кулак жетишпей жаткансыйт.4. Айбек Айгүлдөн алты жаш улуу. Азыр жетинчи класста окуйт. Айгүл атасы аскерге кеткенден үч ай кийин төрөлгөн. Быйыл 1-класста окуп жүрөт. 5.Айгүл чуркап барып, беш-алтыдай музоону айдап, Айбектин жанына келди.6. Жер бетинин 2\3 бөлүгүнөн ашыгыраагын океандар менен деңиздер ээлеп турат.7.Айзат июндун он бешине жакын Чолпон –Ата курортуна барат.

**7-көнүгүү. Окуп чыгып, сан атооч сөздөрдү таап, сан атоочтун кайсы түрүнө кире тургандыгын, кандай мүчө аркылуу иреттик, жамдама, чамалама сан атоочтор жасалгандыгын ажыраткыла.**

1. Жер күндүн тегерегинде үч жүз алтымыш беш күн, алты сааттын ичинде толук айланып чыгат. Күндүн тегерегинде жердин толук айланып чыгуусуна кеткен убакыттын мезгилин биз жыл деп айтабыз. Жердин бир баскан жолу он эки бөлүккө бөлүнөт. Жердин өз жолунун он экиден бир бөлүгүн басып өтүүгө кеткен убакыттын мезгили ай деп аталат.

2. Азов деңизи Кара деңиз менен Керчь тар кысыгы аркылуу туташып турат. Бул деңиз өтө тайыз. Анын эң эле терең жери 14,5 метр. Аянты 37 миң км. квадрат. Жайында деңиз суусунун үстү өтө жылыйт. Жээктеги температура 30 градуска чейин жетет. Кышында деңиз бүт бойдон дээрлик үч ай тоңуп калат. Бир жылдын ичинде мындан 250 миң тоннадан ашык балык кармашат.

3. Кыргызстан түндүктөн түштүктү карай 415 км ге, батыштан чыгышка карай 900км ге созулуп жатат. Кыргызстандын аянты 198,7 миң квадрат метр.

4. Абыл, Аман аке, Айша, Жусуп – төртөө жайылып жаткан койду карап турушту. Койдун артында колдоруна бирдеме кармаган үч-төрттөй балдар көрүндү.

5. Конференцияга элүүдөй студент катышты.

6. Экзамен берип бүтүп, үч-төрт күн өткөндөн кийин П-22-группанын кыздары айылдарга тарап кетишет.

**8-көнүгүү. Төмөнкү сан атоочторду жөндөгүлө.**

Отуз, төртүнчү, ондон беш, үчөө, үч жүз жыйырма беш, ондор, жети окуучу.

**9-көнүгүү. Сан атоочторго мүнөздөмө бергиле. Өзүңөр да сан атоочтор катышкан макал-лакаптардан жазгыла. Маанилерин чечмелегиле.**

1. Жүз жолу уккандан, бир көргөн артык.
2. Жети өлчөп, бир кес.
3. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.
4. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт.
5. Арачыга алты таяк.
6. Атадан алтоо болсоң да, бир жалгыздык башта бар.
7. Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү миңди жыгат.
8. Кызга кырк үйдөн тыюу.
9. Кыздын кырк чачы улуу.
10. Аталуудан алтоо болгончо, энелүүдөн экөө болгон жакшы.
11. Сөз бирөө, кулак экөө.
12. Бир карын майды, бир кумалак чиритет.
13. Жасаганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.
14. Билгениң тогуз, билбегениң токсон тогуз.
15. Жетинин бири кыдыр.
16. Бирөөнүн өлүмүн тилегенче, өз өмүрүңдү тиле.
17. Адам болуш аста-аста, айбан болуш бир паста.

**10-көнүгүү. Сан атоочтор катышкан жаңылмачтардан, табышмактардан, физминуткалардан айтып жарышкыла. Ким көптү билет? Мисалы:**

Атам барып базарга
Алып келди үч жаңгак.
Ачып аны карасак
Ар биринде жүз жаңгак.
Онун берди Бейшеге.
Он экиси Шейшеге.
Жеңишбекке жетисин.
Эшкул ээлеп экисин
Белек алды бешти.
Канчаны алар жешти? **(«Байчечекей» журналы).**

## Ат атооч боюнча көнүгүүлөр

**1-көнүгүү. Текстти көчүрүп, ат атоочтордун алдын сызгыла. Морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

Балдар, силер ар түрдүү китептерди окууну жакшы көрөсүңөр. Ошол китептерди окуп чыккандан кийин, ал китептин баатырлары менен достошуп, аны менен бирге саякатта жүргөндөй болосуңар. Китеп силердин кыраакылыгыңарды өстүрүп, өзүңөрдүн мекениңерге берилген мыкты кишилерден кылып тарбиялоого жардам берет. Ошол силер окуп чыккан китептердин тарыхы абдан чоң.

**2-көнүгүү. Кара тамга менен басылган сөздөрдүн ордуна ал, сен, силер деген сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. Өзүңөр да бул катарды уланткыла.**

1. Акман окуудан тарагандан кийин, ата-энесине жардам берет.

2. Жумаш, бүгүн жыйналышка кечикпей кел.

3. Балдар, сабакка жакшы даярдангыла.

**3-көнүгүү. Сүйлөмдү окуп чыгып, шилтеме ат атоочторду ажыраткыла.**

1. Тетиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан.
Ал тигил кызыл жоолукчан,
Чекеси тердеп суу аккан. (Ж.Т.)

2. Ана, тетиги колдорундагыны да өзүлөрү жасашты. (Н.Б.)3. Кубаныч бар, анын бары – мына бул эмгек төлү.4. Бул киши ушул шаарда, мен анын инисин издеп жүрөм. (К.Б.)

5. Булбулу бакта сайраган,
Кымбатым кыргыз биздин эл,
Ушундай жерди жайлаган.

6. Коюу түндүн кучагынан,
Тигил кайсы үн салган.
Күткөн Жапар ошол болот,
Биз жалпыбыз нурданган.

**4-көнүгүү. Төмөнкү сурама ат атоочторду оозеки жөндөп, жөндөлүш өзгөчөлүгүн айтып бергиле.**

Ким? Эмне? Качан? Кайда? Кандай? Кайсы? Канча?

**5-көнүгүү.Сүйлөмдүн маанисине карата кашаанын ичиндеги сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Ошол ат атооч сөздөрдүн алдын сызып, жөндөмө уланганда алардын кандай өзгөрүүлөргө дуушар болорун айткыла.**

1. (Биз) Кыргызстанда (өзү) электростанциялары бар. 2. (Биз) Ала -Тоонун жери зор, (ал) табигаты ар түрдүү, жер байлыктары түгөнгүс. 3. Токтогул бай-манаптарды мактап, (алар) кошомат кылып ырдабагандыгы үчүн (ал) жек көргөн. 4.(Алар) жүздөрү жарык, көңүлдөрү көтөрүңкү. Өткөн жылдагы ийгилик (ал) кубантып, дагы жаңы ийгиликке шыктандырды. 5. Динар үйдө (өзү) башка эч ким жок болгондон кийин, чоң эненин көз айнегин алып көзүнө кийди да, сабагын жаза баштады.

**6-көнүгүү. Текстте кездешкен ат атооч сөздөргө талдоо жүргүзгүлө.**

## Токтогул Сатылганов (1864-1933)

Токтогул Сатылганов Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түндүк батыш тарабындагы Кушчу-Суу деген кыштакта 1864-жылы кеч күздө кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул туулуп-өскөн жерге анын ысымындагы Токтогул совхозу орношкон.

Токтогулдун атасы Сатылган ашкан кедей адам эле. Жалгыз өгүзү менен эптеп жер чийип, ага жүгөрү менен буудай сээп, ошону менен үй-бүлөсүн бага турган. Бирок жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн, манаптардын ыгым-чыгымы мүңкүрөтүп жиберип, акыры Анжыян багытын көздөй качып кетүүгө туура келди. Энеси Бурма - жедигер уруусунан чыккан Орозбай дегендин кызы. Ал - акылдуу, адамга мээримдүү, ошол аймактагы ашкан кошокчу аял эле дешет.Сатылган менен Бурма жаш балага кыргыздын оозеки эл чыгармаларынан: ырларынан, жомоктордон жана башкалардан дайыма айтып бере турган. Анын өзү оозеки эл чыгармачылыгын аябай сүйүүгө,болочок акындын шыгынын жаралышына, талантынын эргишине таасир этпей койгон эмес. Акындын өзүнөн уккан замандаштары анын көп кырдуу таланты жөнүндө эчен аңыз сөздөрдү эске салат.

Токтогул Сатылганов турмушка сезимдүүлүк менен карап, кысталуудан кантип чыгуу жөнүндө ой жүгүртөт:

Атам байкуш алсырап,
Ичимен сызам кансырап,
Жабырды тартпай не кылам,
Кимге барам мал сурап?

Токтогул - кыргыз элинин улуу акыны. Анын чыгармачылыгы XIX кылымдын сексенинчи жылдары менен XX кылымдын отузунчу жылдарынын аралыгындагы мезгилди кучагына алат. Мына ушундан акындын чыгармачылыгы феодалдык бийлик үстөмдүк кылып турганда башталып, советтик жаңы түзүлүштүн алгачкы мезгилине туш келгени көрүнүп турат. Эгер өткөн доордо эмгекчилер өз эркиндиги үчүн жергиликтүү бийлөөчүлөргө жана падышалык режимге каршы күрөшүп келсе, Совет бийлиги орногон алгачкы мезгилде тап душмандардын калдыгын жоюу, жаңы социалисттик түзүлүштү чыңдоо сыяктуу чоң саясий мааниси бар революциячыл иштер жүргүзүлдү. Токтогул өткөндөгү жана жаңы коомдук түзүлүштү көрдү, ар кандай элдик иштерге активдүү катышты, чыгармачылыгын улантты. Токтогул эки доорду көрдү, эки доордо тең чыгармаларын жаратты.

**7-көнүгүү. Тексттердеги зат, сын, сан атоочторду ат атооч сөздөр менен алмаштырып, иштеп чыккыла.**

**Биринчи накыл:** Адегенде өзүңдү тааны. Өзүңдү толук билип алган соң илим, өнөр, адеп үйрөнүүдөн тартынба. Өз өмүрүңдү наадандык кейип кийип отуруп, айбандыкка жеткирбегин. Эгерде өнөр, илим сенден ыраактап кеткен болсо дагы, сен аны издеп тапкын. Колуңда турган ар кандай буюмду дагы, дүнүйө мүлкүңдү дагы алган илимиңден үстөм койбогун. Сен ар дайым бул жалганда чамгарак атып турсаң дагы, тынымсыз тиги дүйнөнүн дагы камын жеп тургун. Эч убакта сен тигил дүйнөнүн күнүн бул дүйнөнүн кадырына сатпагын. Ар дайым сен сөз сүйлөө учурунда айтууга ылайыксыз келген нерселер жөнүндө ыпым дагы ооз ачпагын. Издөөгө ылайыксыз болгон нерселерди дагы эч убакта сүйлөбөгүн.

**Экинчи накыл:** Даанышмандар насыйкатын эч убакта унутпагын. Бирди жарым иш жасап жаткан учурда эч убакта убакытты текке өткөрбөгүн. Ар кандай ишти иштин көзүн

билген билерманга тапшыргын. Акыр түбү келип зыянга батыруучу иштерден этият болгун. Ар бир иштин алды-аркасын ойлогун. Даанышмандар менен дайыма жайдары мамиле түзө бил. Сыналган нерсени кайрадан сыноону эч убакта адатка айландырбагын. Кутман карылардын сөзүн ар дайым урмат кыла билгин.

**Үчүнчү накыл:** Кичи пейилдикти ар дайым өзүңө кесип кылып тутунгун. Ар дайым өзүңдү такыбалыктын таза жолунда тааныткын. Курсантчылыкты байлык деп билгин. Маркумга кылган ариетиңдин кадырына жеткин.Өзүң тууралуу артында жакшы ат калтыргын. Кимдир бирөөлөрдүн муңдуу кайгыруусун угуп отурган чакта сен өзүңдү шатыра-шатман шайыр кылып көрсөтпөгүн**. («Бабалардын 23 насааты»)**

**8-көнүгүү. Тексттен ат атооч сөздөрдү таап, морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Асты сызылган сөздөрдүн грамматикалык маанилерин атагыла.**

Көтөрөрсүң **турмуш** башка салганын,
Көтөрөсүң тиричилик салмагын.
**Жылаанды** да ийиктирет жылуу сөз,
Менден жакшы түшүнөрсүң ал жагын.
Өмүр **бизге** бир берилет жашоодо,
Өтө чаап өкүмдүккө барбагын.
Аттиң дүйнө,
**Эмне менен** ченейбиз,
**Суук сөздөн** көңүлүңдүн калганын?!
Мезгил шашып жатса да сен **шашпайсың,**
Узай албай бир орунду таптайсың.
Турмуш татаал биз билбеген жагы көп,
Бирөө сага, же **бирөөгө** жакпайсың.
**Аз** өңдөнүп жыйган-терген дүнүйөң,
Көзүң тойбой тырмалаңдай баштайсың.
Кургап-тердеп издесең да **баары бир,**
**Ден соолуктан** өткөн бакыт таппайсың. **(Э.Ибраев)**

**9-көнүгүү. Жомоктун мазмуну боюнча буклет түзгүлө. Өзүңөр да ушундай жомокторду жаратууга аракет кылгыла.**

Тээ, байыркы өткөн заманда өзү абдан акылдуу, чынчыл, калыстыгы как жарган Ат атооч деген адам жашаган экен. Аялы күн нуруна күндө жуунуп, таза жүргөн сулуу аял болуптур. Ал

суугa чайынып, тарангандан кийин тим эле айдай суйкайып калчу дешет. Бирок булар көп жылы бала көрбөй жүрүшүп, кудайдан көп тилешкен экен.

Күндөрдүн биринде булардын тилеген тилеги кабыл болуп, үч уулдуу, үч кыздуу болушуптур. Үч уулуна атты атасы Ат атооч, үч кызына атты энеси коюптур, балдар!

Балалуу болгон Ат атооч ата көпкө ойлонуп отуруп, **заттын атын же алардын белгилерин атабай, аларды жалпылап көрсөтүүчү сөздөрдү тандап коюптур.**

Эң улуу уулунун аты Жактама экен. Ага **мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер, алар** деген сөздөрдү, экинчи уулуна **Шилтеме** деген ат коюп, ага дагы **бул, тигил, ошол, тетигил** деген сөздөрдү, үчүнчү уулуна **Сурама** деген ат коюп, **ким?, эмне?, кайсы?, кандай?, кайда?, качан?** деген сөздөрдү ар бирине атайылап энчилеп бериптир.

Күндөрдүн биринде аялы кыз төрөптүр. **Акылдуу эне** Ат атоочко кеңешип, сен, уулдарыңа атты өзүң койдуң, ар бирине тиешелүү сөздөрдү да энчилеп бердиң. Эгер капа болбой, калыстык кылсаң, кыздарыма атты өзүм коёюн, сенин жолуңду жолдоп, мен да кыздарыма өз аттарына ылайык келген сөздөрдү энчилеп берейин, - дептир. Акылдуу ата бул айтылган жүйөөлүү сөзгө абдан ыраазылыгын билдирип макул болуптур. Биринчи кызына **Тангыч** деген ат коюп, ага **эч ким, эч качан, эч кандай, эч кайда, эч бир, эч нерсе** деген сөздөрдү, экинчи кызына **Аныктама** деген ат коюп, **баары, бүткүл, бардыгы, өзүм, ар бир, ар кандай, ар кайсы, ар ким** деген сөздөрдү, үчүнчү **Белгисиз** деген кызына **кимдир бирөө, кандайдыр бир, алда кандай, алда эмне, качанкы бир** деген сөзөрдү энчилеп бериптир. Энеси эң кичинекей кызын эркелетип, Күдүк деп да чакырчу экен.

Күндөрдүн биринде **Ат атооч ата** уул-кыздарын чакырып алып:

- Силердин кызматыңар, иштеген ишиңер да болуп жатат. Кошумча дагы баш (**ээ, баяндооч**) жана айкындооч мүчөлөрдүн **(аныктооч, толуктооч, бышыктооч)** милдетин аткарасыңар. Бул силердин эл үчүн кылган зор кызматыңар болот, – дейт. Буга Ат атооч атанын балдары макул болушат. Ошентип, Ат

атоочтор ошондон баштап, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарып, жыргап жатып калышкан экен.

## Этиш

**1-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен этиштин ыңгайларын тапкыла. Алар кайсы мүчөлөрдүн жардамы менен жасалгандыгын айтып бергиле.**

1. Күн асмандын нурданган көркү болсо, абийир- адамдын нурданган көркү. 2. Сууну көп кечсе – чалчык болот, Сөздү көп сүйлөсө - тантык болот. 3. Ач койнуңду, оо, менин Мекеним. 4. Кош балдагын басып турат, Кабар келсе шашып турат. 5. Бүт дартымды өз мойнума алайын, Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт.6. Таш менен жапалакты урса да, жапалак өлмөкчү, жапалак менен таш урса да, жапалак өлмөкчү. 7. Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот.

**2-көнүгүү. Этиштин чактарын аныктагыла. Аныктамаларын айтып, түрлөрүн, мүчөлөрүн көрсөткөн таблица, схемаларды иштеп чыккыла.**

1. Чаалыкпаган, тынбаган экен,
Чапсам ыйлап, сынбаган экен.
Тим турбайт да кургаган экен,
Тийгенин кир кылбаган экен.
2. Тийбесе адам жылбаган экен,
Тили жок туруп ырдаган экен.
Ичегиси болоттон
Ийнеси бетин тырмаган экен.
3. Жаш жетилет, болот кетилет.

4. Илгери өткөн заманда Дыйканбай деген мергенчи болуптур. Короосунда малы жок, жалаң мергенчилик менен күн көрүптүр. 5. Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан опаа көрөрсүң. 6. Бар качаган кутулбас, жок качаган тутулбас. 7.Дос сыртыңдан мактаар, душман көзүңчө мактаар.

**3-көнүгүү. Берилген мисалдардан этиштерди таап, талдоо жүргүзгүлө. Мисалы: Адам жакшылыкка өмүр бою <u>аракеттенет.</u> Аракеттенет – жай ыңгайды, учур – келер**

**чакты, өздүк мамилени, өтпөс маанини, III жакты, оң форманы билгизип турат.**

1. Жер тоосуз болбойт. 3. Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө кайдан чыгат. 4.Жер үстүндө жездекемдин аты кишенейт. 5.Акылдуу көөдөнүн көтөргөнчө, акылсыз муштумун көтөрөт. 6.Алтын десе – жагымдуу да, сыйкырдуу да угулат. Жаратылышта алтындан жүз эсе кымбат, же жүз эсе арзан кендер бар. Бирок баарынан кымбат, баарынан барктуу, баарынан баалуу алтын болуп келди. Алтын байлыкты гана эмес, кооздукту, сулуулукту, көркөмдүүлүктү да аныктады. Аны менен адамдар сулууланышты.Алтын менен адамдын атын аташты. Алтын адамдын эмгегин, эрдигин баалоого да кызмат кылды.

**5-көнүгүү. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн ичинен этиштин өзгөчө формаларын таап астын сызып, этиштин кайсы формасы экенин айтып бергиле. Өзүңөр да ушундай мисалдардан жазгыла.**

1.Билимди алып, аны пайдаланбаган адам жерин айдап, үрөнүн сеппеген дыйканга тете. 2. Акыл-тозбогон тон, билим-түгөнбөгөн кен. 3. Көп жойлогон түлкү капканга түшөт. 4. Күн тийбес тамда жатамын. Күч кетип, эс ооп, алсырап. 5.Жазуу-адам коомундагы эң улуу табылгалардын бири.

**6-көнүгүү. Этиштин кайсы сөз түркүмүнөн жасалганын аныктагыла. Этишти жасалышын чагылдырган буклеттерди жасагыла.**

1. Эсептешкен дос болбойт. 2.Бөтөлкө менен достошкон, өмүрү менен коштошот. 3.Карагайды балталап комуз чаптым. 4.Биримкул тарткан сүрөтүн кооздой баштады. 5.Группадан начар билген студенттерге жардам бергиле.6. Билимдүүмүн деп билимсизди кемсинтпе.

**7-көнүгүү. Макал-лакаптарда кездешкен этиш сөздөргө сөз тутуму боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

Кулактан кирген суук сөз,
Жүрөккө жетип муз болот.
Билимдүү билгенин иштейт,
Билбеген бармагын тиштейт.
Жоголгон байлыктын орду толсо да,
Жоголгон убакыттын орду толбойт.

Кези келсе кетмен чап.
Кайрылбаган-кайрылсын, ийилбеген ийилсин.
Эгиндин жайын эккен билер,
Арабанын жайын чеккен билер.
Айтылган сөз акыл болсо,
Уккан кулак макул болот.
Жакшы кошунаң-бөксөрбөгөн казынаң.
Көп жашагандан сураба,
Көптү көргөндөн сура.
Ойлоп сүйлөгөн алкыш алаар,
Ойлобой сүйлөгөн каргышка калар.
Өнөр - агып жаткан булак,
Илим - жанып турган чырак.

**8-көнүгүү. Төмөнкү тексттен этиштин өзгөчө белгилерин (атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч) тапкыла жана алардын этиштик белгилерин аныктагыла. Тексттерди өзүңөр аяктагыла.**

1. Кыргыз эли жылдан чоң убакытты эсептөө бирдигин мүчөл дешкен. Мүчөл жылдардын кандайча жаралышы жөнүндө Махмуд Кашкари мындай болмушту келтирген. Түрк кагандарынын бири өзүнөн бир нече жыл мурда болгон согушту изилдемекчи болот. Бирок анын күнүн тактоодо аябай кыйналат. «Биз кыйналгандай болуп, бизден кийинки муундар да кыйналбасын, андыктан он эки ай менен асмандагы он эки зодиактын атын негиз кылып, он эки жылга ат коюшубуз керек. Кийин жыл эсеби ошол жылдардан айланышы боюнча жүргүзүлсүн жана бул нерсе жакшы салт болуп калсын», -деп сунуш кылган…

2. Кеч кирип келе жаткан. Жоламан экөөбүз коюбузду бөлүп алдык да, жон ылдый куюлтуп жөнөй бердик. Жер алай-дүлөй түшүп, кардуу бороон ышкырып турган. Бети-башыбызды тумчулап, араң жүрүп келебиз. Бир кезде мен артымды бурулуп карай калдым. Үч карышкыр булак этип жонго чыга түштү да, так Жоламандын коюнун тушунан качырып сала берди. Мен көрө коюп, чыйылдаган жапыз үнүм менен кыйкырып калдым эле, бирөө жай кайра тартты…

3. Мейман келсе түк бүркөбөс кабагын,
Менин элим сыйкор келет карагын.

Ата-бабам акы доолап көрбөгөн,
Арнап берет, каалап берет тамагын.
«Дүнүйөбү, колдун жууган кириндей,
Тирүүлүктө түз болсун дейт саламың».
Анан дагы бир эсиңе саларым:
Табууң мүмкүн арасынан жаманын,
Табалбайсың асты ашка сараңын. (Э.И.)

**9-көнүгүү. Кыймыл-аракеттин башталышын, өнүгүүсүн жана аякталышын билдирген этиштерди катыштырып эссе, тексттерди түзгүлө.**

**10-көнүгүү.** Этиш менен экен, эле, билбейм, бейм, бекен деген жардамчы сөздөр аркылуу жасалган этиштик татаал формаларды пайдалануу менен өз алдынча ой жүгүртүп, кызыктуу окуяларды баяндап, жомок жазып келгиле. Ага тема коюп, идеясын чечмелегиле.

## Тактооч

**1-көнүгүү. Тактоочторду таап, алардын астын сызгыла.**

1.Берилген ишти так аткаруу керек. 2.Үмөтаалы атасынын кызыл ала болгон денесин корумдун арасынан эртеси табат. 3. «Баса, өгүнү карышкыр тамактап кеткен төрт кой эмне болду?»,- Наташа адатынча сөздүн башын кыйытты. 4.Окуучулар каникулду бошко кетиришкен жок.Жайында, күзүндө ата-энелерине жардам беришти. 5.Башы-көзү канжалап, жүзтөмөнүнөн жыгылып бир киши жатат. 6.Шаардыктарча чач койгон, колунда сааты бар. 7.Ал эртең асма көпүрө аркылуу Байдамталдын төрүнө барыш керек. 8.Силер да өзүңөрдү окууда жана эмгекте тартиптүү кармагыла. 9. Берилген ишти так аткаруу керек. 10.Керим эрте келип, кеч кайтты. 11.Жанетта Бобкова орусча сүйлөп, кыргызча ырдады. 12. Эмгек акыбызды эмгек күнүбүзгө карата акчалата да, эгиндете да берди. 13.Асен байке өз ишин беш колдой билет. 14. Жаандуу караңгы түндө эмес, күндүзү жүрүү дагы кыйын эле. 15. Ал бул жерге ушуну менен үч келди.

**2-көнүгүү. Текстти көчүрүп жазып, алардын ичинен тактоочторду тапкыла. Тактоочторго сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

Жыйын-теримдин биринчи күнү өзүнчө эле майрам эмеспи. Ушунча болуп, ал күнү кабагы суз адамды көрө албадым. Майрам деп ал күнү эч ким айтпаса да, кандайдыр, ар кимдин үнү да шаңдуу, өзү да, айдаган арабасы, минген аты, кылган жумушу – баары тең шаңдуу.

-Ооба, ооба, Толгонай. Ал күнү так ушундай болгон. Сен ал күнү таалай дегенди дагы тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың,Толгонай.

-Мен азыр да ал түшүнүгүмдөн айтмакмын. Мен азыр да ал күнкүнү түгөнгүс жомоктой айтам.

Аздан кийин  орокчулар жумушуна киришип, аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады. Бирок эртең мененкиден калган кубаныч улам жүрөктө талпынып, көңүлүмдү өстүрүп, салкын желди  сергитип турду. Көзүм көргөн, кулагым уккандардын бардыгы дүйнөнүн, жашоонун көркүн ачып рахаттандырды. Шыңгыраган ороктор, шуудурап жыгылган буудайлар, жагымдуу үн алышып жатса, нары жакта Касымдын комбайны, кирген суудай күркүрөп, «Оп майданын» жаңычасын ырдагандай, эгинди жапырып чаап жатты. **(Ч.А.)**

**3-көнүгүү. Тексттен мезгил тактоочту таап, кандай жолдор менен жасалганын жана кандай суроолорго жооп берерин айтып бергиле.**

Күзүндө Асан менен Үсөн жаңгак тергени токойго барышты. Бул токой чек арадан анча алыс эмес эле. Балдар бат-бат теришип, түштө өз идиштерин тез толтурушту. Бирок бир маалда токойдун арасынан бейтааныш адам чыга келди. Ал балдарга бат эле конфет сунду.

Бейтааныш адам анан балдардан дароо эле шаарга баруучу жолду сурады. Балдар болсо, жолду көрсөтүп беришти. Ал жол шаарга баруучу түз жол эмес эле. Бул адам шашып-бушуп, эрте эле жолго түштү. Асан болсо, дароо жашына калып, аны акмалап жөнөдү. Үсөн ылдам чуркап, заставага келди.

Бейтааныш адам кечинде кармалды. Көрсө, ал адам чек араны бузуп келген шпион экен.

**4-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, тактоочторду жасагыла. Тактоочтор кандай жолдор менен жасалды?**

1. Күндүзү бооруна жайылган малга, түн … жаркылдап оту күйгөн калың айылга көңүл тосот. 2. Баарынан шумдуктуусу өткөн жылы күз… тиги Кой-Таштагы окуя болду. 3.Кээде эрте келип түшкү … ат багууга кетет. 4. Жай … да, кыш … да өзүнүн жолдоштору менен ууга баратканда, мен да барайын десем жибербей койгон. 5.Күн … - түн … тынбай согушуп, биздин жоокерлер душманды артка чегинүүгө аргасыз кылышты. 6.Кышты - кыш … тынбай келип турду. Жайды- жай… Кара-Кужурда, Соң-Көлдө болдук.

**5-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ичинен тактоочтордун маанилерине карай бөлүнүшүн бөлүп жазып, эрежесин айтып бергиле.**

1.Дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов тирүү болгондо быйыл сексен жашка толмок. 2. Баятан кыштактын үстү жагында кызыл-тазыл болуп, обон жаңырткан кызуу эмгектеги кишилер, азыр бир жерге чогулушкан. 3.Максат бул аңгемесин күтүүсүз жерден баштаса да, атайылап тигил олтурган Мыскалды уксун деген эле. 4.Бул балдар үч айлык дем алышты бүтүп, кайра калаага окууга бара жаткандар. 5. Эгер «кыйын» деген биринчи сөз жөн гана кыйычылыкты билдирсе, экинчи «кыйын»-абдан кыйынчылыкты билдирди, ал эми үчүнчү шыбырап айткан «кыйын» - өтө эле өлгүдөй кыйын деген сөздөрүн ордуна жүрдү. 6. Каруусунан тайып калган кемпир араңдан зорго ат үстүнө чыкты. 7. Балким түндөсү келбей, күндүз келер. 8. Күндөрдүн бировинде сабактан кийин жаткан жерине үч бала келип калды. 9. Бир күнү Лиза ооруп калды. 10. Кечээ күнү Мамашариптин кызынын себин камдап бүттү. 11. Ар күнү түнкүсүн кароолго чыгышат. 12.Мурдагы күндүн аркы күнү бир жакшы түндүк жасап берейин деп, Алымкулдан бир тай алды.

**6-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна тактоочтордун карама-каршы маанисиндеги сөздөрүн жазгыла. Өзүңөр да бул катарды уланткыла.**

Өйдө …, жогору …, күндүз …, көп …, эртең менен …, жакын …, жакындап …, ичкери …, өөдө …, ылдам …, күнү …,жаңыча …, күндөп …, мурун …

**7-көнүгүү. Төмөнкү орун тактоочторду катыштырып сүйлөм түзгүлө. Алар кандай суроолорго жооп берип туганын аныктап, уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Сүйлөмдө кандай мүчөлүк милдет аткарып турганын байкагыла.**

Анда-мында, жогору, төмөнтөн, өйдөрөөк, алыс, жакындан, ылдый, артка, илгери, ары-бери, кийин, алда кайда, өйдө-төмөн, жакын, мында.

**8-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын-сыпат тактоочторду көчүрүп жазып, толук морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.**

1.Аскарлар ылдамдап келе жатышып, койчуларга бат эле жетип барышканын билбей да калышты. 2.Поезд саат алтыда келип, Кара-Балта вокзалына акырын токтоду. 3.Тойчубек менен Бурулчанын тезирээк келгенине алар ушунчалык сүйүнүштү. 4. Кокустан жамгыр катуу жаап калса, малчыларга кыйын болушу мүмкүн, ошол үчүн аларга бардык жакшы шарттар түзүлгөн. 5.Жамийла күндөгүдөн бүгүн бир азыраак кечигип келди. 6.Чоң атам куудай болгон сакалын жайынча гана сылап коюп, бизге кызык жомокторду айтып берчү. 7.Орусча көп окугандыктан, анын тили жатыгып калган эле. 8.Иштер көп, өзүбүзчө сүйлөшүп, анан жыйынтыгын сиздерге билдиребиз. 9. Анын мында тез келип, тез кеткенинен зарыл жумушу бар го деп ойлодук. 10.Койчу башын бир жагына азыраак кыйшайтып алып, мергенчинин аңгемесин таңданып укту.

**9-көнүгүү. Өзүңөр төмөнкү сан-өлчөм тактоочторду катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Канча? деген суроого жооп берген тактооч менен сан атоочтун айырмасын түшүндүргүлө.**

Көп, азыраак, ашык, мал, жалгыз, аз-аздан, көп-көптөн, ошончолук, такыр, мынча, ошончо, ушунча, ушунчалык, саал-паал, аз, кем.

**10-көнүгүү. Ырды көркөм окуп, мезгил жана сын - сыпат тактоочторду тапкыла. Алар сүйлөмдө эмне милдет аткарышты.**

Акылга жакшы китеп акыл салар,
Кыялдын жаман жагын тартып алар.
Өзүңдү өзүңө айтпай кайра жасап,
Сени ачкан колдоруна канааттанар.

Ардактуу ага-инилер, жан курбулар,
Жаңы өскөн, жайдары, ачык жаш муундар.
Силерге айта турган сөзүм ушул,
Ардайым китеп менен дос болуңар. **(А.О.)**

Азбы-көппү аткарар ишибиз бар,
Кеңби, тарбы, калтырган изибиз бар.
Жаратылыш закону «бирдей эмес»,
Жакын, алыс сезилген кишибиз бар.
Барда мактап, көз жокто күпүң айтып,
Деги кызык, кээ бирде ичибиз тар. **(Э.И.)**

## Тууранды жана сырдык сөздөр

**1-көнүгүү. Окуп чыгып, тууранды сөздөрдү тапкыла. Сүйлөмдөргө сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.**

1. Бул токойду толтурган шоокумдардын арасынан араң эле ажыратыла турган, алыстан бир калыпта кур-кур эткен добуш угулду. Алексей чочуп ойгонуп, жаздыктан башын көтөрдү да, тыңшап калды.

Очокто сууп бараткан таштар чымырайт, түн бою тыным албаган чегирткелер көңүл коштук менен анда-санда гана чыр-чыр этет, жер кепенин үстү жагынан сакалардын бир калыпта көшүлүңкү шыр-шыр эткен, кире берište жаздын салмактуу тамчыларынын тып-тып эткени угулат. Бирок ушулардын ичинен моторлордун күр эткен добушу ажыралып турат. Бул добуш бирде жакындан, бирде алыстан угулгандай болот. Алексейдин жүрөгү да дик-дик этип дүрүлдөй баштады. Ал

жүрөгүнүн лакылдаганынан чекесине, буттарына зырп-зырп этип берилип, көп тамырларынын дүүлүгүп согуп жатканын бүткүл турпаты менен сезди. Тыштан толкундуу үндөр, ашыгып баскан бирөөлөрдүн добушу угулуп жатты.

2. Айлана алай-дүлөй болуп, күн көз ачырбай жаап турат. Чагылгандын оту жарк-жарк этип, күндүн күркүрөгөнү бийик тоолорду камгактай кылып учуруп кетчү сыяктуу жер бетин солкулдатып, кулак-мээни тунжуратат.

**2-көнүгүү. Көчүрүп жазып, тууранды сөздүн астын сызгыла. Өзүңөр да ушундай сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

1. Арык боюнда жалбырактуу жалгыз түп талда конуп отурушкан топ каргалар Асан жакындаганда тобу менен дыр коюп уча качышты. 2. Алым, Мурат суудан кечип алышып, кара жолго түшүштү. Шарп-шурп камчыланып, кара жолдун топурагын буркуратып, асманга чыгарып, шаарга карай жүрүп кетишти.3. Күн аркан бою көтөрүлгөн кезде, Иван, Күмүш, Нуркасым базарга келишти. Базардын ичи кыжы-кужу этип, эл толгон.4. Бир кезде тарс-тарс деген үн чыгып, кандайдыр бир күчтүү жаңырык угулду. 5.Калың токойдон бир коён чыга келип, кулактарын серең-серең эттирип, жылт коюп көздөн кайым болду. 6.Ашканада бирөө кыбыр-сыбыр эткендей болуп, андан кийин жымжырт боло түштү. Эне аны тыңшап калды. 7. Вагондорду шака-шука эттирип сүйрөп келе жаткан паравоз, бир аздан кийин көлдүн жээгине келип токтоду. 8. Алымкул эшиктен тык эткен добушту угуп, бир азга сүйлөбөй тыңшап отурду.

**3-көнүгүү. Кара тамга менен басылган сөздөрдү тууранды сөздөрдүн түрлөрүнө карай ажыраткыла. Аныктамаларын айтып бергиле.**

1. Балдарды түз тургузуп коюп, Ашым **чык эттирип** сүрөткө тартып алды.2. Бийик аскадан **шар-шар** этип атырылып агып түшүп жаткан шаркыратманы балдар бир топко карап турушту. 3. Жапар Жумабайга жардамдашып, радиону коюшту да, ал бир аз **дыр-дыр** этип, шуулдап туруп сүйлөй баштады. 4. Карыя бир жалпак, кыска тактайды тамга тиреп алып, сүрүп жатат. Тамдын бооруна түшкөн анын көлөкөсү **эрбең-эрбең** этип, абышканы ээрчип, туурап, эмне иштесе, ал да ошону иштеп жаткан сыяктанат. 5. Эртең менен эрте, Касым жана

Азамат кетер замат, көздөрүн **алаң-салаң** эттирип, Канат терезени **тарс-тарс** эттирип чертти да, энени чакырды.6. Адегенде ири-ири тамчылар **тып-тып** этип, терезени черткилеп, тынч уйкуда мемиреп бараткан Динарды ойготту. Динардын көзү ачыла түштү да, акырын сурады:- Чоң эне, күн жаап жатабы?- Ооба, эркем. Эртең саякатка бара албай калдыңар, - деди эне. Үйдүн чатырына **дабыр-дабыр** этип бир нерсе түшүп жаткансыйт. Терезелердин туштарына тамган калың тамчы кулак тундуруп, **чулп-чулп** этет.7. Балдардын ары жагынан Окжетпестин **арс-арс** эткен үнүн Динар уккандан кийин, жүрөгү **дик-дик этип** эмне кыларын билбей калды. Тиги топ бадал жактан үркүп келе жаткан койлорду **жалт** карады.

**4-көнүгүү. Тууранды сөздөрдүн тыныш белгилерин коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Алардын коюлуш эрежесин түшүндүргүлө.**

1. Четки арыкта күн түшкөн айнектей жылт-жылт эткен чагылыш көрүндү. 2. Ашым газетаны окуй баштады эле, угуп отургандар тым-тырс боло түштү.3. Келген койчунун аягы дүпө-дүп этип, жер кыртышын солкулдаткансыйт.4. Алыста, жол четинде жер айдап жаткан кандайдыр бир трактордун гүр эткен үнү угулат.5. Кобур-кобур эткен сөздөр бирин-бири чакырышкан үндөр, тарс-тарс дабыштар угулуп турду. 6.Акундун баккан уйлары кыш-кыш этип онтосо, алда кайда угулат.7. Адегенде эшик тырс-тырс этип чиртилди да, тыштан Жаркын кирди.8. Сабыр сүйлөп бүткөндөн кийин, угуп отурган Омор акенин жаак териси бүлк-бүлк этип тартып, оозунан сөз чыкпай, түктүйө түштү.9. Эки жеңди карууга дейре түрүшүп, лом темирди күрс-күрс согуп, таш апарышып, Сабыр турду.10. Кечки салкын жел ар кимди эркелеткенсип, бетин сылады. Ага кошулуп бетегенин жүгүнгөнү деңиздин толкунундай шырп-шырп этип чайпалат.

**5-көнүгүү. Окуп чыгып тууранды сөздөрдү таап, алар сүйлөмдө кандай мааниде колдонулганын айткыла.**

1. Дыр этип бирине-бири сүйөнүп, койлор чокмороктошсо, зериккен ит аларга тийип качырып, борс-борс үрөт.2. Койлор тынч жайылып, Динардын көңүлү жай келе жаткан кез. Туурадан шабыр-шубур дабыш чыкты. Алды-артына карабай жанагы кара борук алаң-алаң этип эки жагын карап алып,

чымын-куюн түшүп артыкча коркуп баратат.3.Машина айланып өтчү боз тумшук да тең жара кесилген. Кесилген жерде бака-шака түшүп, кетмен, күрөктөрү күнгө жарк-жарк этип, жер ээлери иштеп жатышат.4. Ал колундагы Аскардын күндөлүгүнөн алыстан жылт-жылт эткен кичинекей чагылыш сыяктуу алда эмнелердин баянын түшүнгөндөй жоошуй баштады.5. Омор аке сөзүн сүйлөп бүтүп, карс этип күлүп койду. 6. Сабыр баштап, чоң эне менен Омор аке киришкенде, кең класс жык толгон окуучулар орундарынан турушту.

**6-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп, сырдык сөздөрдүн алдын сызгыла.**

1.Акман айрыдагы чөбүн көтөрүп келип, акырга салып, эң четки керди эркелетип:-Үү, Тентек кер!-деп атты акырга байлады**. (Т.С.)** 2.-Пай-пай- пай! – деп өз алдынча күңкүлдөйт карыя. **(Т.С.)** 3. Темирдин жанындагы адам ат менен бастырып, кекилик жок болгон таштын жанына барды да:-Ой, укмуш, оо! – дей берди, кубангансып, бажылдап, каткырып күлүп туруп, -Эки буту асманды карап калыптыр.- Атынан түшүп, кекиликти салбыратып, жогоруга көтөрүп, - Ой, акетай, Темиш, мойнун бычак менен мууздай салгандай! Ой,бали! Ушундай да дал тиет экен, ээ! Бали, азамат! **(Т.С.)** 4. Карыя адам жол менен өтүп бара жатканда, Жамгырчы аны көрө коюп:-Ой, аксакал, мында кайрыла кетиңиз!-деди. Аксакал жалт карап алып:-Ой-бой, ботом, сен Жамгырчысыңбы? Ий, сени көрбөй эле өтүп бара жаткан турбаймбы, бай-бай, карыган сайын эле, көздүн курчун жогото берет экен.**(Н.Б)** 5. «Кел!»- деп Жамалбек сокону жыга кыйкырганда, «соп-соп!»- деп Берен бороздо жүрүүчү күрөң өгүздү чапканда, ал өгүз башын калжаң эттире бир чулгуп алып, сол жагын көздөй имерилип барып борозго кайра түштү. **(Н.Б.)**

6. Бөк-бөк-бөк,
Бөдөнөм, бөдөнөм, бөдөнөм.
Турумтайдай көрүнгөн.
Бекер жатып, бекер жеп,
Беш пулуң жок төлөгөн. **(А.О)**

**7-көнүгүү. Төмөнкү сырдык сөздөрдү катыштырып эссе түзгүлө. Сезимдерди туюндурган мындай сөздөрдү өзүңөр да кошкула. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.**

Кап, бах, ой, бали, апей, ох, аттигинай ж.б.

**8-көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, сырдык сөздөрдү таап, аларды түрлөрүнө карата ажыратып айтып бергиле.**

1. –Ой, Петя, тетиги куурайлуу коктуда коён көп, жүрү – деди Аскар. **(Т.С.)** 2. Эх, биз жаңылган турбайбызбы, оң жакка түшүп кеткен экенбиз, бу жерде бөлөк айыл бар. **(Т.С.)** 2.Эне коомайсызданып:-Апей! Мен эмне болгонмун, далай убакыт болуп калгандыр, ээ? – деди. **(Т.С.)** 4. –Ох! Тартынбай сүйлөп жатат, ээ! - деп бир узун бойлуу жумушчу энени ийинге түртүп, сүйлөп жатты. **(М.Г.)**5. –Ий, чоң эне, бат эле чуркап кетпейби, теги кечигип калабыз эми. **(Т.С.)** 6. –Ай, чоң энем, чоң энем, ай, менин да көздөрүмдүн ыйлагысы келип кетти**.** **(Т.С.)** 7. –Ботом, Тойчубек, калтарга карачы, - деди Чүкөбай Тойчубекке. Тойчубек да түлкүнүн терисин колуна алып, ага үңүлүп карады. **(Т.С.)** 8. –Ой, Шамбет, ой, курбум, жеке эле иш билген башкарма эмес, уккулуктуу күү, уйкалышкан ырлардын ээси турбайсызбы, - дейт Элебес. **(Т.С.)** 9. –Пай-пай-пай, убакыт учкан куш, ээ! Карачы, чоң азамат болду. Сен ошону билесиңби, байбиче?-Апей, билбей анан. Абыкем биздин колдо чоңойбодубу, - дейт Ажар апа. **(Т.А.)**

**9-көнүгүү. Окуп чыгып, кара тамга менен берилген сөздөрдүн жазылышын, тыныш белгилердин коюлушун түшүндүргүлө. Сүйлөмдөрдүн бул сөздөр катышкан жана катышпаган варианттарын салыштырып көргүлө. Эмнени байкадыңар?**

1. **Пай-пай-пай**, эмне деген казына! Эмне деген байлык, - дейт Шамбет. **(Т.С.)** 2. **Ой тобо ай!** Ушундай да козу туулат экен. Ушунча жашка келгени мындай шумдукту көргөн жок элем – деп Чүкөбай таң калды. **(К.Б.)** 3. Зарыл көз алдындагы кең аңызга таңдана карады да: **-Ай-и-и-ий**, жеңе, ушунун баары бүгүн орулдубу?-Ананчы, Зарыл, - деди жайдары, Акия. **(Т.С.)** 4. – «Кош-кош!» деп кой тосуп, «Так-так!»деп жылкы кармап, тышта жүргөн койчулардын, жылкычылардын үндөрү угулат. **(К.Б.)** 5. – **Ай**, ушул турган талдай жашоого шыктуу жыгачты көрө албадым! – деди Сейитова.- Ооба, - деди Сабыр, - бутактары сыйда, түз чыгат. **Бах**, боз үйгө уук жасатса, табылбаган жыгач! Жеңил да бутактарынан кесип туруп сайып койсоң, кандай болбосун көктөй берет. **(Т.С.)** 6. –**Ай-ай**, Төлбашы!... **Ах,** сен эмне үчүн сүрөткө жакшы тартпайсың?

**Апей**, карачы такыр сага окшобой калды. Такыр өзүңдөй болбой калды,- деп дептерин Төлбашынын көзүнө жакын кармады.- **Ой-ой**, делдең кулак, – деди дептери менен Төлбашынын кулагын сыйпап, таарынып калдыңбы. Азыр жакшылап сүрөтүңдү тартам, – деп музоону тургуза баштады. Ал кадам шилтеп тура баштады. – Мына, баракелде, түз тур, беш минутага чыдап тургунуң. Азыр бүтүрөмүн, – деп Айгүл кайрадан убаралана баштады. **(Т.С.)**

**10-көнүгүү. Сүйлөм ичинде кездешкен сырдык сөздөрдүн тыныш белгилерин оозеки айтып бергиле**.

1. А,бали кеп мына ушунда.2. – Ботом. Нурбай, сен кайда кеттиң?-деп, Чүкөбай Нурбайга карады. **(К.Б).** 3. Тойчубек атынын чылбырынан кармап «чу-чу» деп, атын өз жагына тартты. **(К.Б.)** 4. Микола-Аскер боортоктоп жата калып тактанын алдына башын салып: -Ми, ми, ми – деп колун сунат. **(Т.С.)** 5. –Пай, пай, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го! **(Т.С.)** 6. Жутабай карыя чыныдагы ачкылды алып, ичип жиберип: -Бах, кычкыл болсо ушундай болсун!– деп, сакал-мурутун сылап койду. 7. –Бах, тынчтык заманда суу да кандай тунук агат. **(Т.С.)** 8. – Эй, жолдоштор! Кубангыла, электр жарыгы күйдү.9. –Ой-ой, түш ооп калган тура! Кана жолдоштор, тургула, жумушка чыгалык, - деди Жутабай. **(К.Б.)** 10. –Ой, Түлөбердинин баласы! Бери кел, айланайын. Эмне сен дагы кетип бара жатасыңбы? – деди аксакал киши. **(К.Ж.)**

## Кызматчы сөздөр

**1-көнүгүү. Ыр саптарындагы сөздөрдү сөз тутуму боюнча ажыраткыла. Кызматчы сөздөрдүн астын сызгыла.**

Чиркин өмүр кызык дагы, таттуу да,
Ыраазымын мен өзүмдүн бактыма.
Жамандыгым бетке айтсаң таарынып,
Көтөрүлбөйм, манчыркабайм жакшыма.
Ниетим таза, жүрөгүм ак адамга,
Бар дүйнөмдү тарткым келет астына.
Мүдүрүлүп чалынбасын бирөө деп,
Алып таштайм жолдо жаткан ташты да.

Түбү терең, жолу татаал илимдин,
Түйшүгүн тат, түпкүрүнө кирингин.
Кирген-чыккан көз токтотуп бир карар
Китеп турсун бир бурчунда үйүңдүн.
Анын ээси жазбагандыр зоок үчүн
Андай болсо максат менен үңүлгүн.
Арбын окуп салдым ээ деп кубанбай,
Аз болсо да билгениңе сүйүнгүн. **(Э.И.)**

**2-көнүгүү. Сүйлөмдөргө сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Кызматчы сөздөрдүн сүйлөмдө аткарган кызматын ачып бергиле.**

**3-көнүгүү. Таблицага 5-10дон мисал жазып, алардын ар бирине сүйлөмдөрдү түзгүлө.**

| **Байламталар** | **Бөлүкчөлөр** | **Жандоочтор** | **Модалдык сөздөр** |
|---|---|---|---|
| менен,… | го,… | дагы,… | арийне,… |

**4-көнүгүү. Жомокто кездешкен байламта, жандооч, бөлүкчөлөрдү ажыратып тапкыла. Кайсы түрү экендигин аныктагыла. Сүйлөмдөргө кызматчы сөздөрдү дагы кошуу менен текстти өз алдыңарча иштеп чыккыла.**

Илгери, илгери, өткөн заманда жан-жаныбар аманда өзү сулуу, акылдуу, адилеттүү, жакшы адам болгон экен. Анын аты **Сын атооч** болуптур. Муну чечмелесек, балдар, аты **Сын,** атасынын аты **Атооч** экен.

Күндөрдүн биринде өзүнүн эң жакшы көргөн кадырлаш, санаалаш достору **Сапаттык сын, Катыштык сын** жана балдары **Жай, Салыштырма, Күчөтмө, Басаңдатма** сындарды ээрчитип, **Морфология** деген өлкөгө саякатка чыгышкан дешет. Жай айы экен. Күн жылуу болуп, жумшак, коңур, салкын жел согуп туруптур. Айлана жымжырт болуп, кызыл-тазыл, агыш, көгүш, ар түрдүү гүлдөр менен курчалган экен.

Бийик тоого чыгышып, айланага көз чаптырышат. Тоонун этегиндеги аппак жана капкара мрамор менен салынган өтө бийик, абдан кооз Ак үйдү көрүшөт.

Алар аң-таң калышат. – Мындай үйдү ким салган? – дешип, бири-бирине суроо беришет. Анда акылдуу, токтоо Сын атооч ата ойлонуп туруп, бул жерде Зат атооч деген хан жашарын айтат.

Кеч кирип кеткендиктен, Ак үйгө барып конууну чечишет. Хан периштелери аркылуу алардын келерин билип, жолунан тосуп чыгат. Келген конокторду көрүп, абдан сүйүнүп кетет, себеби чоң Ак үйдө ханыша экөө гана жашашчу эле.

Конокторду кооз, узун, кенен, жасалгалуу үйгө киргизет. Сүйлөшүп отурушуп, **Зат атооч** хан мындай деп сөзүн баштайт:

-Ханыша, биз көптөн бери жалгыз жашап, жалгыз бойлуктун азабын көп тарттык. Эгер Сын атооч макул болсо, биз аны бала кылып, асырап алалы, чогуу, биргелешип жашайлы, -дейт.

Сын атооч буга макул болот да, бирге жашап калышат. Ошондон улам, заттын өңү-түсүн (**кызыл,сары, капкара, көк, жашыл**), көлөмүн (**чоң, кичине**), формасын (**тоголок, тегерек, сүйрү, ийри)**, даамын (**ачуу, таттуу, кычкыл**), сапатын (**жакшы, жаман, сулуу, кооз**) билдирип, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөр Сын атооч деп аталып калган экен.

Кийинчирээк Сын атооч ата дагы эки балалуу болуптур. Биринин атын Жөнөкөй, экинчисинин атын Татаал деп коюптур. Жөнөкөйүнүн аты бир сөздөн (**ак, сары, сонун, кооз, жашыл, күрөң ж.б.),** татаалынын аты эки же андан көп сөздөн (**ак саргыл, кара кочкул, кызыл ала, кара чаар, көк ала ж.б.)** куралыптыр.

Дагы бир кызыгы, балдар, кийинчирээк **Синтаксис** деген байдын жигити болгон аныктоочтун кызматын ушул күнгө чейин өз эрки менен аткарып калган дешет.

**5-көнүгүү. Модалдык сөздөрдүн классификациясына ылайык топторун жазып, ар бирине сүйлөмдөрдү, тексттерди ойлонуп жазгыла.**

**6-көнүгүү. Кызматчы сөз түркүмдөрүнүн түрлөрү боюнча табица, схема, кластерлерди түзгүлө. Ар бирине мисалдарды жазгыла.**

**7-көнүгүү. Кызматчы сөздөрдү катыштырып «Менин туулган жерим» деген темада дилбаян жазгыла.**

## Морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби

Сүйлөмгө морфологиялык талдоо эки багытта жүргүзүлөт:

**I. Сөздүн курамына карата ажыратуу;**

**II. Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо.**

Бул багыттар боюнча төмөнкүдөй системада талдоо жүргүзүү талапка ылайыктуу:

**I. Сөздү курамына (составына) карай ажыратуу (уңгу жана мүчөгө ажыратуу), уңгунун жана мүчөнүн түрүн аныктоо.**

**II. Сөз түркүмү боюнча талдоо. Сөздүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигин, ага берилүүчү суроосун, грамматикалык категориясын аныктоо.**

Мисалы, зат атооч, же сын атооч сөз түркүмүнө кирген сөздөрдү морфологиялык талдоодо төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылат:

1. Зат, же сын атоочту сөз составына карай ажыратуу керек. Эгерде ал уңгу түрүндө турса, аны белгилеп, эгерде мүчөнүн жардамы менен жасалса, кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалгандыгын аныктоо керек.

2. Сөздүн зат, же сын атооч сөз түркүмүнө кирерин, кайсы суроого жооп берип тургандыгын, зат атооч болсо, кайсы грамматикалык категорияга баш ийип тургандыгын (санын, жагын, таандыктыгын, жөндөмөсүн), энчилүү же жалпы ат экендигин аныктап, эгерде сын атооч болсо, кайсы даражада тургандыгын сапаттык, же катыштык сын экендигин талдоо керек. Эгерде ал затташкан (субстантивдешкен) сын атооч болсо, аны белгилөө керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн багыттар боюнча морфологиялык талдоо төмөндөгүдөй болот:

**Берекелүү күз мезгилинде мол түшүм жыйналды.**

**1) Сөздүн курамына карата ажыратуу:**

**Береке-лүү** -уңгусу-береке, -лүү-мүчөсү, сөз жасоочу мүчө, анын ичинен зат атоочтон сын атоочту жасоочу мүчө, -луу мүчөсүнүн өзгөргөн варианты;

**күз**-уңгу түрүндө турат;

**мезгил-и-нде-** мезгил-уңгусу, -и-сөз өзгөртүүчү, анын ичинен таандык категориянын III жагынын мүчөсү, -(н) де – уланды мүчө, жөндөмө мүчө, жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Эскертүү: III жактын таандык мүчөсү уланып турган сөз жөндөлгөндө, жатыш жөндөмөсүнүн –да мүчөсүнө «н» тыбышы кошулуп айтылат;

**мол**-уңгу түрүндө турат;

**түшүм** – уңгу түрүндө турат;

**жый-на-л-ды** –уңгусу-жый, -на (-ла)-сөз жасоочу, этиштен этиш жасоочу мүчө; -л-сөз өзгөртүүчү мүчө, этиштин туюк мамилесинин (-ыл) мүчөсү; -ды-сөз өзгөртүүчү мүчө, этиштин өткөн чагын уюштуруучу мүчө.

**2) Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо:**

**Берекелүү** – сын атооч сөз түркүмүнө кирет. Кандай? деген суроого жооп берет, катыштык сын, жай даража;

**күз-**зат атооч сөз түркүмүнө кирет, эмне? деген суроого жооп берет, жалпы ат, түзүлүшү боюнча жөнөкөй, атооч жөндөмөсүндө турат;

**мезгилинде** – зат атооч, эмнесинде? деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй, жатыш жөндөмөсүндө турат;

**мол** – сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, сапаттык сын, жай даража;

**түшүм** – зат атооч, эмне? деген суроого жооп берет, жалпы жөнөкөй, атооч жөндөмөсүндө турат;

**жыйналды** – этиш сөз түркүмүнө кирет, эмне кылды? деген суроого жооп берет, жөнөкөй, өткөн чакты билдирип турат.

Эгерде сүйлөмдөгү сөздөргө **толук морфологиялык талдоо** жүргүзсөк, анда төмөнкүдөй болот:

**Жакшы адамдын белгиси - эл камы үчүн күйүнөт.**

1. **жакшы** –уңгу түрүндө турат; **жакшы** – сын атооч, кандай? деген суроого жооп берет, сапаттык сын, жай даражада турат.

2. **адамдын** – **адам**-уңгусу, **-дын** мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө, илик жөндөмөнүн мүчөсү; **адамдын** – зат атооч; кимдин? деген суроого жооп берет; жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик сан, илик жөндөмөсүндө турат.

3. **белгиси** – **белги**-уңгусу, **-си**-мүчөсү, таандыктын III жагынын мүчөсү, сөз өзгөртүүчү мүчө; **белгиси** – зат атооч, эмнеси? деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик санда, атооч жөндөмөсүндө турат.

4. **эл**-уңгу түрүндөгү сөз; **эл** – зат атооч, ким? деген суроого жооп берет, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, илик жөндөмөсүнүн –нын мүчөсү түшүп айтылды (элдин камы).

5. **камы- кам-**уңгусу, **-ы-** сөз өзгөртүүчү мүчө, таандыктын III жагынын мүчөсү; **камы**-зат атооч, эмнеси? деген суроого жооп берип турат, жалпы ат, жөнөкөй зат атооч, жекелик санда, таандыктын III жагы, атооч жөндөмөсүндө.

6. **үчүн-**кызматчы сөз, жандооч;

7. **күйүнөт-** этиш, эмне кылат? деген суроого жооп берет, **күй-** уңгусу, **-үн-** этиштин мамиле мүчөсү, сөз өзгөртүүчү (уланды) мүчө; **-ө-**чакчылды уюштуруучу мүчө; **-т-**этиштин III жагынын мүчөсү, келер чакты билгизет, III жакта турат.

**Морфологиялык талдоого мисалдар:**

Ташкын суу кечүүсүз болбойт.
Опсуз баатыр жоого түшөт.
Аңкоо бала атасына асылат,
Аңкоо кыз энесин коркутат.
Калпычы киши элге ишенбейт.
Узун тил уудан жаман.
Улуу сөздө уят жок.
Улуу үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят.
Жакшы кыздын башында бермет менен шуру ойнойт,
Жаман кыздын башында сирке менен бит ойнойт.
Жакшы киши ооруса тойго барып келгендей,
Жаман киши ооруса көрдөн туруп келгендей.
Жакшы мал жанга аралжы,

Жакшы дос малга аралжы.
Дөөлөттүү адам так болот,
Жашында жигит шок болот.
Билимдүү минди жыгат, билимсиз бирди жыгат.
Эптүү уулдан септүү уул туулат.
Эптүү зайып жартыны бүтөйт, кысканы узартат.
Энелүү баланын өзү ток, энесиз баланын көзү ток.
Тоолуу жердин бөрүсү - ойлуу жердин уурусу.
Тоолуу жер карсыз болбойт.
Тектүү жер - намыстуу эл.
Талаалуу жерде тоо болбойт,
Жакшы элде доо болбойт.
Уруулуу журт -уялуу жыгач.
Дүйнөдө баарынан сөз салмактуу, сөз күчтүү.
Куттуу уйдөн куру чыкпа.
Тоо ташсыз болбойт,
Эл башсыз болбойт.
Тооксуз эле таң атат.
Жакшы бала эшикте калган ата-энесин төргө чыгарар,
Жаман өскөн бала төрдөгү ата-энесин сыртка чыгарар.
Жазгы суук жандан өтөт.
Жазгы этте жазык жок.
Адам алсызы урушчаак.
Баарынан кан улук.
Баарынан өкүнүч жаман.
Жаа сынарында катуу, суук чыгарында катуу.
Тышы - жылтырак, ичи - калтырак.
Аманат жанга өлүм ак.
Мээнет деген жалпак, аны көтөрүүгө күч керек.
Тарбия көп кырдуу, таалим көп сырдуу.
Нандын ысыгы жакшы, сөздүн бышыгы жакшы.
Ойдун да, бойдун да ортосу жакшы.
Базар барга таттуу, жокко ачуу.
Бала, баланын иши чала.
Бетке айткандын жүзү жарык.
Душмандын сырты жылма, ичи кара.
Душмандын сөзү жылуу, боору таш.
Дүйнөдө жан таттуу.

Балалуу үйдө бакыт бар.
Балалуу үй - күлкүнүн куту,
Баласыз үй - кубанычтын жуту.
Бетегелүү жер жакшы,
Пейли жакшы эл жакшы.
Акылдуу элге тартат,
Акмак тууганына тартат.
Жакшыга жүрүм жок, жаманга өлүм жок.
Жакшыга жалынсан жан калат,
Жаманга жалынсан бир кашык кан калат.
Жакшыга акыл айтсан таап алгандай сүйүнөт,
Жаманга акыл айтсан алдап алчудай күйүнөт.
Жакшыга акыл айтсан билет,
Жаманга акыл айтсан күлөт.
Жакшыга да бир ата, жаманга да бир ата.

## Тесттик тапшырмалар

### 1-вариант.

1. Морфологиянын изилдөө объектилери кайсылар?
   А.Тыбыш, тамга, фонема
   Б.Сөз, сөз айкашы
   В.Сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрү
   Г.Сөз түркүмдөрү, сөз составы
   Д.Сингармонизм закону
2. Сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн 3 принциби бар. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы ашыкча?
   А. Семантикалык
   Б. Алфавиттик
   В. Морфологиялык.
   Г. Синтаксистик.
3. Зат атоочтун категориялары кайсылар?
   А. Мамиле, ыңгай, чак
   Б. Сан, жөндөмө, жак, таандык
   В. Даража
   Г. Атоочтук, чакчыл
   Д. Катыштык, сапаттык
4. Мен, сен, ал деген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?
   А. Ат атооч
   Б. Зат атооч
   В. Тактооч.
   Г. Этиш.
   Д. Сырдык сөз
5. «Бирге жүрөм эне тилин кадырлайм,
   Бул тил менен иштейм,сүйлөйм, ыр ырдайм» деген ыр саптарында белгиленген сөздөр кайсы сөз түркүмүндө ?
   А. Зат атооч
   Б. Сын атооч
   В. Этиш
   Г. Тууранды сөз
   Д. Жандооч

6. **Бирөө, экөө, үчөө, төртөө** деген сөздөр сан атоочтун кайсы түрүнө кирет?

А. Эсептик

Б. Иреттик

В. Бөлчөк

Г. Чамалама

Д. Жамдама

7. **-лар** мүчөсү кандай мүчө?

А. Жак

Б. Жөндөмө

В. Чак

Г. Көптүк

Д.Таандык

8.Тактоочтор боюнча терең изилдөө жүргүзгөн окумуштуу ким?

А. С.Кудайбергенов

Б. Т.Ахматов

В. С.Давлетов

Г. А.Иманов

Д. К.Юдахин

9. **Менен, жана, анткени** деген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А.Тактооч

Б. Этиш.

В. Жандооч

Г. Байламта

Д. Сан атооч

10. Катыштык сын атооч катышкан сөз айкашын тапкыла.

А. Айылдык китепкана

Б. Сулуу кыз

В. Жакшы адам

Г. Чоң үй

Д.Терең көл

## 2-вариант

1. Кыргыз тили чыгыш теги боюнча кайсы тилдердин тобуна кирет?

А. Индоевропа

Б. Угро-фин

В. Иберий - кавказ

Г.Түрк

Д. Славян

2. Сөздүн маани берүүчү бөлүгү эмне деп аталат?

А. Мүчө

Б. Фонема

В Тыбыш

Г. Уңгу

Д. Муун

3. Жөндөмө, сан, жак мүчөлөрү мүчөнүн кайсы түрүнө кирет?

А. Сөз жасоочу

Б. Сөз өзгөртүүчү

В. Атоочтук жасоочу

Г. Форма жасоочу

Д. Чакчылды уюштуруучу

4. Сын атоочтун категориясы кайсы?

А. Жөндөмө

Б.Таандык

В. Даража

Г. Сан

Д. Мамиле

5. **Эч ким, эч нерсе, эч канча** деген сөздөр ат атоочтун кайсы түрүнө кирет?

А. Таңгыч

Б. Аныктама

В. Жактама

Г. Күдүк

Д.Шилтеме

6. Этиштин өзгөчө формалары болуп атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор эсептелет: **-ган, -ар, -бас** деген мүчөлөр кайсы форманы уюштурат?

А. Чакчылды

Б. Кыймыл атоочту

В. Көптүк санды

Г. Атоочтукту

Д. Жак таандыкты

7. «Кош -кош деп койлорду короодон чыгарат, Өш-өш деп уйларды өзөндөн сугарат». Асты сызылган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А. Байламта

Б. Тууранды сөз

В. Сырдык сөз

Г. Кызматчы сөз

Д. Жандооч

8. Таандык мүчөлөрдү көргөзгүлө.

А. -са, -ба, -бы

Б. -лар, -ла, -а

В. ын, -ыл, -ыш, -каз

Г. -ым, -ын,- ыныз, -сы, -ы

Д. -ган,- ар, -бас, -оочу, -уучу

9.Кыргыз тилинин морфологиясын изилдеген окумуштуу ким?

А. К.К.Сартбаев

Б. А.Иманов

В. С.Сыдыков

Г. С.Давлетов

Д. Э.Абдулдаев

10. **Аябай көп, абдан кооз** деген сын атоочтор кайсы даражада турат?

А. Жай

Б. Салыштырма

В. Чамалама

Г. Басаңдатма

Д. Күчөтмө

**3-вариант**

1. Сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн канча принциби бар?

А. 5
Б. 3
В. 6
Г. 2
Д. 4

2.Этиштин категориялары кайсы?

А. Ыңгай, мамиле, сан, чак, жак
Б. Жөндөмө, сан, жак, таандык
В. Даража, ыңгай, мамиле
Г. Таандык, чак, жөндөмө
Д. Мамиле, ыңгай, жөндөмө

3.**Бүгүн, эртен, кеч, төмөн, жогору** деген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А. Зат атооч
Б. Сын атооч
В. Сан атооч
Г. Этиш
Д. Тактооч

4. Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар?

А. 5
Б. 6
В. 7
Г. 4
Д. 3

5**.-ган, -ар, -бас,-оочу, -уучу** деген мүчөлөр эмне мүчөлөр?

А. Көптүктү билдирүүчү
Б. Жөндөмө
В. Атоочтук жасоочу
Г. Сын атооч жасоочу
Д. Чакчыл мүчө

6. Катыштык сын атооч катышкан сөз айкашын тапкыла.

А. Бийик тоо
Б. Айылдык кыз
В. Терең көл
Г. Ак барак
Д. Калың китеп

7. **¼, 0,5, ½** деген сан атоочтор кайсы топко кирет?

А. Эсептик
Б. Иреттик
В. Жамдама
Г. Топ
Д. Бөлчөк

8. **Го, ыя** деген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А. Тактооч
Б. Байламта
В. Бөлүкчө
Г. Сын атооч
Д. Жандооч

9. Сын атооч боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштуу ким?

А. Б.Үмөталиева
Б. С.Давлетов
В. С.Кудайбергенов
Г. А.Турсунов
Д. Ж.Мамытов

10. **«Жакшыга жанаш, жамандан адаш»** деген макалдагы зат атооч сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

А. Ээ
Б. Баяндооч
В. Аныктооч
Г. Толуктооч
Д. Бышыктооч

## 4-вариант

1. Этиштин канча чагы бар?
   А.5
   Б.3
   В.2
   Г.6
   Д.10

2. Ж.Мураталиева морфологиянын кайсы бөлүгүн изилдеген?
   А. Бөлүкчөлөр
   Б. Сан атоочтор
   В. Жандоочтор
   Г. Сын атооч
   Д.Тактоочтор

3. Сөздүн тутумундагы жаңы маанини уюштуруучу мүчө.
   А. Уңгу
   Б. Куранды
   В. Уланды
   Г. Фонема
   Д. Морфема

4. Кыргыз тили тилдердин морфологиялык классификациясы боюнча кайсы топко кирет?
   А. Флективдүү
   Б.Агглютинативдүү
   В.Полисинтетикалык
   Г. Аморфтук

5.Жөндөмө мүчөлөрү мүчөнүн кайсы түрүнө кирет?
   А. Сөз өзгөртүүчү
   Б. Сөз жасоочу
   В. Форма жасоочу
   Г. Чакчылды уюштуруучу
   Д. Көптүк мүчө

6. «Жаман адам белгиси - өз камы үчүн күйүнөт,
Жакшы адам белгиси -эл камы үчүн жүгүрөт».
Асты сызылган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?
А. Тактооч
Б. Сын атооч
В. Ат атооч
Г. Зат атооч
Д. Сырдык сөз

7. Жөндөлүштүн канча тиби бар?
А.7
Б.5
В.3
Г.2
Д.1

8. **Агыш, көгүш, саргылт** деген сын атоочтор кайсы даражада турат?
А.Жай
Б.Күчөтмө
В.Салыштырма
Г.Басаңдатма

9. **Балким, арийне, ырас, албетте** деген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?
А.Сырдык сөз
Б.Тууранды сөз
В.Модалдык сөз
Г.Кызматчы сөз
Д.Тактооч

10.Сан атооч заттын эмнесин билдирет?
А. Кыймыл- аракетин
Б. Атын, санын
В. Санын, иретин
Г. Даамын
Д. Өңүн, иретин

**5-вариант**

1. Сөз түркүмдөрүн, сөз курамын тил илиминин кайсы бөлүмү окутат?

А. Синтаксис
Б. Фонетика
В. Морфология
Г. Лексика
Д.Фразеология

2. Сөздүн маани бербөөчү бөлүгү эмне деп аталат?

А. Мүчө
Б. Уңгу
В. Сөз
Г. Сүйлөм
Д. Сөз айкашы

3. **–дан** кайсы жөндөмөнүн мүчөсү?

А. Илик
Б. Барыш
В. Жатыш
Г. Чыгыш
Д. Атооч

4. **Экинчи, бешинчи, жетинчи** деген сөздөр сан атоотун кайсы тобуна кирет?

А. Топ сан
Б. Чамалама
В. Эсептик
Г. Бөлчөк
Д. Иреттик

5. «Көп түкүрсө көл болот, Көл толкуса сел болот». Белгиленген сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А. Сын атооч
Б. Ат атооч
В. Этиш
Г. Зат атооч
Д. Байламта

6. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы этиштин категорияларына кирбейт?

А.Ыңгай

Б.Мамиле

В.Жөндөмө

Г.Чак

Д.Жак

7. Көптүктү билдирүүчү –лар мүчөсүнүн канча варианты бар?

А. 7

Б. 12

В. 5

Г. 10

Д. 3

8. Өткөн чактын түрлөрү кайсылар?

А. Адат, капыскы, жалпы, айкын

Б.Этиш унгулуу, атооч унгулуу

В. Белгисиз, айкын, алыскы, жакынкы

Г. Айкын, арсар

Д. Учур чак, келер чак

9.Сырдык сөздөрдүн түрлөрү кайсылар?

А. Сезимдик, эрктик, турмуштук

Б. Күчөткүч, чектегич, ырастагыч

В. Аныктагыч, бышыктагыч

Г. Маани берүүчү, маани бербөөчү

Д. Табыш тууранды, элес тууранды

10. Б.Орузбаева тил илиминин кайсы тармагын изилдеген?

А. Этиштин чакчыл формалары

Б. Сырдык сөз

В. Зат атооч

Г. Сөздүн тутуму, сөз жасоо

Д. Сын атооч

## «Азыркы кыргыз тилинин морфологиясы» боюнча текшерүү иштин темалары

1. Грамматика. Морфология жана синтаксис.
2. Грамматикалык маани,алардын түрлөрү.
3. Грамматикалык маани берүүчү каражаттар.
4. Грамматикалык категория.
5. Сөз формалары. Грамматикалык форма.
6. Сөз жана анын тутуму. Унгу, куранды, уланды.
7. Сөз түркүмдөрү. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүнүн принциптери.
8. Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрү, алардын бөлүнүшү.
9. Зат атооч тууралуу жалпы түшүнүк.
10. Зат атоочтун лексика-тематикалык топтору.
11. Конкреттүү, абстракттуу заттар.
12. Энчилүү жана жалпы аттар.
13. Адамзаттык жана адамзаттык эмес заттар.
14. Сан категориясы.
15. Таандык категориясы.
16. Жөндөмө категориясы. Жөндөмөлөр, алардын маанилери.
17. Жөндөлүш. Жөндөлүштүн типтери.
18. Зат атоочтун жакталышы.
19. Зат атоочтун жасалышы.
20. Сан атооч тууралуу жалпы маалымат.
21. Сан атоочтун бөлунүшү.
22. Сапаттык сын. Сапаттык сын атоочтун тематикалык топтору.
23. Катыштык сын. Сапаттык сын атоочтордон алардын айрымасы.
24. Сын атоочтун даражалары.
25. Заттанган сын атоочтун өзгөрүшү.
26. Сын атоочтун жасалышы.
27. Сан атооч тууралуу жалпы түшүнүк.
28. Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор.
29. Сан атоочтун түрлөрү
30. Жөндөмөлөр.

31. Атооч жөндөмөнүн синтаксистик аткарган кызматы.
32. Мейкиндик жөндөмөлөр.
33. Илик жөндөмө, анын варианттары.
34. Таандык мүчөлөр. Жак таандык. Жалпы таандык.
35. Зат атооч, этиш сөздөрдүн жак мүчөлөрү менен өзгөрүшү.
36. Жөндөлүштүн типтери.
37. Үндүү жана үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшү.
38. Таандык уланды менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшү.
39. Ск, нк, фк, нг менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшү.
40. Сын атооч менен атоочтуктун окшоштугу, айырмачылыгы.
41. Атоочтук, арсар келер чактын окшоштугу, айырмачылыгы.
42. Атоочтуктун сүйлөмдө аткарган кызматы.
43. Кош сөз менен кошмок сөздүн айырмасы.
44. Кош сөздөрдүн жасалышы.
45. Сын атооч менен зат атоочтун сүйлөмдө аткарган кызматы.
46. Зат атоочтун сан категориясы менен өзгөрүлүшү
47. Ат атоочтордун маанисине карай бөлүнүшү.
48. Этиш.
49. Жөнөкөй жана татаал этиштер.
50. Негизги жана жардамчы этиштер.
51. Өтмө жана өтпөс этиштер.
52. Этиштин мамилелери.
53. Негизги, өздүк, туюк мамиле.
54. Кош, аркылуу мамиле. Аркылуу мамиленин мүчөлөрү.
55. Этиштин ыңгайлары.
56. Каалоо-тилек, шарттуу ыңгай.
57. Баяндагыч, тилек ыңгай.
58. Этиштин чак категориясы, бөлүнүшү.
59. Этиштин өзгөчө формалары.
60. Атоочтуктар.
61. Атоочтуктардын сүйлөмдө аткарган кызматы.
62. Чакчылдар.
63. Чакчыл түрмөктөр.

64. Кыймыл атоочтор.
65. Этиштин сүйлөмдө аткарган кызматы.
66. Атоочтуктар менен сын атоочтун окшоштугу, айырмасы.
67. Тактооч.
68. Тактоочтун грамматикалык категориялары.
69. Тактоочтун бөлүнүшү.
70. Тактоочтун сүйлөмдө аткарган кызматы.
71. Тактоочтун даражалары.
72. Тактооч менен сын атоочтун окшоштугу, айырмасы.
73. Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү.
74. Өзгөчө сөз түркүмдөрү.
75. Тууранды сөздөр, алардын бөлүнүшү.
76. Сырдык сөздөр.
77. Кызматчы сөздөр, алардын бөлүнүшү.
78. Байламталар.
79. Жандоочтор.
80. Байламта менен жандоочтун окшоштугу, айырмасы.

## Пайдаланылган адабияттар


1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. (Морфология). - Бишкек, 1997.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тили. - Бишкек, 2003.
3. Абдулдаев Э., Давлетов С. Кыргыз тили. (Désinstituttardyn педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби). - Фрунзе, 1986.
4. Азыркы кыргыз тили. (Сөз түркүмдөрү. 2-бөлүм).- Фрунзе, Кыргызмамбас,1958.
5. Батманов И. А. Части речи в киргизском языке. Фрунзе, 1936.
6. Грамматика киргизского литературного языка. (1 часть. Фонетика и морфология).- Фрунзе: 1987.
7. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. (Морфология). - Фрунзе, 1980.
8. Дыйканов К. Имя существительное в киргизском языке. - Фрунзе, 1955.

9. Дыйканов К. Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары. - Алматы, 1990.

10. Дыйканов К. Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрү жөнүндө. //Мугалимдерге жардам, 1955. -№ 11.

11. Дыйканов К. Кыргыз тилинин таблицалары. - Фрунзе, 1971.

12. Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси, Фрунзе, 1975.

13. Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б. Кыргыз тили. (2-бөлүк, Синтаксис). - Фрунзе, 1973.

14. Жапаров А. Азыркы кыргыз тили: (Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси) 1 -2-бөлүм, - Фрунзе, 1966.

15. Ибрагимов С. Кыргыз тилинин синтаксисти. - Бишкек, 2001.

16. Иманалиев С., Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Фрунзе, 1983.

17. Исаев Д., Кудайбергенов С., Үсөналиев С. Кыргыз тили 1-бөлүк. Морфология. Ү-ҮІІ класстар үчүн. - Фрунзе, 1990.

18. Карасаев Х. Орфографиялык сөздүк. -Фрунзе, 1966.

19. Карымшакова А. Частицы в современном кыргызском языке. Бишкек, 1998

20. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы. - Фрунзе, 1957.

21. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги таандык категориясы. (Тарыхый грамматиканын материалдарынан).- Фрунзе, 1961.

22. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. (1-бөлүм. Фонетика жана морфология). - Фрунзе, 1980.

23. Кыргыз тилинин грамматикасы. (Морфология). -Фрунзе, 1964.

24. Кыргыз тилинин грамматикасы. (1-бөлүм). -Фрунзе, 1982.

25. Мукамбаев Ж., Осмонкулов А. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү. - Фрунзе, 1978.

26. Мураталиев М. Сөз тарыхынан баян. - Бишкек, 1995.

27. Мураталиев М. Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар. -Фрунзе, 1959.

28. Мураталиева Ж. Послелоги в киргизском языке.- Фрунзе, 1958.

29. Мураталиева Ж. Морфологияны синтаксистин негизинде талдоонун жолдору.- Фрунзе, 1982.

30. Орузбаева Б. Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер. (Кыскача маалымат). -Фрунзе, 1958.

31. Орузбаева Б. Словообразование в киргизском языке. – Фрунзе, 1964.

32. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуу. - Фрунзе, 1979.

33. Пословицы и поговорки кыргызского народа. – Б., 1997.

34. Садыков Т. Основы кыргызской фонологии и морфонологии. – Б,1992.

35. Сартбаев К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Фрунзе, 1978.

36. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков: морфология. М , 1988.

37. Тойчубекова Б. Азыркы кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр. - Фрунзе, 1983.

38. Токтосунов М. Зат атоочтун лексикалык мааниси жана грамматикалык белгиси. // Кыргыз мектептериндеги мугалимдердин тажрыйбаларынан. - Фрунзе, 1960.

39. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы.- Бишкек, 1996.

40. Үсөналиев С. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. 1-2-бөлүк. – Фрунзе: Мектеп, 1975.

41. Шүкүров Ж.Ш. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр. - Фрунзе, 1955.

42. Юнусалиев Б.М. Киргизский язык. // Языки народов СССР. (2-том. Тюркские языки.) - Москва, 1966.

# МАЗМУНУ


Баш сөз .................................................................... **3**

**1-лекция ................................................................... 4**

Тема: Кыргыз тилинин грамматикасы .......................................... 4

**2-лекция ................................................................... 9**

Тема: Кыргыз тилинин морфологиясы, анын изилдөө объектилери ................... 9

**3-лекция ................................................................... 15**

Тема: Сөздүн тутуму .........................................................15

**4-лекция ................................................................... 20**

Тема: Сөз жасоо .............................................................20

**5 – лекция ................................................................. 27**

Тема: Зат атооч .............................................................27

**6-лекция ................................................................... 35**

Тема: Сын атооч .............................................................35

**7 – лекция ................................................................. 48**

Тема: Сан атооч .............................................................48

**8-лекция ................................................................... 54**

Тема: Ат атооч ..............................................................54

**9-лекция ................................................................... 61**

Тема: Этиш ..................................................................61

**10-лекция .................................................................. 69**

Тема: Тактооч ...............................................................69

**11-лекция .................................................................. 75**

Тема: Кыргыз тилиндеги сырдык жана тууранды сөздөр ......75

**12-лекция .................................................................. 80**

Тема: Кызматчы сөз түркүмдөрү ...............................................80

**Практикалык машыгуу үчүн көнүгүүлөр ......................................... 90**

Морфологиялык талдоо жүргүзүүнүн тартиби ....................129

Тесттик тапшырмалар ........................................................134

Текшерүү иштин темалары .....................................................144

Пайдаланылган адабияттар ....................................................146

**А. Акунова, Б. Чокошева, Г. Эшимбекова**

**АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ. МОРФОЛОГИЯ**

(Кошумча окуу куралы)

Басууга 21.05.2009-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16
Көлөмү 9,27 б.т.
Офсеттик кагаз
Тиражы 300

«Maxprint» басмаканасы, Бишкек шаары, Чубак көчөсү 30